

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

Монография

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

Монография

**Бишкек- 2024**

**УДК 364-78(07)**
**ББК 60.993.73**
**С 765**

**Авторлор:**
Жуматаева А.С., Койлубаева Б. К., Муратбаев Б. Б., Таирова К.А., Умарова Р. Н.

**Жооптуу редактору**:
**Акматали Алимбеков** - Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору

**Рецензенттер:**
**Сулайман Рысбаев -** КББАнын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор
**Инабат Даминова** - ОшМПУнун педагогика кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**С 765** **Кыргыз элинин салттык педагогикалык баалуулуктары:** монография / жооп. ред. А. Алимбеков. – Б.: "Улуу Тоолор", 2024. – 116 б.

Монографияда кыргыздын салттык педагогикалык маданиятындагы тарбиялоонун түрдүү баалуулуктары боюнча илимий изилдөөлөрдүн материалдары орун алган. Изилдөөчүлөргө, аспиранттарга, магистранттарга жана гуманитардык багыттагы адистиктердин студенттерине, мугалимдерге арналат.

**УДК 364-78(07)**
**ББК 60.993.73**

© Жуматаева А.С., ж.б. 2024

# МАЗМУНУ


**Кириш сөз** .......... 4

**Биринчи бөлүм** .......... 6

**КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ БАЛДАРДЫ УЛУУЛАРДЫ УРМАТТООГО ТАРБИЯЛООГО БАЙЛАНЫШТУУ БААЛУУЛУКТАРЫ (Жуматаева А.С.)** .......... 6

**Экинчи бөлүм** .......... 28

**КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ ЖАШТАРДЫ ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛОО БААЛУУЛУКТАРЫ (Койлубаева Б. К.)** 28

**Үчүнчү бөлүм** .......... 50

**КЫРГЫЗДАРДЫН БАЛДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ (Муратбаев Б. Б.)** .......... 50

**Төртүнчү бөлүм** .......... 72

**КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ БАЛДАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАР (Таирова К.А.)** .......... 72

**Бешинчи бөлүм** .......... 93

**КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ КЫЗ БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУНУН ИДЕАЛЫ (Умарова Р. Н.)** .......... 93

**КОРУТУНДУ** .......... 116

## Кириш сөз

Салттык педагогикалык маданият улуттун руханий турмушунун ажырагыс бөлүгү. Салттык педагогикалык маданиятсыз улут болбогондой эле улутсуз педагогикалык маданият да болбойт. Кылымдап калыптанган педагогикалык маданиятынын уңгулуу баалуулуктарын таанып, жаңы социалдык шарттарда улап иштетип кете албаган улут түрдүү саясий идеологиялык догмалардын толкунуна туруштук бере албай, тамыры бошоп, ата бабаларынын нарктарын келечек муундарга өткөрүп берүү парызын татыктуу аткара албай калышы мүмкүн. Бүгүн улуттук нарктуулукка тарбиялоо практикасы кезектеги карама каршылыктарды баштан кечирүүдө. Бир тараптан өлкө Президентинин деңгээлинде таалим-тарбия ишинин мазмунун элдин тарыхый эс тутуму менен өткөн доорлордун социалдык практикасында калыптанган асыл нарктарга негиздөө аракети жанданса, экинчи тарапта сырттан таңууланган массалык маданияттын терс таасирине жана улуттун өзүнүн айрым өкүлдөрү тарабынан урпактарын улуттук нарктарга ээ кылууга «кайдигерлик синдромуна» каршы күрөшүү олуттуу сыноо катары ортого чыкты.

Тарыхый өнүгүүнүн айныгыс мыйзамы ушул улут улут болуш үчүн, ар бир инсан өз улутунун руханий баалуулуктарынын муундан муунга нукура уланткычы, ташыгычы (носитель) болушу үчүн ошол маданият менен жеке инсан ортосунда тынымсыз эриш аркак, субьект - субьекттик мамиле болушу шарт. Ата тегинин “каны”, табийгый өнүгүү данектери (зародыш) баланын тагдырында абсолюттук чечүүчү мааниге ээ боло албайт. Улуттук нарк дөөлөттөр кан аркылуу өтпөйт. Төрөлө элек бала эч бир улутка таандык эмес. Айталы ата-энесинин таза кыргыз болгону эч убакта баласынын сөзсүз кыргыз болуп калыптанышынын кепилдиги боло албайт. Тагыраак, айтканда инсан улуттун өзөгүн түзгөн руханий

баалуулуктарды сактоочу, өздөштүрүүчү, өнүктүрүүчү, жүрүм- -турумунда жетекчиликке алып ошол баалуулуктар үчүн жашагандай таалим-тарбия чөйрөсүн түзүү зарыл. Ансыз улутту түзгөн атрибуттар өзүнөн өзү ыдырайт, өзүнөн өзү бузулат, чачырайт, кулайт.

Мындай социалдык педагогикалык кризистердин шартында улуттук маданияттагы уңгулуу салттык баалуулуктарды изилдөө, таануу өзгөчө актуалдуу. Биз тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө азыркы абал мектеп мугалимдеринин улуттук нарктарга тарбиялоону каалабагандыктарынан эмес, мугалимдер, ата энелер үчүн үчүн улуттук руханий адептик баалуулуктардын маңызын, мазмунун таануу үчүн булактардын аздыгынан улам жаралып жатканы айкын болгон.

Сунушталган коллективдүү монография илим менен практикадагы дал ушундай кементени толтуруу ниети менен жаралган. Монографиянын материалдары авторлордун көп жылдар аралыгында ишенимдүү методдор аркылуу жүргүзгөн изилдөөлөрүнө негизделген.

**Акматали Алимбеков** - Кыргыз -Түрк “Манас” университетинин педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору

## Биринчи бөлүм

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ БАЛДАРДЫ УЛУУЛАРДЫ УРМАТТООГО ТАРБИЯЛООГО БАЙЛАНЫШТУУ БААЛУУЛУКТАРЫ

Кыргыз коому жаралгандын ушул күндөргө чейин руханий-адептик маданият чөйрөсүндө калыптануунун жана өнүгүүнүн узак жолун басып өттү. Турмуштун өзүнөн тамырланып өсүп чыккан таалим-тарбия тажрыйбалары фольклордо көз караштар, идеялар таризинде иретке салынып, эмпирикалык билим жана тажрыйба катары муундан муунга мурасталып улуттук иденттүүлүктү камсыз кылуунун каражаты катары кызмат кылып келет. Алардын негизинде улууларды ураматтоо көчмөн кыргыз коомунда "укуктук фундаменти", "элдик эреже, мыйзам" даражасына чейин көтөрүлгөн руханий-адептик баалуулук болуп эсептелет. Ошондуктан кыргыз коомунун саясий жана идеологиялык фундаменти болгон конституциясынын «Коомдун руханий-маданий негиздери" деп аталган III Главасынын 21-беренесинде "**Улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызааттоо – элдин ыйык салты"** – деп белиленген [1].

Кыргыздардын балдарды адеп ахлакка тарбиялоого байланышкан акыл ойлору жана тажрыйбалары көп тармактуу руханий мурастарда катталган мазмуну боюнча бай жана татаал этномаданий комплекс болуп саналат. Анын курамы балдарды улуттун улут, элдин эл катары толук кандуу социалдык организм катары жашашын шарттаган кыргыздардын маданиятынын менталдык коду катары байыртан өзөк алып өнүгүп келген көп кылымдык руханий - практикалык тажрыйбалардын алып жүрүүчүсү, улантуучусу катары калыптоого багытталган баалуулуктардан турат.

Ырасында эле кыргыз маданиятынын өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн кеңири алкакта изилдеп, иргеп салыштыра келсек анын ядросун балдарды улууларды урматтоого тарбиялоо тажрыйбалары түзөөрү ачыкка чыгат. Бул баалуулук А. Алимбековдун пикиринде "...жаштардын адеп-нарктуулугунун жакшы таалим тарбия алгандыгынын эң негизги натыйжасы катары каралган" [4, 24]. Муну биз тарабынан талдоого алынган материалдар да ырастайт. Улууларды урматтоо көчмөн кыргыз коомунун адептик-этикалык нормаларын өз ичине синтездеген баалуулук.

«Улууларды сыйлоо» деген сөз айкашы өз ичине улууларга карата сылык, ыкластуу, назик мамиле кылууга багытталган руханий ишеним ынанымдарга негизделип реалдуу иш-аракеттер менен тастыкталган, коом тарабынан эң башкы эреже катары кабылданган адептик баалуулуктардан турат. Башкача айтканда, улууларды сыйлоо социалдык институт катары – бул коомдун улуу өкүлдөрүнө сылык-сыпаа, кунт коюп, назик мамиле жасоого үндөгөн жана бул мамилелердин ырааттуу түрдө муундан муунга өтүшүн камсыз кылган жамааттык жашоонун бир формасы болгон.

Элдин тарбия практикасында балдарды бул баалуулуктарга ынандыруу бармактай кезинен баштап айтылып келген элдик жомоктордо кеңири орун алган. «Акылдуу чал» жомогунда улгайган карыянын акылы менен бүтүндөй калк түрдүү мүшкүлдөрдөн куткарылгандыгы негизги идея катары берилет. Илгери эсирген бир хан «Кырк жаштан кийин адамдан акыл чыкпайт, алардын баарын өлтүргүлө» - деп буйрук берет. Буйрук аткарылат. Арасынан бир гана бала амал менен атасын сандыкка салып сактап калат. Карыларынан айрылган эл бир жагынан хандын акылсыз буйруктарын аткаруунун, экинчи тараптан ар кандай табигый кырсыктардын амалын таба албай азап чеге баштайт. Ошондой кырдаалдан эл карыянын баласы аркылуу жашыруун айткан кеңештери аркылуу аман чыгышат.

Хан баланы чакырып алып: «Эл таба албаган акылды сен кайдан таап жатасын, бул өз акылыңбы же башка бирөө үйрөттүбү»- дейт. Бала болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет. Хан ошондо гана жаңылыштыгын мойнуна алып «акыл карыялардан чыгат турбайбы» - деп жашы өткөндөрдү урматтап сыйлоого чакырат” [11, 48].

«Алтын куш» жомогунда баланын карыган ата-энесинин өмүрүнө өмүр кошуп жашоосун улантуу ыкласы акыл эстүүлүктүн үлгүсү катары мүнөздөлөт. Ата-энени сыйлоонун, боорукердиктин, достукка бекем туруунун үлгүсү даана чагылдырылган. Баланын хандын каарынан эч коркпой туруп: «Ханым, кулдугубуз бар. Баш кесмек бар, тил кесмек жок - деген. Менин карыган ата-энемдин жалгыз түп алмасы бар эле. Анын башына ар жылы бирден алма бышып, аны жеген сайын, карыган ата-энем дайыма жашарып турушчу. Төрт жылдан бери ошол алманы куш барып жеп кетет да, ата-энем улам картайгандан картайып барат. Алтын кушту ошон үчүн издеп келдим эле», деп кайрылышы ата-эне үчүн баланын бардык

кыйынчылыкка барууга даяр экендигин көрсөтүү менен бирге балдарды ата-эненин баркын билип, алар үчүн маанилүү эрктик, боорукерлик, жароокерлик сезимдердин негизинде тарбия берери күмөн жаратпайт [11, 61].

Улууларды урматтоого тарбиялоонун бийик үлгүсүн «Манас» эпосунан да көрө алабыз. Манас атасы Жакып менен пикири келишпегени менен «Каяша айтсам атама, калкка уят болом» - деп, ага болгон перзенттик сый ызаатынан жазбай, башка аксакалдар менен бирдикте төрүнөн орун берет. Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегин өзүнүн *“Манастын акылы”* (2016) аттуу эмгегинде, кыргыздын ыйык мурасы-баланын атага болгон түбөлүктүү парызы каяша айтпоо, тогуз жашар Манастын көкүрөгүнө эчак кыт куюлуп калганы, атасынын мүнөзүн даана көрүп алганы, ушул жаш курак үчүн айтканда, “балага атанын башын чаптап койгондой” көрүнгөнү менен, ал кыргыз ойчулдугу көтөрүп келген көнүмүш катары кабылдана берген. Манастын бала кезиндеги ой сөздөрүндө, ата-энени урматтоо ыйык салтты сактоо менен эркиндикке умтулууну эч качан каршы койгон эмес, “ката сеники” деп атасына каяша айтпоо, “өгөй экен” деп өгөй энеге көрүшпөй кетүү көрүлгөн эместигин белгилеген [ 7, 290 ].

Манас ат жалын тартып минген күндөн баштап улуулардын алдынан кыя өтпөй ызаат менен мамиле кылат. Өзү хан даражасында болсо да улууларга аттан түшүп салам берүү салтын бекем кармоого аракет кылган. Бирок, кыргыз салтына ылайык жаш болсо да, жолу улук болгондуктан салт билген улуулар ыраазычылык менен аттан түшүрүшкөн эмес. «Айтайын жооп сөзүңө, абаке Кошой өзүңө» - деп өзүнөн улууларды сыйлоо жагынан баарына өрнөк үлгү көрсөтөт. Ал улуулар тарабынан айтылган сынды ар дайым терикпей туура кабыл алган. Тескерисинче «Эдене тойтоң сөзүмдү, Эптеп жолго салыңыз” - деп карыялардын кеңешине ар дайым муктаж экендигин туйгузуп турган. Кыргыз тарыхына назар салсак акылы тунук, нускалуу карыялардын катышуусуз бийлик жүргүзүү болгон эмес. Түрк дүйнөсүнүн орток ойчул аалымы Жусуп Баласагын улууларга урматтоо, кичүүлөрдү ызааттоо ата бабалар тарабынан кастарланып келген ыйык этикалык эрежеси катары мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндө жетекчиликке алынышын “Кары сөзүн айтылган капка сакта, Кары сөзү алтын да сырын ачса” - деп нускаган. Махмуд Кашгари өзүнүн «Түрк сөздөрү жыйнагы» эмгегининде кыргыз салттык жүрүм турум эрежелерине таандык «Улуу киши чакырса, Тезирээк кел жүгүрүп” деген

насыят, накылга айланган ыр үлгүсүн келтирет. Салттык маданиятта улгайган адамдар урмат сыйга ээ болуу даражасы алардын акыл парасаты, адеп салтты, нускалыгы жагынан коомдо калыптанган белгилүү моралдык чен-өлчөмдөргө дал келишине жараша болгон. Муундан муунга айтылып келе жаткан "Калыс сөзүн айтпаса карылардан не пайда? - деген накыл кепти дал ушундай прагматикалык ой туюмдардын натыйжасы катары кароого болот.

Акылман Калыгул кадимки турмушта улуулардын калыс болуусу, бардык учурда калыс сөзүн айтуусу алардын бирден бир милдети экендигин баса белгилөө менен улуулардын турпатына туура келбеген жосунсуз жоруктары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт:

Эл жакалай конбосо
Бетегелүү бел карып,
Улугу калыс болбосо
Убара болот эл карып [14, 142 ].

Ошондой эле ага-ини бири-бирин, уул-кызы ата-энесин сыйлабай калган учурду акыр замандын келгендигинин белгиси катары белгилейт:

Акыр заман жакындап
Келип калды.
Ошол замат келгенде
Уул билбейт атасын.
"Мен да сенден кемби" деп,
Салыштырат жотосун.
Кызы билбейт анасын,
"Мен да сенден кемби" деп,
Салыштырат санасын [14, 138 б].

Бул ырлардан баамдалгандай уул-кыздын ата-энени пир тутуп сыйлагандын ордуна алар өздөрүнүн кызыкчылыктарын биринчи орунга койгон адепсиз балдардын жоругун мүнөздөйт. Дагы бир ырында адамдардан ыйман кеткенде ага-тууган сыйлашпай калгандыгы төмөнкү деталдар менен толукталат:

Коргондуу жердин орду бар,
Улуктун кетте зору бар,
Экинин бири болбогон,
Кембагал элдин шору бар,
Аскар-аскар-аскар тоо,

Аягы барып чап болот,
Атадан  алтоо турсаң да,
Сыйлашпасаң жат болот.
Аккула аттар кимде жок,
Жүгүрбөсө тайча жок,
Ага-трууган кимде жок,
Сыйлашпаса жатча жок [14, 131 ].

Демек, мындан балдарды тарбиялоодо эң башкы ыймандуулуктун, адептүүлүктүн белгилеринин бири - улууларды урматтоо  билгичтиги каралган.

Асан Кайгынын санат термелеринде да улуулар калыс сөзүн айтпай, элдин камын ойлобой, жаштарга үлгү болчү жүрүм-турумду көрсөтпөгөн учурларды төмөнкүчө ачып көрсөткөн:

Карыяң болор бейпайда,
Элим-элим дебесе,
Улук алды чыкпаса,
Улуу сөздөн айтпаса,
Акылмандан не пайда?
Хан алдына чыкпаса,
Калыс сөзүн айтпаса,
Башын катып уктаса,
Карыядан не пайда? [14,  94 ].

Бул термеден биз улуулардын образы, жүрүм-туруму, калыс сөзү, акыл-насааты элине болгон камкордугу алардын алдындагы милдеттердин бири экендигин түшүнөбүз.

Жаштардын жакшы жана жаман касиеттери жана анын негизинде атаны сыйлабагандыктан анын каргышынын негизинде дуушар болгон учурлар Жеңижоктун ырларында да, ырааттуу жана ар тараптуу ачыкталган. «Накыл» термесинде  андайларды төмөнкүчө көрсөткөн:

Актан бүткөн амирди,
Эч бир пенде биле албайт.
Жетесизге кеп айтсаң,
Мойнун бурап тил албайт.
Жүкчүл төө нар болот,
Боло турган жигитте,
Намыс  менен ар болот.

Атадан каргыш алгандар,
Акыры барып кар болот [14, 119 ].

Жеңижок жаштарга башканын ийгилигине көз артпай, улуулардын кеп-кеңешин угуп өз алдынча аракеттенүүгө, ойлонбой кылган туура эмес иштердин жоопкерчилиги тууралуу баяндап, жаштарга мындайча кеңеш берет:

Бирөөнүн көрүп жакшы атын,
Көз артып салба назарың.
Жокчулук чиркин байлайт го,
Адамдын бакты базарын.
Ойлобой кылсаң тартасың,
Туура эмес иштин азабын.
Карынын угуп кеңешин,
Акылың менен жашагын [14, 105].

Демек, акын карылар, улуулар өздөрүнүн жашоо тажрыйбасынын негизинде жаштарга ар дайым керектүү, маанилүү кеңешин берүү менен бирге аларды турмушта оң жүрүм-турумга, адептүү жашоо көндүмүнө багыттаары талашсыз экендиги тууралуу сөз кылат.

А. Акматалиевдин пикири боюнча, далысын салуу, далысын тосуу – жактырбоонун, теңсинбөөнүн, жаман көргөндүгүнүн белгиси катары каралат. Мисалы, дасторкондо бир топ адам отурса, ал жерден тургусу келген адам жанындагыларга далысын салбай, арты менен эмес, алды менен, жүзүн көрсөтүп өтүшү керек. Далысын салып өткөн адам өзүнүн маданиятсыздыгын, отургандарды сыйлабастыгын билдирет. Ошондой эле, тик карабоо - бул улууларды айыл ичинде кадыр-баркы бар адамдарды кичүүлөрдүн ызаттоосунун белгиси, алардын көзүнчө ийменип туруусу. Келин кайынене-кайын атасына чай куюп жатып, алардын жүзүнө эч убакта тик караган эмес. Мындай жөрөлгөбүздү азыр деле айрым ыйманы бар кыздарыбыз колдонуп келишкендигин айтып, мындай көрүнүш улуу адамдардын жүрөгүнө жылуулук тартууларын баса белгилейт [ 4, 129 ].

Кыргыз коомунда муундар ортосундагы өз ара урмат сый, ызаатка негизделген салттардын туруктуу жашашы философиялык, саясий-идеологиялык, социологиялык илимдер өңүтүнөн чечмеленүүчү көп кырдуу аныктагычтары болгон. Алардын эң негизгиси кыргыз коомунун институтташтырылган коомдук мамилелери же социалдык институттары. Биз мында социалдык институт түшүнүгүн Э. Дюркгеймдин пикирине

таянуу менен адамдардын коомдук мамилелеринин дамамат кайталанып турушун камсыз кылып туруучу субьекттер катары колдонобуз. Э. Дюркгейм аларды *«коомдук мамилелерди кайра өндүрүүчү фабрикалар»* - деп образдуу сыпаттаган [ 5, 290 ]. Балдарды улууларды урматоого тарбиялоо практикасын көзөмөлдөө, оош кыйыштарын оңдоо түзөлтүү ишинде *үй-бүлө ичиндеги салттык мамилелер, аксакалдар, туугандар, коңшулар, элдик салттар, жөрөлгөлөр, дин* социалдык институт катары өзгөчө мааниге ээ болгон.

| **К/№** | **Социалдык институттар** | **Социалдык институттардын улууларды урматтоого тарбиялоодогу орду** |
|---|---|---|
| 1. | *Ата-эне институту* | Кыргызда нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызы балдарды башкаларга ызаатчыл, сыйчыл мамиледеги балдарды тарбиялоо ишинин натыйжалары менен өлчөнүп баалангандыктан үй-бүлөдөгү салттык мамилелер муундар ортосундагы салттык нормаларды өздөштүрүү принциптерине негизделген |
| 2. | *Аксакалдар институту* | Балдардын жүрүм-туруму ар качан уруу жана айыл аксакалдарынын көзөмөлүндө болгон. Салттык коомдо аксакалдар улууларга орунсуз мамиле кылган балдардын өзү гана эмес, ата-энесин да уяткаруу укугуна ээ болушкан |
| 3. | *Туугандар институту* | Туугандар тобу өз алдынча субъект катары башкалар менен мамиледе өзүнөн чыккан нарктуу карыялардын пикирине таянып баш ийүү турмуш мыйзамы катары кабылданган |
| 4. | *Коңшулар институту* | Балдарды салттык жүрүм маданиятына анын ичинде улууларды сыйлоого тарбияланышында коңшулардын |

| | | |
|---|---|---|
| | | өрнөктөрү өзгөчө таасири чоң жана алардын жүрүм-турумундагы айрым өрнөктүү сапаттар менен өксүктөр да коңшулар тарабынан баамдалып, сындалып, байкалып оңдоо түзөлтүү үчүн чечимдер кабыл алынган |
| 5. | *Элдик салттар, жөрөлгөлөр институту* | Улууларды урматтоо кыргыз элинин эң башкы баалуулуктарынын бири болгондуктан турмуштун бардык чөйрөсүндө салт жөрөлгө катары бекем орун алган |
| 6. | *Дин институту* | Социалдык институттардын ичинен эң таасирдүүлөрүнүн бири – *дин.* Улууларды, ата-энени урматтоого байланышкан салттык нормалар менен ислам дини аркылуу дагы тереңирээк актуалдашып алар аткарылбаса же бузулса күнөө болот деген императивдер менен бекемделген |

Көрүнүп тургандай улууларды урматтоого тарбиялоо практикасындагы институттар арасында социалдык институттун аналогу болбогон бир дагы институт жок. Бул жагдай бизге маселени балдарды улууларды урматтоого тарбиялоодо социалдык институттардын таасири ыңгайында анализдөө зарылдыгын жаратат. Кыргызда нарктуу үй-бүлө түшүнүгүнүн маани-маңызы балдарды башкаларга ызаатчыл сыйчыл мамиледеги балдарды тарбиялоо ишинин натыйжалары менен өлчөнүп бааланганддыктан үй-бүлөдөгү салттык мамилелер муундар ортосундагы салттык нормаларды өздөштүрүү принциптерине негизделген. Салттык кыргыз үй-бүлөсү үч муундан чоң ата, чоң эне, ата-эне жана балдардан туруп бардык маселеде чечүүчү роль улуу муундардан башталган. Бир үй-бүлөдөгү улууларды урматтоого байланышкан тажрыйбаларынан алынган корутундулар алгач коңшулардын, айылдын кийинчерээк бүтүндөй жердин жана акырында бүткүл элдин жана өлкөнүн деңгээлинде жалпыланган (Г. Волков). Улууларды, ата-энени урматтоого байланышкан салттык нормалар менен ислам дини аркылуу дагы тереңирээк актуалдашып алар аткарылбаса же бузулса күнөө болот деген императивдер менен бекемделген.

Кыргыз коомунда аксакалдар институтунун орду байыркы мезгилден эле орчундуу мааниге ээ болгон. Аксакалдар кеңешинде каган тарабынан сунушталган маанилүү мамлекеттик маселелер, өлкөнүн ички жана тышкы саясатындагы учурдагы урунттуу жана болочок маселелер талданып, мерчемделген[ 6, 290 ]. Балдардын жүрүм-туруму ар качан уруу жана айыл аксакалдарынын көзөмөлүндө болгон. Салттык коомдо аксакалдар улууларга орунсуз мамиле кылган балдардын өзү гана эмес, ата-энесин да уяткаруу укугуна ээ болушкан. Элдик педагогикалык салттарга ылайык ата-энелер, жалпы жамаат балдарда «Бир атадан таркагандар» - деген сезимдерин өнүктүрүүгө өзгөчө камкордук көрүшкөн. Көчмөн турмуш шарттарында туугандар тобу өз алдынча субъект катары башкалар менен мамиледе өзүнөн чыккан нарктуу карыялардын пикирине таянып баш ийүү турмуш мыйзамы катары кабылданган. Балдарды салттык жүрүм-турум маданиятына анын ичинде улууларды сыйлоого тарбияланышында коңшулардын өрнөктөрү да өзгөчө таасир эткен. Ошону менен бирдикте балдардын жүрүм-турумундагы айрым өрнөктүү сапаттар менен өксүктөр да коңшулар тарабынан баамдалып, сындалып, байкалып оңдоо түзөлтүү үчүн чечимдер кабыл алынган. Улууларды урматтоо кыргыз элинин эң башкы баалуулуктарынын бири болгондуктан турмуштун бардык чөйрөсүндө салт жөрөлгө катары бекем орун алган.

Социалдык педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөргө таянсак коом мүчөлөрүнүн жүрүм-турум маданиятындагы мындай сапаттардын муундан муунга сакталышы, өнүгүшү башка себептер менен бирге сапаттарды тарбиялоого багытталган таасирлүү методдордон, каражаттардан көз каранды болот. Биз тарабынан топтолгон эмпирикалык материалдардын анализи кыргыз коомундагы улууларды сыйлоо салтынын туруктуулугу балдарды тарбиялоо практикасындагы метод жана каражаттардын түздөн түз туундусу болгондугун тастыктайт.

Жалпы алганда тарбиялоо методу - бул тарбиялоонун максатына ылайык келген ишенимдерин жана жүрүм-турум көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн тарбиячынын окуучулардын аң-сезимине, эркине жана сезимдерине таасир этүүчү каражаты алар менен өз ара бирдиктүү аракетинин амалы [ 4, 30 ]. Тарбиялоо методдору жана ыктары белгилүү бир шарттарда бири-бирине дал келет. Ошондуктан, кээ бир изилдөөчүлөр билим берүү ыкмаларын окуучулар менен тарбиялык өз ара аракеттенүүнүн белгилүү бир комплекси катары карашат. Илимде

калыптанган көз караштар жана элдик тажрыйбалар тарыхы бизге балдарды улууларды урматтоого тарбиялоонун методдорун балдарды бул багыттагы түшүнүктөрүн, ишеним ынанымдарын, жүрүм-турум адаттарын калыптандыруунун жолдору катары айкындоого мүмкүнчүлүк берди. Бул процессте тарбиячылар жана балдар тарабынан колдонулган материалдык эмес жана материалдык заттарды каражаттар катары каралат. Улууларды урматтоого тарбиялоонун каражаттары өтө көп кырдуу. Алар бир тараптан элдик ырым-жырым, салттарды, балдардын оюн, эмгек, социалдык ролдук ишмердүүлүгүн, экинчи жактан элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүн камтыйт. Жогорудагы авторлордун эмгектерине негизденүү, бизге элдик тарбиянын төмөнкүдөй методдорун жана ыкмаларын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди: *аңгемелешүү, кеңешүү, түшүндүрүү, көрсөтүү, үлгү болуу, өтүнүү, буйруу, көндүрүү, бата берүү, мыскылдоо, ыраазычылык билдирүү, каргоо, сөгүү, күнөөлөө, айыптоо, көнүктүрүү, каалоо, алкоо, жалынып-жалбаруу, ант, белги берүү (жаңсоо, кол булгоо, көз кысуу), кубаттоо, жактырбоо, алдоо, керээз, ишеним, осуят, тилдөө, жаза берүү, келтектөө, нукуу* ж.б.

Жогорудагы методдорду төмөнкүдөй үч группага бөлүп кароого болот:

1) Аң-сезимди калыптандырууга багытталган методдор.

2) Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду өзгөртүп, адептик билимдерди кылык- жорукка айландыруу методдору.

3) Ишмердүүлүктү жана жүрүм-турумду стимулдаштыруу методдору.

| Улууларды урматтоого тарбиялоонун методдору | | |
|---|---|---|
| **Аң-сезимди калыптандыруу методдору** | **Адептик билимдерди жүрүм-турумга айландыруу методдору** | **Стимулдаштыруу методдору** |
| – Түшүндүрүү<br>– Аңгемелешүү<br>– Кеңеш берүү<br>– Көрсөтүү<br>– Үлгү болуу<br>– Осуят<br>– Үгүт-насаат | – Талап коюу, тыюу<br>– Көрсөтүп аткартуу<br>– Улгайган адамдардын батасын, ыраазычылыгын алуу; | – Мактоо, кубаттоо<br>– Алкыш, каалоо жана алкоо, бата берүү |

| | | |
|---|---|---|
| | – Белги берүү (жаңсоо, кол булгалоо, көз кысуу) | – Зекүү, айыптоо<br>– Жактырбай кароо<br>– Каргыш<br>– Тилдөө |

Изилдөө процесси улууларды урматтоого тарбиялоо практикасында методдор жана каражаттар өз ара көз карандылыкта байланышта болоорун көрсөттү. Тарбиялык каражаттар – тарбиялоо процессинде конкреттүү тарбиялоо милдеттерин чечүү үчүн колдонулуучу материалдык жана рухий маданияттын объекттери [ 5, 290 ].

Элдин тарбиялоо практикасында балдардын улууларды урматтоого карата ишенимдерин, ынанымдарын калыптандырууга багытталган түшүндүрүү, аңгемелешүү, кеңеш берүү, көрсөтүү, үлгү, осуят методдору сөз жүзүндөгү каражаттар көбүнесе фольклордук чыгармалар менен байланышта колдонулган.

Ал эми улууларды урматтоо жөрөлгөлөрүн туура аткаруу тажрыйбасына ээ кылуу методдору реалдуу кырдаалдарда жакшылык жамандык иш-чараларында, оюн, эмгек процессинде колдонулуп коом тарабынан жазылбаган мыйзам талаптарды аткаруу таризинде көпчүлүктүн, эң обол улуулардын өздөрүнүн тыкыр көзөмөлүндө ишке ашкан. Балдар улуулар менен учурашуу, атын алуу, колуна суу куюу ж.б. иш-аракеттеринде буйрук же эреже түрүндө калыптанган үгүт насааттарды жетекчиликке алышкан.

Элдик педагогикалык практикада жүрүм-турум маданиятын стимулдаштыруу көбүнесе материалдык жана сөз жүзүндөгү ыраазычылык менен бекемделген. “Элдин назары, кудай назары” дегендей жүзүндөгү сыйлыктардын эң жогоркусу улуулардын, элдин, журттун батасы болгон. **“**Батанын психосемантикалык мазмуну адресатты жакшылыкка үндөйт, багыттайт. Анын аракети туура, ниети калыс болушун каалоо түрүндө берет. Бата адресатка арналып, анын келечектеги иш-аракетине дем, кубат, стимул берет. Бата алуучу жашоого шыктанат, импульска ээ болот. Бата аны максаттуу өмүр кечирүүгө түртөт” [3,9]. Эл көпчүлүктүн айрыкча улуулардын купулуна толуп ыраазычылыгын алган адамдын жолу ачык,

зоболосу бийик болот деген ишенимде болушкан. Улууларга ызаатсыз мамилеси байкалган балдардын жоругун ашкерелеп, оңдоо түзөө багытында эскертүү, зекүү, уяткаруу, жактырбай кароо, тилдөө сыяктуу метод, ыкмалар колдонулган. Жазалоонун эң катаалы каргыш болгону менен ал дайыма эле колдонулбай көбүнесе балдардын өзүнүн жүрүм-турумуна абай карап, ниетин түздөп башкаларга орой, корс мамиле жасоодон этияттануусуна таасир этүүнүн айла, амалы катары кабылданган.

Бирок, элдик тарбия нукура турмуш агымына туташ биримдикте жүзөгө ашкандыктан - *түшүндүрүү, аңгемелешүү, кеңеш берүү, көрсөтүү, үлгү, осуят, керээз үгүт* - *насаат* болобу реалдуу кырдаалдарга ылайык тандалып максаттуу жана балдардын эркин, акыл-эсин, сезимдерин бийлеп, тап жылдырбай тартып аларлык деңгээлде эмоционалдуу таасирдүү колдонулган.

Педагогика илими боюнча түшүндүрүү - бул балдардын аң-сезимине түз жана кыргыздардын салттуу маданиятына жаштарды социалдык жактан тарбиялоонун методдорунун бири.

Аңгемелешүү методу акыл айтуу жолу менен улуулардын балдарга кыйын учурда жардам бериши. Балдарды айлана-чөйрөнү көргөндө реакция берүүгө көндүрүү үчүн алар менен жаңы төрөлгөн мезгилинен баштап кадыресе баарлашып, аңгемелешүү аракетин жасашкан. Алты-жети жашынан баштап балдар менен аңгемелешүүнүн мазмуну маанилүү роль ойногон.

Аңгемелешүү – маалымат алмашуу процесси. Маалымат алмашуу эки тараптуу болгон. Айрым учурда бул балдардын суроосунан жаралса, айрым учурда улуулардын жаштар тарабынан коомдук жайда тигил же бул учурда өзүн кандай алып жүрүш керек экендигин, эң туура адептүү норма кандай болоорун аңдап түшүнүүгө багытталган. Улуулар балдар менен аңгемелешүү ийгиликтүү болушу үчүн ыңгайлуу учурду кылдаттык менен тандашкан. Балдардын жаш курагында аңгемелешүү көпчүлүк учурда балдардын туура эмес жоруктарынын негизинде түшүндүрүү иретинде жүргүзүлөт. Мындай аңгемелешүүнүн субъекти өз ата-энеси гана эмес, айыл ападагы улгайган адамдар, коңшулар, айрым учурда өзүнөн бир аз улуу балдар да болушу мүмкүн. Бул курактан баштап аңгемелешүүнүн мазмунун балдарга кандайдыр бир туура эмес аткарылган иштин же жоруктун туура жолун түшүндүрүп өзүнүн жүрүм-турумун коомдо кабыл алынган салттуу эрежелерге ыңгайлаштыруу маселелери түзөт. Ар бир

улуу муун жаштардын эл арасында абийирдүү, адилет тутунуп, уккан сөзүнүн ар бирин эсине тутуп, айткан сөздөрүн келечектеги турмуш жолунда акыл казынасы, пайдаланаар көмөкчүсү катары колдонушат деген үмүт менен айтып келишкен.

Айтуу, түшүндүрүү ар дайым турмуштук мисалдар менен чектелип бекемделген. Айрыкча, өзүнүн урук-туугандарынын арасындагы жакшы кишилик касиеттерди өрнөк катары карашып, алардын кешигин ичирүү ырымын аткарышкан же батасын алышкан. Кээ бир жагдайда балдарды ар түрдүү жакшы адатка үйрөнүүнүн пайдалуулугуна элдик жомоктордон алынган мисалдар, макалдар менен ишендиришкен. Кыргыз жомокторунун көпчүлүгү балдарды элдик адеп салтка, жүрүм-турумга үйрөтүү үчүн өтө таасирдүү каражат катары кызмат өтөгөн. Алсак, “Акылдуу бала”, “Баласы менен атасы”, “Өнөр үйрөнгөн бала”, “Ырыс алды ынтымак”, “Жээренче чечен”, “Кемпирдин жети баласы” ж.б. Булардан тышкары элге кеңири тараган жомоктордо да улуулардын акылдуулук, жоомарттык, чечкиндүүлүк, мээнеткечтик, эрктүүлүк сыяктуу сапаттары негизги планда каралат. Жаштарды тигил же бул сапаттын тууралыгына ишендирүүдө макалдар да өзгөчө роль ойногон. Макалдар өзүнүн көркөм формасынын кыскалыгы, элестүүлүгү, тактыгы менен эске тутууга, жаттап калууга жеңил келгендиктен, аларда талаш-тартыштуу, олку-солку же бүдөмүк ой, пикирлер айтылбайт. Макалдарда ата-бабалардын турмуштук тажрыйбалардын, жөрөлгөлөрдүн негизинде келип чыккан, такталган кыскача, кескин, ачык түрдөгү корутунду, жыйынтыктары көрсөтүлөт. Алсак, “Адам жаман эмес, анын кыялы жаман”, “Жаман эркек тууганчыл, жаман катын төркүнчүл”, “Уул жаманы - уйгак, кыз жаманы камгак”, “Атадан таяк жеген - балдар жакшы, энеден тил укпаган - кыздар жакшы”, “Эр жигитке жетимиш өнөр аздык кылат”, “Ата сөзү ок”, “Кары келсе ашка, жашы келсе ишке” - деген макалдардагы педагогикалык мааниси терең ой, пикирлерди, жыйынтык, корутундуларды эч ким туура эмес деп талаша албайт. Бул макалдарда берилген ой, пикирлер чыныгы турмуштук тажрыйбанын, кыраакылык менен байкоонун негизинде келип чыккан педагогикалык жыйынтыктар жана корутундулар.

Балдарга акыл-насаат айтуу, баарлашуу, түшүндүрүү, ынандыруу санат, насыят айтуу ыкмалары да кеңири колдонулган. Кыргыз фольклорунда насаат ырлары деген мааниси терең жанр бар. Мында ыр түрүндө калктын калың журтуна ар кандай темаларда насаат айтылат.

Насаат ырлары тарбиялоо учурунда өтө таасирдүү деп айтсак болот. Жаштарга арналган насаат ырларында болсо адеп-ахлак, жүрүм-турүм жөнүндө, турмушта бардык учурларда өзүн алып жүрүү эрежелери айтылган. Бул багыттагы эл ырчылары ырларында улуулардын жагымсыз жоруктарына да басым жасашып, маңдайында санатын угуп олтургандарды андай адаттардан алыс болууга чакырышкан. Айрыкча, бул темадагы санат, термелер өзгөчө жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, ал эми бойго жеткен уландарды жар тандоого багыттоодо, ошол эле учурда ата-энесин, өзүнөн улуу адамдарды урматтоого тарбиялоодо өзгөчө мааниге ээ болгон. Кыз балдар башка бир үйдүн босогосун аттагандан кийин турмушка тың, өмүрлүк жолдошун жана анын туугандарын сыйлашы жана барган жеринде өз ата-энесин уят кылбашы керек. Мына ошондуктан, насаат ырлары балдарды улууларды урматтоого тарбиялоодо таасирдүү ыкмалардын бири болгон.

Негизинен, аңгеме жана түшүндүрүү методдору балдарда адептик, анын ичинде улууларды урматтоого тарбиялоодогу ишеним ынанымдарды бекемдеп, ар кандай жагдайларда өзүн ишенимдүү аракет жасоосуна негиз болгон. Кыргыз коомунда ата-энелер балдарды турмуштук жана эл ичинде уламыш болуп айтылып келген өрнөк үлгүлөргө карап тарбиялап келишкен. Албетте, үлгү катары ар бир бала үчүн өз ата-энеси болоору анык. Мындан өткөн таасирдүү мектеп болбостугун алдын ала туйган, ар бир ата-эне өзүнүн пейил мүнөзү, жүрүм-туруму, башка улуу жана курдаш адамдарга жасаган мамилеси, балдарга жасаган мамилеси, конок күтүүдөгү жүрүм-туруму менен балдарга үлгү болууга аракет кылып, өзүн-өзү ар дайым көзөмөлдөгөн. Буга байланыштуу ата-эне тарабынан жасалган ар кандай жаман жоруктун кесири, эң алгач балдарда кайталанышы мүмкүн деген ишеним болгон.

Кыргыздардын салттуу коомунда балдардын адеп ыйманы, кишилиги, кылган эткени ата-эненин үлгүсүнөн ашып түшпөйт. Улуулардын акыл насаатын угуп, кабыл алуу жаштардан да белгилүү этикетти талап кылган. Адатта, улуулар насаат айтып акыл үйрөтүп жатканда жаш баланын сөөмөйүн силкилдетүүсүнө, колдорун жаңсап сүйлөөсүнө, бөйрөгүн таянууга, колун аркасына алууга, далысын салууга тыюу салып «Улуу сүйлөсө, дилиңи төшөп кунт коюп ук” дешкен. Мына ошондуктан, ар бир ата-эне балдарды турмушка даярдоону тилек кылса, ар кандай иштерди жасашын каалаdca, биринчи аларды өздөрү жасашы керек

болгон. Ар бир бала жаш кезинен тарта эле ата-энесинин үй жумуштарын жасаганын көрүп, турмуш-тиричиликке аралашып жана убакыттын өтүшү менен үй иштерин жасаганды үйрөнгөн.

Жаштарды улууларды урматтоого тарбиялоодо көрсөтүп аткартуу методу көбүрөөк колдонулган. Алсак, балдарды конок келгенде колуна суу куюу, салам берүү иштерине үйрөтүү адегенде көрсөтүп түшүндүрүү, андан соң алардын өзүнө аткартуу жолу менен ишке ашкан. Бул метод балдардын тигил же бул салтты практикада колдонуу активдүүлүгүн, өз алдынчалыгын өнүктүрүүнү камсыз кылган. Балдардын көпчүлүгү бир эле жолу айтылып көрсөтүлгөн нерсени андан ары өз алдынча улап өздөштүрүп кетүүсү кээ бир балдарга жеңил болсо, кээ бирине кыйынга турган. Көрсөтүлгөн  нерсени андан ары өз алдынча улап өздөштүрүп кетүүсү кыйынга турган балдар үчүн улуулар бир нече ирет кайталап көрсөтүп машыктырып, көнүктүрүп олтурушкан.  Кыргыздар бир күндө жүз акылдуу сөз айтууга караганда бир туура иш жасоо балага көбүрөөк таасир берээрин эң сонун түшүнүшкөн. Ошондуктан, ата уулун ээрчитип жүрүп улууларга болгон сыйын, өнөрлөрүн көрсөтүп, адептүүлүккө, ар өнөргө, кеп-сөзгө каныктырып, Ата Журтту коргоого, улууларды урматтоого, дос менен касты ажырата билүүгө тарбиялаган. Арийне, өз милдетин мыкты, жогорку деңгээлде аткарган балдар  ата-энеси, улуулар тарабынан мактоого татыган. Демек, бул метод балдардын үлгүлүү журүм-туруму жана  көрүнүктүү иштеринин жыйынтыгында жакшы сөз угуусу.

Кыргыз эл педагогикасынын арсеналында мактоо менен бирге "алкоо" сөздөрү да арбын кездешет. Тапшырылган ишти так аткарган балдарды *"бали", "элпек бала", "ийкемдүү, эрктүү бала", "тыкан кыз"* - деп алкап, макташкан. Айрым учурда балдардын жакшы иштерине күбө болгон карыялар "Өркөнүң өссүн, бактылуу бол балам, кудай тилегиңе жеткирсин", "Менин жашыма жет" - деп алкап макташкан. Балдардын бардык жерде адептүү жүрүм-туруму, улууларды сыйлоодогу аракеттери анын тарбиялуулугунун эң маанилүү этаптарынан болгондуктан ар бир аракети улуу кичүүлөрдүн көз кырында болуп, жакшы жагы алкоого, чабал жагы талкуулоого негиз болгон. Улууларды урматтоо, кыз балдардын башка бүлөгө келин болуп баргандагы учуру, андагы улууларга сый мамиле жасоосу да көпчүлүктүн байкоосунда болгон. Алсак, келин кимге арнап жүгүнсө, ал адам жооп кылып, "көп жаша", *"өмүрлүү бол", "кудай жалгасын", "алганың менен тең кары", "бар бол", "өркөнүң өссүн",*

*“тилегиңе жет”, “этегиңден жалгасын”, “ак жоолугуң түшпөсүн” “ак элечек башыңдан түшпөсүн”* - деген сыяктуу алкоолорду айтып, ыраазычылык билдирүүгө тийиш. Ал эми келиндин жүгүнүүсүн жоопсуз калтырып, байкамаксан болуп басып кетүү, баа бербей же алкабай коюу элдик салттын этикетинде уят иш катары саналган. Мындай алкоолор кыз келиндердин өзүн өзү өнүктүрүүсүнө стимул катары кызмат кылган.

Кыргыздарда балдарды тарбиялоодо “тыюу” түшүнүгү да өзгөчө мааниге ээ. Коом тарабынан башкы баалуулук катары кабылданган сапаттарды “тыюу” катары карасак болот. А. Муратов улууларды урматтоого байланышкан тыюулардын бир нечесин белгилеген: “Атасы тирүү кезде баласы сакал-мурут койбойт, андай кылуу атасынан кутула албай жаткандыктын белгиси”. Атасы тирүү турганда баласы өз баласын «Ата» деп айттырбайт деп үйрөтүшкөн. Дасторкон четинде эркектердин аксакалдары, орто жаштагылары мандаш токунуп (мандаш уруп) отурат, алардын көзүнчө жаш жигиттер чөк түшүп отуруп, улууларды сыйлап турат дешкен. Ошондой эле, келин жаңы келгенде кайын атасын, кайын энесин, кайнага-кайын эжелерин, улуу абысындарын, кайнилерин аттарынан айтпай тергеп айтат – деп жазган [13, 23]. Мындай жаштарды улууларды урматтоого тарбиялоого байланыштуу тыюулардын саны чексиз. Алардын айрымдары төмөнкүлөр: “Ата-эненин жолун тоспойт, бөгөбөйт”, “Ата-эненин төшөгүн тебелебейт”, “Жаңы келин келе жатканда улууларга жүгүнтөт (салам салат)”, “Карыны карап катуу күлбө”, “Карыны туурап сөз сүйлөбө”, “Карыны карап катуу сүйлөбө”, “Келин кайнене-кайын атасы үйдө отурса, балдарын урушпайт”, “Келин кайнене-кайын атасы үйдө отурса, күзгүгө каранбайт”, “Келин кайнене-кайын атасынын көзүнчө балдарын эркелетпейт”, “Келин кайын атасы, кайын агалары менен бир табактан тамак ичпейт”, “Келин кайын атасы, кайын агасы отурган орунга отурбайт”, “Улууга каяша сүйлөбөйт”, “Улуудан мурда тамакка кол салбайт”, “Улуудан озунуп сүйлөбөйт”, “Улуудан жол талашпайт”. Көрүнүп тургандай, тыюу менен талаптын ортосунда анчейин айырма жок. Экөө тең императивдер акыл-ойдун буйругу, жүрүм-турум эрежеси катары туюнтулат. Бул имперетивдик тыюу жана талаптардын жаратуучусу, аткаруучусу жана таркатуучусу эл массасынын педагогикалык аң-сезими. Анын мазмунун салттуу маданиятты коргоо жана улантуу багытындагы идеялар, жоболор, милдеттер түзөт. Императивдик тыюу жана талаптар буйрук же эреже түрүндөгү кеп катары жашайт. Императивдин адресаты

улуттук баалуулуктардын негизинде инсан катары калыптанууну баштан кечирип жаткан жаштар. Мындай тыюу жана талаптар жаштардын акыл-оюн, адептик жүрүм-турумун, улууга сый мамиле жасоо эрежелерин, жашоо аракетин багыттайт, тартипке салат. Ошондуктан, алар таасири күчтүү таалим-тарбия методдору катары эсептелинет.

Кыргыздардын байыртан ушул күнгө чейин туруктуу сакталып келген ишенимдеринин бири - адамдын наркуулугунун өнүгүшүндө батанын таасирине өзгөчө маани берүү жөрөлгөсү. “Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө” бата - курандын бет ачар биринчи сүрөөсү. Ошол эле учурда кандайдыр бир иштин башталышына, аякталышына байланыштуу жалпы эле ак жол айтуу максатында алаканын жая тилегин билдирүү расмиси. Майданда, жекеме-жеке сайышка чыкканда баатырлар зер буюмду эмес, ак батаны алып чыгышкан. Күрөш, эр эңиш сыяктуу мөөрөйгө, намыска чыккандар байгеге алган белекке сүйүнбөй, алакан жайган ак батаны жогору коюшкан. Эл башчыга болгон ишенимди “шайлоо белети” менен эмес, жүрөктөн чыккан бата менен белгилешкен. Ата-энелер балдарына бата алып берүүнү максат кылышып, бата балдардын келечегине бакубат кам көрүүнүн белгиси катары кабылдангандыгы талашсыз. Бул кыргыз балдарынын бата менен тарбия көрүп чоңоюшкандыгынан кабар берет. Батанын мазмунун башкалардын баланын ички дүйнөсүндөгү боштуктарды толтуруп, алдыга койгон максатына жетүүсүнө ишеним берип, шыктандырып келген. Бата балдардын аң-сезимине өзүнө болгон ишенимди бекемдөө максатында оң биомагниттик-энергетикалык талаа түзүлүшүнө өбөлгө болуучу эң таасирдүү метод, ыкма болгон. Ал турмушка жаңыдан бут коюп жаткан уул кыздын ниет-максатын түздөп, натыйжалуу кызмат кылууга импульс болот, адептик жүрүм-турумга, улууларды урматтоого, туура жашоого түрткү болот. Кыргыз элинде оң биомагниттик-энергетикалык талаа түзүлүшүнө өбөлгө болгон учурлардан мисал келтирсек. Алсак, «Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көгөрөт”, “Бата сөздүн атасы”, “Ботонун күнү-бир жут, батанын куну-миң кут”, “Баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас”, “Атаңдан бото калбасын, бата калсын” - деген сыяктуу макалдар күбө. Батанын кээ бир учурунда балдарды жаман жоруктардан жана жаман сөздөрдөн сактоо тилеги берилет. Буга байланыштуу “Наадандан, көзү суукtан, чууттан, бөрүдөн, уурудан (аңдыган ууру, жашырынган уурудан), душмандан, ач көздөн, дили карадан, ушакчыдан, ниети жамандан, жоодон, кулкуну бузуктан, ичи

жамандан, жаман ойдон, жакырдан, жез иттен, күнүчүлдөн сакта!"– деген бата берилет.

Кыргыз элинин ишениминде бардык жактан үлгү болгон нарктуу адамдардан алынган бата кайтарымы алда канча таасирдүү, жугумдуу айырмалуу болот. Ушундан улам Кытайлык адабият таанууучу М. Кармышактегиндин пикиринде: "Айрым касиеттүү, кутман жана өнөрлүү адамдардан бата алганда, бата сөз менен бирге «алтын шилекейиңизди чачып коюңуз" – деп бөбөктүн "оозуна түкүртүү" ырымы да сакталган" [8, 74].

Кыргыз эл педагогикасында бата берүү методунун антиподу каргыш же каргоо методу.

Каргоо – бул салттуу «ачуу» сөздүн, ага ылайык мимика - жаңсоонун жана интонациянын жардамы менен бир субъекттин экинчи субъекттин жорук-жосунуна баа берип, бул терс аракеттин таасири менен пайда болгон өз кыжырлануусун аны менен бөлүшүү ыкмасы. Каргыш - кыргыз тилиндеги, эң жүрөк сестенткен, серт сөздөрдүн катарында тургандыктан, акыркы амал катары эң эле сейрек жана аз колдонулган. Буга байланыштуу изилдөөчү А. Абдулатов "Макал-лакаптар биз топтогон паремиялык фонддун 81%тин түзсө, каргыштар анда 0,3% гана бөлүгүн ээлейт" - деп белгилейт [3, 39]. Каргоо үчүн жагдай керек. Ал бир жагдайды чагылдырат, ошонун себебинен же айынан чыгат. Каргаш үчүн зарылдык негиз болот. Каргыш тигил же бул адам жалган сүйлөсө, ушак айтса, бирөөнүн мүлкүнө, каражатына же денесине жүйөөсүз зыян келтирсе, зорлосо, бирөөнүн өмүрүн кыйса, ата-энелик, уул-кыздык, күйөө бала-келиндик же бир туугандык милдетинен качса, бул парзын аткарбаса гана каргоо жаралат. Каргыштарынын эң оору бул ата-эненин каргышы болгон. Адатта ал "Ак сүтүмө эле койдум. Балалыктан кечтим, мен көргөндү сен да өз балдарыңдан көр. Кыз болбой кымыраң кал, өмүрүң бейпай өтсүн ылайым. Ата-энесин сыздаткан неме жакшылык көрбөй сыздап өтсүн" – деп айтылат. Жаман адам жок, адамдын баары эле бирдей, тарбиясы гана ар башка экендигин билдиришип, баланын жакшы же жаман болору тарбиядан гана деп ойлошкон. Ошентсе да эл болгондон кийин ээнбаш ишке барып, адептен ашык бейтартип кылгандарды "жолуң болгур!?", "атаңа наалат!?" - деген каргыштан да катуу сөздөр менен ооздуктап, жамандарга да, жакшыларга да кошушкан эмес. Салтты бузгандарды "журт

бузар” деп жектешкен. Мындай каргыш алган кыз же уулдун эл ичинде орду болгон эмес. Айласы кетип айылдан көчүп кеткендер да болгон.

Демек, кыргыз эл педагогикасында балдарды тарбиялоодо каргыш эң акыркы бүтүм, эң акыркы жазалоо амалы, методу болгон. Ошону менен бирге, “Жаман айтпай жакшы жок” - деген принципти кармануу менен ата-энелер балдарды ачуу сөз менен зекүү, какшыктоо, “тилдөө”, “жемелөө” амалдарын колдонуп келишкен.

Элдик педагогикада бул методдор балдардын жаш курагына жана жорук жосунунун олдоксондугунун деңгээлине жараша колдонушкан. Сөз менен жазалоо кыйытып айтуу мүнөзүндө болгон. Кыйытып айтуу же сөздүктө кыйытма - бир аз же кыйыр көрсөтмө же сунуш катары берилет. Педагогиканын тилинде ал балага кыйыр каймана таасир этүү амалы. Алсак, “Керегем сага айтам, келиним сен тыңша”- деп кыйытып айтып, жаштарды зирек, бардык нерсени байкаган акылдуулукка, адептүүлүккө тарбиялоого аракет кылышкан. Орду менен айтылган сынды кабыл алууга туюму жетпеген балдар, кыздарды “Мурдун балта кеспейт!” – деп катуу сынга алышкан. Бирок, орунсуз эле урушуп тилдеген ата-энелер коом тарабынан ар дайым сынга алынган. Буга байланыштуу “Жакшы сөз жыланды ийининен чыгарат”, “Жакшы адам таап сүйлөйт, жаман адам каап сүйлөйт”, “Чаап айтканча, таап айт”, “Чайкап сүйлөгөнчө, байкап сүйлө” - деген макалдар тикеден тике балдарды тарбиялоо практикасына байланыштуу ата-энелерге да тиешелүү болгонун эске алуу абзел.

**Улууларды урматтоого тарбиялоо тажрыйбаларынын үй-бүлө турмушундагы сакталышы, өнүгүшү**

Улууларды урматтоого тарбиялоо тажрыйбаларынын азыркы абалы ал тажрыйбалардын баалуулук катары канчалык даражада кабылданып инсандардын пейил мүнөзү менен жүрүм-турумда көрүнүшү менен айкындалат. Уламалуулуктун мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ылайык мурунку баалуулуктардын кийинкилерге мурасталышы дайыма эле түз сызыктуу болбой, улам жаңы шарттарда түр түспөлүн өзгөртүп, кемип же байып олтурат. Ушул ыңгайдан алып караганда кыргыз коомуна ислам дининин кириши кыргыздардын салттык руханий - адептик маданияты менен көп жагынан төп келип, анын айрым баалуулуктарын, эрежелерин тереңдетип, кеңейткенин көрүүгө болот.

Исламда «Аллахтын ыразылыгы ата-эненин ыразылыгында», «Бейиш энелердин таман астында» - деп алардын ыраазычылыгына татыган инсан

болууну биринчи орунга коёт. Хадистерде “Ата-энеге катуу кыйкырып сүйлөбөө, алардын алдын баспоо, алардын алдына олтурбоо жана эрте менен кечкисин алардын колун өөп учурашуу, алардан көп-көп бата алуу зарылдыгы” - айтылат. Элдик салтта да, динде да, ата-энени сыйлоо балдар үчүн өзүнүн жашоосундагы эң баалуу жүрүм-турум катары эсептелген. Исламда ата-энеге сый-урмат көрсөтүү жана жакшылык кылуу балдарына парз. « Ата-энеңе жакшылык кылсаң, кийин балаң дагы сага жакшылык кылат.» (Табарани).

Азирети Пайгамбар: “Токтоосуз кабыл боло турган үч дуба бар: Алар: ата-эненин перзенти үчүн тилеген дубасы, сапарда жүргөн жолоочунун дубасы жана кордук көргөн жандын дубасы” (Абу Давуд, витр, 29/1536; Тирмизий, Бирр, 7/1905, Дааватт 47; Ибн Маажа, Дуа 11).

Исламдагы хадистер кыргыз элинин “Улууларды урматтабагандар бизден эмес” деген ойду билдирүү менен ата-энеге жакшы мамиле кылуу, аларга жылуу жана таттуу сүйлөөсү буйрук кылынып жана башка ушул сыяктуу талаптар менен толукталган.

Советтик мезгил муундар ортосундагы мамилелер өңүтүнөн караганыбызда төмөнкүдөй өзгөрүүлөр менен коштолду: жаңы коомдук социалдык мамилелер эл ичиндеги чарбалык, укуктук маселелерди чечүүдөгү аксакалдардын салттык ролун экинчи планга жылдырды; саясий жана чарбалык-экономикалык маселелерди чечүү жаңы илим билимдерге негизделгендиктен, карыялардын билим жана тажрыйбаларына болгон муктаждыкты кыйла чектеди. Бирок жогоркудай  факторлор салттык маданият  чөйрөсүндө муундар ортосундагы мамилелердин, улууларды урматтоо баалуулуктарынын тайыздашына олуттуу таасир эткен эмес. Тескерисинче карыяларга карата кам көрүү мамлекеттин социалдык саясатынын негизги багыты катары белгиленип, алардын коомдогу ролун баалоо,  сыйлоо айрым багар карары жок карыяларга  жакындан жардам көрсөтүү ишине мектеп окуучулары да активдүү катышкан.  Буга Аркадий Гайдардын "Тимур жана анын командасын" мисал келтире алабыз. "Тимур жана анын командасы" китебинен алынган, анын каарманы Тимур фронттогу жоокерлердин үй-бүлөлөрүнө, кары-картаңдарга же оорулууларга тымызын жардам берген жигиттерден турган отрядды уюштурган.

Эгемендүүлүк доору кыргыз элинин руханий–адептик баалуулуктарын, анын ичинде улууларды урматтоо салттарын сыноо

катары ортого чыкты. Бүгүнкү күндө улгайган адамдарга сый-урмат мамиле жасоого тарбиялоо зарылдыгы мамлекеттик деңгээлде тастыкталууда.

"Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясында" (2021) мекенчилдик, ата-энеге болгон сый-урмат, улууларга жана кичүүлөргө камкордук көрсөтүү негизги баалуулук катары айкындалган.

## Адабияттар:


1. Кыргыз республикасынын конституциясы. Кыргыз Республикасынын 2021 жылдын 5 майындагы Мыйзамы менен кабыл алынган: [Электрондук ресурс]. Кайрылуу адреси:: https://cbd.minjust.gov.kg/112213/edition/1202952/kg (Кайрылуу датасы:24.10.2024).
2. "Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы": [сайт]. URL: : [Электрондук ресурс]. Кайрылуу адреси: https://cbd.minjust.gov.kg/430539/edition/1084953/kg (Кайрылуу датасы:24.10.2024).
3. Абдулатов А. Паремияларды когнитивдик-педагогикалык максатта сыпаттоонун айрым проблемалары. - Ош: Б-сыз, 2006. 149 б.
4. Акматалиев, А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 б.
5. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы.– Б.; 2018. – 112 б.
6. Дюркгейм Э. Социология. Ее предмет, метод, предназначение / Э. Дюркгейм ; пер. с французского А. Б. Гофмана. — 4-е изд., испр. — М. : Издательство Юрайт, 2019. — 308 с.
7. Каратаев О.К., Эралиев С.Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. Б.: Бийиктик, 2005.- 600 б.
8. Кармыштегин Макелек Өмүрбай уулу. "Манастын" акылы – Бишкек : Улуу Тоолор, 2016. - 612 б.
9. Кожоева Г. Бата берүүнүн прагматикалык мааниси // ВОГУ. 2023. №1. URL: https://cyberleninka.ru/article/n/bata-ber-n-n-pragmatikalyk-maanisi (дата обращения: 26.10.2024).

10. Койчуманов, Ж. Элдик педагогиканын берметтери - Бишкек, 1998. - 234 б.
11. Кыргыз тилинини түшүндүрмө сөздүгү/ Ред. Э.Абдулдаев, Д. Исаев. Кыргыз ССР Илимдер Академиясы, Тил жана адабият институту. – Ф.: «Мектеп», 1969. – 622 б.
12. Кыргыз эл жомоктору. – Б., 2011. -118 б.
13. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: элдик ишенимдер, тыйымдар жана табыркалар. – Б.: Бишкек, 2016. 55 -б
14. Общая теория воспитания: учеб. пособие / С.Ю. Темина. М. : ИНФРА-М, 2018. 210 с.
15. Ыйман жарчысы “Турар” Бишкек, 2017- 142 б

## Экинчи бөлүм

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ ЖАШТАРДЫ ГЕНДЕРДИК-РОЛДУК МАДАНИЯТКА ТАРБИЯЛОО БААЛУУЛУКТАРЫ

Изилдөөбүздүн борбордук идеясын кыргыздардын салттык маданиятындагы улан-кыздарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо баалуулуктары түзөт. "Салт — укумдан тукумга өтүп, кандайдыр бир социалдык топто узак убакыт сакталуучу коомдук жана маданий мурас элементтери; белгилүү бир коомдук тартип, жүрүм-турум эрежелери, дөөлөттөр, идеялар, каадалар, адаттар". [1, 123]. Бүгүнкү илимде салттык баалуулуктар өзүнүн турмуштук күчүн жана баалуулугун далилдеген коомдук түзүлүштүн, маданий нормалардын, жүрүм-турум үлгүлөрүнүн системасы катары кабылданат. М.Вебер баалуулук жөнүндө сөз кылып жатып, аны норма катары карап, анын жашап турушунун негизги шартын субьект деп эсептеген [8, 123]. П.А.Якушевдин пикиринде салттуу баалуулуктарга «жогорку өзгөрүлбөстүк жана туруктуулук мүнөздүү б.а. көптөгөн муундар үчүн өз маанисин сактап калат. Ошол сыпаты менен социалдык нормалардын баштапкы аксиологиялык алкагы, булагы катары ортого чыгат [27, 13]. П.А.Якушев аларды «көз карандысыз универсалдуу түбөлүктүү цивилизациялык баалуулуктар» деп аныктайт. Ошентип, салттуу баалуулуктар бир жагынан маданий-тарыхый мурастарга жана турмуштук тажрыйбага негизделсе, экинчи жагынан элдин жаңы муундарынын дүйнө таанымында сөзсүз түрдө кайра жаралып жаткан баалуулуктар. Ошол эле учурда «салттуу баалуулуктар бара бара бекемделип күчтөнүшү да, мааниси азайып алсызданышы" да мүмкүн [27, 13]. Салттуу баалуулуктардын барлыгын жана иштешин анын структуралык элементтери (адат, ырым-жырым, каада-салт) – жүрүм-турумдун белгилүү маданий нормалары камсыз кылат.

Культурологиялык мамиленин алкагында (А. Шуц, М. Нордау) биологиялык жыныстык дифференциация чагылдырылган жана маданиятта эркек жана аял принциптеринин символизми аркылуу камтылган жүрүм-турум нормаларынын системасы калыптанган. Алар адамдардын турмуштук ишмердүүлүгүнүн процессинде өнүгүп, өнүгүүнүн салттуу түрүнүн, салттуу маданияттын авторитаризминин кайра жаралышын камсыз кылган, коомдук мамилелерди жөнгө салуунун

социалдык-маданий, ченемдик механизмдерин сактоо, кайра чыгаруу жана берүү боюнча бир катар олуттуу функцияларды аткарган.

Рухий маданият, анын ичинде гендердик-ролдук маданият барыдан мурда элдин тарыхы менен шарттала тургандыгы шексиз. И.С.Кон белгилеп кеткендей, “эмгектин жыныстык бөлүнүшү түрдүү адам коомунда анчалык универсалдуу эмес, алар биологиядан эмес, маданияттан көз каранды жана тарыхый кубулуш болуп саналат” [15, 65]. И.С Кон биосоциалдык констант болобу, же аялдардын эркектер жагынан эзүүсү болобу, жыныстардын социалдык өз ара мамилелерин детерминанттардын жападан-жалгыз системасына алып барып такоо мүмкүн эмес деп санайт жана жыныстык стратификацияны анын жыныстык символизми менен болгон байланышынын көз карашынан карайт [15, 71]. Байыркы мифологиялардын жыныстык символизмине ылайык эркек жынысы жаңылануу менен өзгөргүчтүктү, ал эми аял жынысы сактоо менен туруктуулукту чагылдырат.

“Гендердик-ролдук маданият” көйгөйү психология, биология, медицина, социалдык антропология сыяктуу көп кырдуу дисциплиналар аралык контекстте гана аңдалып ачыкталуучу түшүнүк. Анын негизин түзгөн “маданият” түшүнүгүнүн 500дөй маанисин аныктап жүрүшөт. “Жаңы философиялык сөздүктө” (2003) “маданият” түшүнүгү “материалдык жана руханий эмгектин натыйжаларында, социалдык нормалардын жана мекемелердин системасында, руханий баалуулуктарда, адамдардын табиятка, өз ара жана өзүнө болгон мамилелеринин жыйындысында көрсөтүлгөн адам баласынын ишмердүүлүгүн уюштуруунун жана өнүктүрүүнүн өзгөчө ыкмасы” – деп түшүндүрүлөт [19, 54]. Маданият турмуштун өзү сыяктуу көп пландуу, көп кырдуу. Алардын бир кыры жана түрү –бул гендердик маданият. Гендердик маданияттын аялдар менен эркектерге болгон таасири үзгүлтүксүз аракетте жана ошону менен табигый инстинкт сыяктуу бирге сезилгис процесс.

“Гендер” деген реалдуу жашоодо бар феномен жана анын негизинде курулган мамилелердин бардык системасына таандык. Гендердик сөздүктөрдө: “Гендер – аялдардын жана эркектердин социалдык жүрүм-турумун жана алардын өз ара мамилесин аныктаган, коомдо маданий жактан шартталган мүнөздөмөлөрдүн комплекси». [22, 54]. Гендер социалдаштыруунун белгилүү системасы, эмгектин

бөлүштүрүлүшү, коомдо кабыл алынган маданий нормалар, ролдор жана стереотиптер аркылуу түзүлөт. Гендер социалдык процесстерди түшүнүүнүн куралы да болуп саналат", – деп сыпатталат [22, 48]. Э.Гидденс "гендерди" "эркек менен аялдын ортосундагы физикалык айырмачылыктар эмес, аял менен эркектин социалдык калыптанган өзгөчөлүктөрү" деп түшүндүрөт [ 56, 51]. Анын пикиринде гендер эң обол "аял менен эркекке дал келген жүрүм-турумга карата болгон социалдык күтүүлөр". Гендердик лингвистика жаатындагы адис А.Кирилина түшүнүктүн пайда болуу тарыхын сүрөттөп жатып, "род грамматикалык категориясын түшүндүргөн англичандардын gender термини биологиялык жынысты түшүндүргөн sexus termininен "качуу үчүн" башка илимдердин изилдөнүү талаасына өткөрүлгөнүн белгилейт [14].

"Гендер" түшүнүгү инсандын жынысы социалдык өз ара аракеттенүү өзгөчөлүктөрү менен шартталганын жана эркектерге тиешелүү "кайраттуулук" жана аялдарга тиешелүү "назиктик" (эркектик – аялды эркектен айырмалап турган сапаттардын жыйындысы) жөнүндөгү социалдык түшүнүктөр менен шартталган деп болжойт. "Эркектик" жана "аялдык" жүрүм-турумдун мүнөздөмөлөрүн бөлүп көрсөтүүдөгү айырмалоочу сыпаттар болуп көбүнчө инсандын социалдык сапаттары саналат: тайпа ичиндеги статусу, аткарган социалдык ролдору (эне – ата) ж.б.

Гендердик ролдорду болсо билим алуудагы, кесиптик ишмердүүлүктөгү, бийликке жетишүүдөгү, сексуалдуулуктагы, үй-бүлөдөгү ролундагы жана репродукциялык жүрүм-турумдагы жекече өзгөчөлүктөрдү аныктаган социалдык статус катары мүнөздөөгө болот. Социалдык статустар аталган коомдун маданий мейкиндигинде жашайт. Демек, гендердик статус жана гендердик маданият түшүнүктөрү өз ара тутумдаш.

Г.Н. Карелованын пикиринде гендердик маданият тарыхый уламалуулук мыйзамдары менен өнүгөт. Ар бир доор гендердик маданияттын өнүгүүсүндө өз үлүшүн кошот. Бирок, жаңы маданий кубулуштар мурда кабыл алынган баалуулуктардан баш тартууну түшүндүрбөйт. Конкреттүү муундардын тажрыйбасында жаралып жана бекип, гендердик маданият келечек муундарга өткөрүлүп берилет жана мурастоо процессинин натыйжасында табигый нерсе катары кабыл алынат [13, 22]. Гендердик нормалар төмөнкү функцияларды аткарат: 1) гендердик

окшоштуктун калыптануу процессинде түрдүү жыныстагы жаш балдарды тайпаларга интеграциялоо; 2) эркек жана аял жынысынын өкүлдөрүнө дал келген жүрүм-турумдардын моделдерин, эталондорун калыптандыруу; 3) гендердик нормадан сырткары гендердик социализациянын жалпы жүрүшүн жана жүрүм-турумун жөнгө салуу жана текшерүү (мисалы, биз көбүнчө момундай сөздөрдү угабыз: «Аялдар (кыздар) өзүн минтип алып жүрбөйт», «Эркек (уул бала) деген минтпейт».) Ошентип, гендердик нормалар башка нормалар сыяктуу эле – бул эң биринчиден адамдын аны курчап турган адамдарга карата болгон милдеттери, бирок, ошол эле учурда башка адамдардын айрым эркектер менен аялдарга карата болгон (кичи тайпанын, чоң тайпанын, бүтүндөй коомдун) күтүүлөрү. Гендердик нормалар социалдык нормалардын түрү катары нормалардын башка түрлөрү менен жалпы сапаттарга ээ болуу менен бирге алар өзүнүн спецификасына ээ. Биринчи айырмачылык – бул гендердик нормаларда маданий түзүүчү башка түрдөгү нормаларга салыштырмалуу көбүрөөк мааниге ээ (саясий, моралдык нормалар). Бул гендердик нормалар басымдуу түрдө маданий каада-салттар, символдордун негизинде калыптанып, коомдук аң-сезимде маданият продуктуларынын жардамы менен таркап, бекитилген, алардын ичинде элдик чыгармачылык (мифтер, жомоктор, ырлар) жана заманбап массалык маалымат каражаттары чоң роль ойногон. Андыктан гендердик нормалар социомаданий феномен катары изилденүүсү керек.

Ошентип, гендердик-ролдор башка адамдарга инсандын эркек же аял экендигине баа берүүгө мүмкүндүк берген жүрүм-турум үлгүлөрүнүн жана мамилелеринин тышкы көрүнүштөрү. Дүйнөдөгү ар бир улут өзүнө таандык кайталангыс гендердик-ролдук маданиятка ээ.

Кыргыз тилинде аял эркек ортосундагы гендердик мамилелерди карама-каршы полюстагы чектерине байланыштуу жалпы сөздөр, түшүнүктөр кездешет. Маселен чечкиндүү, убада шертке ылайык өз мезгилинде аткарылган ишти “эркекче болуптур” –деп коюшат. Ошону менен бирге убададан тайган учурда “эркекче болбой калыптыр” – деген ирония таризиндеги сыпаттама туюнтмалар кездешет. Муну аялдар менен эркектердин иш-аракетин айырмалоо эркектердин ролдук бейнесине, маданиятына коюлган бийик талап катары кароого болот.

Кыргыздардын адам табияттын бир бөлүгү деген туюму курчап турган ааламды адамзададан жолу улук деп эсептөөсү, жандуу

жаратылышка сыйынуусу тарбиялоо ишин табиятка шайкеш жүргүзүү салтын калыптандырган. Кыргыз коомунда эркек жана кыз балдардын гендердик табигый стреотиптерине шайкеш келбегендиги башка адептик нормалардан оолакташына өбөлгө болуучу кооптуу факт катары каралган.

Ошондуктан коомчулук “Кыздын кыздай, кыштын кыштай болгону жакшы” –дешип ар бир баланын өз жынысындагы калыпка салынып калган сапаттарга ээ болушун талап эткен.

Буга байланыштуу Калыгул ойчул акын “Эркек үндүү аялдын уяты жок,

Катын үндүү эркектин кубаты жок” – деп тыянак чыгарат [5, 43].

Кыргыздардын салттуу маданиятында гендердик мамилелерге байланыштуу баалуулуктар үй-бүлөдө жаралып муундан муунга салттык билим катары жана мурасталып кайра жаралып, өнүгүп олтурган.

Кыргыз үй-бүлөсү патриархалдык жамаат болгондуктан анын маданий алкагы кандаш туугандар, бир уруу мүчөлөрүнөн, түрдүү жамааттардын өз ара таасир көрсөтүү аракеттеринен турган. Адатта кыргыз үй-бүлөсү чоң ата, чоң эне, ата-энеси, балдары, неберелери болуп бир нече муундун өкүлдөрүнөн турган.

Салттуу коомдо тукум улоо эң башкы баалуулук катары калыптангандыктан ата-энелердин негизги милдети балдары нике курагына жеткенде үйлөндүрүү болгон. Кыз же күйөө тандоодо «тегине» чоң маани берилген. Кыргыз элинде «Катын албай кайын ал, Тектүү жерден кыз ал» деген илгертеден келе жаткан осуят сөздөр бар. Тектүү жерден келин алуу же кызын тектүү, нарктуу жерге узатуу ата-энелердин тилеги болгон. А. Алимбеков бул жагдай тууралуу минтип жазат: «Мындагы «тектүү» деген сөз кээ бирлер тескери чечмелеп жүргөндөн, кайын журттун материалдык жактан жетишкендиги, байлыгы дегендик эмес. «Тектүү» деген түпкү ата-тегинен бери эл ичинде каадалуу адамдык сапаттары бийик, нарктуу, өсүп-өнгөн, өрнөктүү адамдардын мураскери деген түшүнүк. Ошондуктан, куда-сөөк күтүүдө санжырага таянып алардын ата-тегин сүрүштүрүп билип, астейдил акылдашып, анан бүтүмгө келишкен. Анткени, санжырада кай тукумдун канчанчы муунунда кандай мыкты адамдар өткөндүгү өзүнчө жомоктолуп айтылат» [6,12].

Элдик макалдарда бул иш-аракеттин жүйөөсү төмөнкүчө ырасталат: «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат» — деп тыянак чыгарышкан. Бул элдик педагогикалык көз караш «Аккан

арыктан суу агат», «Алма дарагынан алыс түшпөйт», «Казанда болсо чөмүчкө чыгат», «Тулпардын изи суубайт», «Уздан учук артат». [16, 12].

Айрыкча келин менен күйөөнүн ата-бабаларынын эмгекчилдиги, коомдук аброю чоң роль ойногон. Алардын өмүр жолу менен жашоодогу өрнөктөрү келечектеги балдардын ден соолугуна жана мүнөзүнө таасир этиши мүмкүн деп эсептешкен.

Кыргыздардын салттык түшүнүгүндө табиятта бардык нерсе жуп болуп, бири-бирисиз жашоо кечире албайт. Биздин пикирибизде жубай сөзүнүн башатында “жуп”, “шерик” сөзү жатат. Бул сөздүн өзүндө бири-бирине тең укуктуу эки жыныстуу адамдын жашоо формасынын маани-маңызы ачыкталат.

Казак окумуштуусу А.С.Ибраева да «О некоторых особенностях правовой культуры казахского народа» деген эмгегинде белгилеп, казактардын бирдей укугу «жубай» деген сөз менен ырасталат деп бекемдеген [12, 27]. Бул сөз эрди-катын укуктар менен милдеттери бирдей эки жыныстагы адамдардын өз эрки менен биргелешип жашоосун аңдатат. Каршы жыныстагы эки тарап коомдо кабыл алынган ереже нормаларга ылайык үй-бүлө бирикмесин түзүшүп жаңы коомдук субьекттик милдеттерди аткарууга киришет. Жубайлык гендерлик мамиледе өз ара ымала бири-бирин толуктоо аркылуу гана гармония жаралаарына басым жасалат. Бул багыттагы элдик пикирлер “Аял жакшы эр жакшы, увазир жакшы хан жакшы”, “Жакшы аял жаман эркекти орто кылат, орто эркекти жакшы кылат, жакшы эркектин даңкын чыгарат”, “Биринчи байлык ден-соолук, экинчи байлык ак жоолук”, “Алысты жакын кылган кыз, ачууну таттуу кылган туз”, “Аталуу жетим арсыз жетим, энелүү жетим эрке жетим”, “Эрди эр кылган да, жер кылган да - аял” сыяктуу макалдарда таасын чагылдырылат.

Ар кандай коомдун, улуттун гендердик маданияты баарыдан мурда ошол коомдогу аял затына карата мамиленин даражасынан көз каранды. Экинчиден гендердик маданияттын нормативдик канондору ошол коомдо түптөлгөн аялдардын идеалдык образы менен өлчөнүп бааланат. Үчүнчүдөн, коом тарабынан жогорку баалуулук катары кабылданган гендердик-ролдук маданиятты камсыз кылууга калыптандырууга багытталган улуттук таалим-тарбия системасы менен аныкталат.

Кыргыздардын салттык турмушунда кажар күчтү талап кылган эмгектин түрлөрү арбын болгондуктан, турмуш тиричилик өткөрүүдө

аялдарга салыштырмалуу эркектердин ролу өзгөчө болгондугу акыйкат. Кыз туулса кырк байтал, уул туулса союл кармаар» деп айтылат. Мунун маанисинде кыз байлык алып келет, уул элин коргогон жоокер болот деген түшүнүк жатат. Бирок, үй-бүлөлүк турмушта аялдын орду да чечүүчү мааниге ээ болгон. Салттык мал чарбачылык эмгек кыргыздарда гендердик-ролдордун тең салмактуулугунун сакталышынын обьективдүү себептеринин бири болгон. С.М. Абрамзон белгилегендей: "Кыргыздын чарбачылыгында ар кыл үй тиричилик жумуштары кыйла маанилүү орунда турган, ал тиричиликтер мал чарбачылыктын продуктуларын иштетүү менен байланышкан. Эркектер жазында жана күзүндө кырккан койлордун жүнүнөн аялдары ийик менен жип ийришкен. Алар өрмөктө ошол жиптерден таарлардын түркүндөрүн токуп кементай, чепкен, чапан, шым, кап, куржун, ошондой эле боз үйдүн эмеректерин, жип-шуруларды даярдашкан [2, 354].

Кыргыз элинин тарыхый өнүгүш этаптарындагы гендердик маданияттын дүйнөлүк маданият дөөлөттөрү менен тектеш өрнөктөрү тууралуу Ч. Айтматов төмөнкүдөй деп жазган: «Эпостун бийик гуманизми ыйман сабагындагы таасын тартылган аялдын образынан эле сезилет. Ал гана эмес, бүгүнкү күндүн эстетикалык талабы, түшүнүгү менен мамиле этсең, эпостогу аял анчейин ишкер, колунан көөрү төгүлгөн уз гана эмес, эң оболу ал өзүнчө сын көз карашка ээ болгон индивид, инсан. Ошону менен бирге ал жоокердин теңтайлаш шериги, акылман кеңешчиси, баатырдыгынан да кем калбаган жан жолдошу. Ошол түнт заманда дүйнөлүк прогресинин сырткары шартта жаралган элдин эпосунда аялга ушундай баа берип, аялдын акылын, ибаатын, ишмердүүлүгүн, баатырдыгын романтизациялаган көркөм чыгармага азыр да таң калбай кароого мүмкүн эмес" [3, 121]. Атактуу кыргыз жазуучусунун бул пикири кыргыз элинин салттык маданиятын сырттан карап баалаган башка өлкөлөрдүн аалымдарынын байкоолору менен тастыкталган.

Алсак, Феликс Рокка өзүнүн XIX кылымдын аягына таандык "Памир жана Алай кыргыздары" аттуу эскерүү эмгегинде кыргыздардын гендердик маданиятына мындайча баа берген: «Алар эч качан жүзүн жаап, өзбек, тажик аялдарындай болуп басынышпайт, тескерисинче, өз эркектери менен тең катар укукка ээ болушат. Үй-бүлө жана уруу маселелери чечилип жатканда аялдардын ою да сөзсүз эсепке алынат», - деп жазган. [20, 65]. Саякатчы аялдардын коом турмушундагы функционалдык ролундагы

айрым өзгөчөлүктөрдү төмөнкүчө белгилеген: *«*Ал тургай согуш учурунда же башка бир тополоң болгон күндөрдө да кыргыз аялы тынч отура албайт, кээде алар өз боз үйүнүн бейпилдигин коргоо үчүн кармашка кирген учурлар болгон. Байыркы авторлордун Каспий боюнда көчүп жүрүшкөн амазонкалар жөнүндөгү аңгемелери кыргыз жана түркмөн аялдарынын ат үстүндөгү турмушун элестетет. Эркт үүлүгү, чарбачыл акылмандыгы менен Азия талааларынын аялдары XIII кылымда эле Туран өлкөлөрүнө саякатка барышкан европалыктарды таңдандырган" *[20, 46].*

*Ал эми И.П. Ювачев* Курманжан датка жана ал жашаган кыргыз коомундагы аял затынын статусун тектеш кошуна элдер менен салыштырып артыкчылыктуу жактары бар экендигин мындайча моюндаган: «Адатта Түркстандагы мусулман аялдарынын эч кандай укугу болбойт. Күйөөлөрү аларды пулга сатып алган оокаты катары көрүшөт. Күйөөсү аялын башка кишиге көрсөтпөйт. Аял киши тышка чыгып калса бетин кара чүмбөттөп, башынан аягына чейин паранжы менен жаап алышы керек. Паранжы бир көргөн кишинин көзүнө өтө эле өөн учурайт. Кыргыздардын аялдары тышта болобу, үйдө болобу өз каалаганындай жүрө берет. Ал жүзүн бирөөдөн эч качан жашырбайт. Кийген кийимдери да кудум эле эркектердикиндей ийиндерине чаар чапан жабынышат, баштарында болсо ак элечек. Бир болгон айырмасы - аялдар элечекти ээк алдынан байланып алышат. Кыргыз аялы ат үстүндө эркин жүрөт, чарбачыл, конок-кечени жайдары тосуп алган үй ээси" *[26, 250].* Ал *"*Кыргыз аялы коомдук иштерге катышкан мисалдар да болгон», - деп кыргыз аялдарынын башкалардан өзгөчөлүгүн көрсөткөн. 1898-жылы "Туркестанские ведомости" журналына жарык көргөн бир маалыматта кыргыз аялдарынын ошол катаал доордогу акыл дараметі өтө суктануу менен мүнөздөлүп, анын себеби *«бул жерде эч таң кала турган нерсе жок, анткени кыргыздарда акылдуу аялдар зор таасирге бөлөнүп келген»,* - деп ачыкталат [26, 248].

Соңку доордогу бул интегралдык бүтүндөмө мүнөздөмөлөрдөн байыртан бери кымындайдан кыналып, түптөлүп, калыптанып келген уңгулуу маданияттын издерин көрүүгө болот. Бул маданияттын баалуулуктарынын башаты байыркы мифтерде да катталып калган. Аялдар тууралуу байыркы маданияттын уңгулары оболу Умай-эне феноменине топтолгон. Кыргыз тилинде «умай» жомоктогу асманда уялаган сыйкырлуу кушту билгизет. Ал перстердин дүйнөлүк даракта байырлаган кушту

билгизген хума деген сөзүнөн ооп кирген. Умай Кудай түшүнүгү качандыр бир кезде байыркы жалпы адамзаттык мотив менен бардык жандууну жаратуучу тукумчулдуктун, түшүмдүүлүктүн символу” [7, 30].

Махмуд Кашгаринин сөздүгүндө умай эне түшүнүгү байыркы кыргыздардын көз карашына тектеш мааниде төмөнкүдөй чечмеленет: **(мим). Умай –** жолдош, эш, тон (аялдар төрөгөндө баладан кийин түшө турган баланын жолдошу). [17]. Төрөткө ким жардам берсе, ал уулдуу болот. Аялдар муну жакшылыкка жорушкан.

С. М. Абрамзон өз эмгектеринин бирinde “Умай-энени ириде балдардын, аялдардын төрөт учурундагы колдоочусу катары урматтоо сакталып калгандыгы айтылган” [2].

Кыргыздар арасында Умайдын образынын бекем орношунун мисалын руханий мурастардан да, материалдык маданият эстеликтеринен да көрүүгө болот. Материалдык маданияттын үлгүлөрүнө жаткан килемдерден, туш кийиздерден жана зергерчиликтен Умай эненин образын жолуктурууга болот.

Салттуу кыргыз коомунда аялзатына жубай катары өтө чоң милдеттер жүктөлгөн. Салттуу коомдогу аялдардын гендердик-ролу бир катар чыгармаларда сыпатталат. Изилдөөчү А.Алимбеков [6] жана Р. Умаровалардын [24] изилдөөсүндө кыргыз аялдарынын гендердик-ролунун критерийлери “Үйдүн куту, акыреттик жар”, Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги”, “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон, меймандостук”, “Мээрман энелик, табигый тарбиячылык”, “Мээнеткечтик, чебер уздук” сыяктуу түшүнүктөрдүн чегинде аңдап анализденген.

Жогоркудай жана башка мүнөздөмөлөргө таянуу менен инсандын гендердик-ролдук маданиятын “Жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу”, “Мээнеткечтик, эптүүлүк, сындуулук”, “Тукум улоо, ата -эне болуу”, “Ак никеден балалуу болуу”, “Ата-энелик ролдук педагогикалык функция”, жубайлардын өз ара мамилесинин салттык нормалары төмөнкүдөй баалуулуктардын чегинде талдоону туура деп эсептейбиз.

1. *Жубайлардын өз ара бири-бирин толуктоосу*. Кыргызда үй-бүлө өз ара бири-бирин толуктаган жубайлар союзу катары кабылданган. Буга байланыштуу "Эки бакыр, бир тукур" деген макал бар. Анын түпкүрүндө

аял эркек баш кошсо мейли алар экөө тең кембагал болсо да бири-бирин сүйөп, таяп олтуруп очор-бачар болуп толук кадыресе үй-бүлөлөрдүн катарына кошулуп кетет деген үмүт тилек жатат. Бирок, салттык көз карашта үй-жубайлар союзунун бекемдиги аялдардын гендердик-ролдук функцияны аткаруу даражасынан көз каранды болот.

Үй-бүлө институтунда аялдардын негизги ролу - аял болуу. Ал эркектин жакасын агартып, тапканын эки кылып, оокат ашын белендеп, очоктун отун өчүрбөй, казанын кайнатып берекесин арттырып турууга милдеттүү. *«Кыздуу үйдө кыл жатпайт», "Аял кишини ашынан тааны", "Аялдын азабы көп, түйшүгү түмөн"* –деген макалдар дал ушуну туюнтуп турат. Ошону менен бирге, андай аял эркектин талабын кабак кашынан байкап, ар дайым сый ызаат менен мамиле кылат. Элдин талабына ылайык жакшы аял эң обол өз күйөөсүн сыйлап, жакшысын чыгарып, жаманын жашырып, сыр сактаган акылгөй адам... Изилдөөчү Д. Молдокулова белгилегендей "Күйөөсүн сыйлоо, анын кийим кечесине, урунган буюмдарына аяр мамиле жасоо кыргыз аялына мүнөздүү сапаттардан болгон. Ал жубайынын кийимин, курал жарагын, ат жабдыктарын жерге таштаган эмес жана аларды тебелеп аттап, же алардын үстүнө олтурган эмес. Ошондой эле балдарынан да ушундай кылууну талап кылган" [18, 32].

Кыргыз үй-бүлөсүндө аялдын күйөөсүнө «атасы», «балдардын атасы» сыяктуу ар кандай сөздөр менен атап, ага сиз деп кайрылганы да анын балдардын алдында аталык таасирин, жоопкерчилигин арттыруу багытындагы изги адеп болгон.

Кыргыз коомунда эркек адам үйлөнгөндө аялдын, үй-бүлөлүк жоопкечиликтин таасири менен оң багытта олуттуу өзгөрөт деген түшүнүк жашайт. Ошонуктан көчмөн кыргыз коомунда эркектер жар тандоодо алардын акыл парасатын биринчи орунга коюшкан. «Манас» эпосунда: "Манасты Манас кылган Каныкейдин акылгөйлүгү", - деген сөздү бүт эл оозунда талашсыз чындык катары айтылган. Эл ичинде Курманжан датканын акылдуулугуна, тил билгичтигине карай көбүнчө «Акылдуу», «Акылга терең», «Акылы артык», «Адамдан бөлөк акылы», «Ыраазы кыла сөз айткан» –деген эпитеттер арбын учурайт.

*1. Мээнеткечтик, эптүүлүк, сындуулук.* Элдик макалдардагы "Иши жоктун, ашы жок", "Адамды сөзүнөн таанибайт, ишинен тааныйт" – деген туюнтмалар кыргыз үй-бүлөсүнүн бакубаттуулугунун негизги

шарты жубайлардын эмгекке даярдыгы, өнөрү болуп эсептелгендигин ырастап турат. Кыргыз жомокторунда уландар менен жигиттер өзүнүн үй-бүлөлүк турмушка даярдыгын тастыкташ үчүн өнөрүн эл алдында көрсөтүү сыноосунан өтүшкөн. Мындай өнөргө ээ болуунун чектери ченемсиз болгон.

Көчмөн кыргыз коомунда жубайлар өзгөчө эркектер  жайчылыкта өнөр узанып, жоо келгенде даяр жоокерге айланып, эл жерин коргоого даяр болуш керек болгон. Ошон үчүн кыргыздар эркектерге “Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат” –деп аларды бардык чөйрөдө арка бел тутушкан.

Аялзаты ар качан үй ичи жана үй сыртындагы эмгеги аркылуу таанылган. Ал эми «Жабуулуу кара инген» үй турмушунда бардык түйшүктү мойнуна алган, уздугу, чеберчилиги менен айырмаланган, ушак-айыңга кошулбаган, ашыкча кеп сөзү жок, көтөрүмдүү, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аял. Аялзатына карата мындай аныктамалар «Манас» эпосунда да учурайт: «Ак көрпө жайыл ургаачы, Аты элге дайын сындачы. Жабуулуу кара инген. Жакшысы элге билинген».

Аялзатынын иштерман, мээнеткечтигине, кылган эткенине карата жогорку талап азыр да күчүндө. Айылга келген жаңы келин жөнүндөгү маалыматтар анын чырайы же башка касиеттери жөнүндө эмес, кылган эткени жөнүндөгү кептер менен башталат.

Кыргыз маданиятында аялдардын гендердик-ролдук сыпаттары эл көзөмөлүндө болуп, кемчил жактарына берилген баалар эл оозунда сакталган, аңыз кептерде, макалдарда катталып калган. Алардын айрымдары төмөнкүлөр “Адеби жок аял кабанаак итке окшош”,  “Ажаан аялың болгуча, ажаан итиң болсун”, “Бейжай аял белгисиз ыйлайт”, “Жаман аял белгиси казаны калат жуулбай, кабы калат буулбай”,  “Жаман аял кетем деп коркутат, жаман эркек өлөм деп коркутат”.

Гендердик-ролдук маданияттагы мындай кем өксүктөр айрыкча акындар чыгармачылыгында өзгөчө тема катары калыптанган. Эл ырчылары эл арасында айткан санаттарында аялдардын жосунсуз жоруктарына басым жасашып, маңдайында санатын угуп олтургандарды андай адаттардан алыс болууга чакырышкан. Айрыкча бул темадагы санат, термелер айрыкча кыз балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, ал эми бойго жеткен уландарды жар тандоого багыттоодо өзгөчө мааниге ээ болгон.

2. *Тукум улоо, ата -эне болуу.* Үй-бүлө социумду кайра өндүрүүнүн эң негизги социалдык институту. Польшалык белгилүү социолог Я. Щепанский белгилегендей «... бардык социалдык институттардын ичинен «ичинен өсүп чыккан» жалгыз социалдык организм үй-бүлө болуп саналат" [25]. Үй-бүлө аркылуу адамдардын мууну алмашып, адамдын өзүнүн өнүгүүсү, уруктун уланышы камсыз болот. Демек, улуттун уланышы үй-бүлөнүн тукум улоо ролдук биомаданий функциясы аркылуу жүрүп олтурат. Бул мыйзам ченемдүүлүк бардык дүйнө элдерине, анын ичинде көчмөн кыргыздарга да өзгөчө таандык болгон. Кыргыз элинде баласыз үй-бүлө, үй-бүлө деп эсептелген эмес. Ошондуктан элибизде «Балалуу үй — базар, баласыз үй — мазар» дешкен. Кыргыздарда телегейи тегиз үлгү боло турган үй-бүлө катары көп балалуулар эсептелген. Төрөбөс аялдар үй-бүлөдө укугу жок болуп, абдан чоң кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, айрым учурларда өмүр бою басынып, кээде турмушу трагедиялуу аяктаган. «Бээ туумайынча байтал аты калбайт, катын туумайынча келин аты калбайт», «Туубаган катындан улактуу эчки артык», «Куу баш болчу жигитке туубас катын жолугат» сыяктуу макалдар жөн жеринен чыкпаса керек. Ошентип, үй-бүлө курса да, балалуу болбой, эртең бакытка тунган күндөр болор деген үмүт менен төрөбөгөн аялдар мазарларга барып, ар кандай ырым-жырымдар жасаган, ыйык жерлерге зыярат кылуу менен жер-сууга да сыйынышкан. Балалуу болуу эркектердин да коомдогу статусун аныктоочу күчкө ээ болгон.

"Коркут ата китебинде" да балалуу болууга аябай маани беришкен. Баласы жокторду Кудай каргаган, аларды биз да каргайбыз, дешкен. "Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ырында" Тойго келген коноктордун эркек баласы барларын ак боз үйгө, уулу жок бирок кызы барларды кызыл боз үйгө, уулу да, кызы да жокторду кара боз үйгө киргизет. Кара үйгө кирген конокторго кара кийизге отургузуп, кара койдун эти менен томат аралаштырып куурулган тамакты алдыларына коюп, жегендер жесин, жебегендер кетсин деген экен. "Же уулу, же кызы жок жандарды Алла Таалам өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз". Бул Түрк элдеринде үй-бүлөнүн коомдогу орду балалуу болуп, болбогондугу менен да көрсөтүлөрүн айтууга болот. Салттуу коомдо аял да эркек да тукум улоосуз жалпы инсандык өңүттө да, гендердик-ролдук аспектте да толук баалуу коом мүчөсү катары эсептелген эмес.

3. *Ак никеден балалуу болуу.* Кыргыз коомунда үй-бүлө ак нике аркылуу гана курулган. Нике – бул үй-бүлө куруу максатында, аял менен

эркектин ортосундагы тең укуктуу жана өз каалоосу менен ишке ашырылган келишим. Жалпы түрк элдери, анын ичинде кыргыздардын түптүү салттарына ылайык ак нике менен гана үй-бүлө куруп, тукум улоонун негизги шарты катары каралган, б.а. бала ак нике аркылуу курулган үй-бүлөдө гана төрөлүшү шарт. Ак никесиз төрөлгөн балада кут болбойт. Бул идея жалпы түрк элдерине таандык "Бисаттын Төбөкөздү өлтүргөнү" аттуу аңгемеде ар тараптуу ачыкталат. А.Алимбеков адилет белгилегендей "Бул аңгемеде адам коомунда адеп-ахлактык салттардан тышкары адам пендесинин айбанаттык инстинктине ээ боло албагандыгынан улам никесиз төрөлгөн бала коом үчүн өтө коркунучтуу деген түшүнүк туюунтулат. Анткени, түрк элдеринин салттык түшүнүгүндө никесиз зынадан төрөлгөн балдар эл-журттун кутун учурат. Ошондуктан түрк элдеринде мындайларды "арам сийдик", "күмөн бала" деп аташып коомго кошушкан эмес" [6] . "Коркут бабанын бул аңгемесинде да Огуздардын башына түшкөн тукумун азайтууга негиз болгон мүшкүл эзелтен мыйзам катары калыптанган салтты бузган көрпенденин абийирсиз жоругунан улам келип чыккан сабакты туюнтат. Муну азыркы коомдогу жат көрүнүштөр да тастыктоодо. Никесиз төрөлгөн балдар татаал тагдырга туш болуп, турмушта бактылуу боло алышпай кылмышкерлердин катарын толтуруп бүтүндөй коомду оор түйшүккө салууда.

*5. Ата-энелик ролдук педагогикалык функция.* Ата-эненин эң негизги функциясы - бул тарбиячылык. Ата-энелер баланын тарбиясында жана инсандыгында негизги курулуш материалы ага ар тараптан таасир этүүчү эң биринчи жана эң маанилүү адамдар. Бул жөнүндө Коркут ата китебинде "Кыз энеден үйрөнбөй өнүгө албас, уул атадан үйрөнбөй сапар чекпес" – деп айтылат. Кыргыз макалдарында "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт", "Эжени көрүп сиңди өсөт", "Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт", "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат" –деп айтылат. Ырасында эле, кыргыз коомунда ата-энелердин балдарды коом талап кылган инсандык сапаттарга тарбиялоосу эң катаал талап катары каралып турмушта тикеден тике жетекчиликке алынган. Маселен, "Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт" деген макал жөн эле макал эмес, өз балдарына жубай издеген ата-энелердин эң негизги таяныч аргументи болгон. Анткени, кызга күн сайын, саат сайын таасир көрсөткөн адам бул анын энеси. Кыргыз коомунда аялзатынын кыз балдар менен бирге уул балдарды тарбиялоодогу функцияларын чагылдырган өрнөктөр арбын.

Алсак, Каныкей Семетейди аман гана сактап калбастан, анын келечекте мекенчил, баатыр болуп жетилиши үчүн күлгүн жаш өмүрүн садага чабат. “Тайторуну чабуу” окуясындагы Төлгөнүн далдаасында Каныкейдин Семетей үчүн бушайман болуп, “Ал атасын тарткан эр болобу, Ата Журтуна барып, элине кызмат көрсөтө алабы? Же эли журту менен иши жок, аңкөөдөк баатыр, чоң курсак бай болуп калабы?” – деген ой тынчытпайт.

Кыргыз эл педагогикасында *аталардын тарбиячылык-ролдук милдеттери* да өзгөчө орунда турган.

Кыргыз элинде «Балага ата сынчы», «Атадан өткөн сынчы жок», «Эненин балага каргышы – бок, атанын балага каргышы – ок» деген макалдар бар. Жакып мына ушундай аталык көз менен карап, дароо эле бул баланын бөлөкчөлүгүн – эр мүнөзүн, алп мүнөзүн көрө билет. Ошондо тышкы душманга кектенип жүргөн Жакып ата катары «өткөндөн алар өчүмдү, өч алганын көрөрмүн, өлтүрбөсө болду өзүмдү» деп наристенин жүзүнөн сүйөт. Ата менен баланын биринчи учурашуусунан эле атанын максаты эмне экендигин сезебиз. Арийне, инсандык жетилүүнүн бийик чеги катары «эр», «алп», «эр жигит» деген статуска уул балдардын баары түгөл жетише алган эмес. Ага атайылап уюштурулган тарбия мектебинен өтүп, өтө татаал сыноолор аркылуу жетишишкен. Ата салтын урматтаган балдар эрдик көрсөтөт, жоону жеңет. Бул өз ысмына ээ болуп, коом мүчөсү катары кабылдашынын негизги шарты болгон. Мурдагы салттар боюнча аталардын милдеттери азыркыга салыштырмалуу өтө эле көп кырдуу жана татаал болгон. Алар туш тарабы кооптуу көчмөндүк турмушта эл-жерин, үй- бүлөсүн коркунучтан сактоо үчүн эрдик көрсөтүү, үй-бүлөсүн эмгек кылып азык оокат менен камсыздоо, өзүнүн ордун ээлей турган балдарды тарбиялоо, балдарын үйлөнтүү үчүн татыктуу жар табуу сыяктуу кош кабат милдеттерди аркалашкан. Аталар үйүндө да, сыртта да коомчул адеп-салттарды алып жүргөн нарктуу болушун талап этишкен. Алар байыркы бабалардан мурасталган жашоо турмуштун ырасым салттарын сактоочу, келечек муунга кемитпей өткөрүп берүүгө милдеткер. Ушундай милдеттерди жерине жеткире аткарууга жетише алгандар гана ата деген наамга ээ болуп, эл-журт жана урпактары тарабынан кастарланган. Жалпылап айтканда аталык парызды толук жана татыктуу аткаруунун даражасы балдарынын ким болуп чыккандыгы менен аныкталган. Мындай акыйкатты өткөн доорлордо орун алып, азыркыга чейин уланып келе

жаткан турмуш салттары да ырастап турат. «Тигил же бул баланын нарктуу же наадандык жоругуна күбө болгондор: «Бул кимдин баласы болду экен?» – деп ата тегин сурашкан. «Атаӊа ыракмат!» же «Атаӊа наалат» –деп балага болгон ыраазычылык менен нараазычылыкты да атасына багышташкан. Кыргыз элинде уул балдардын эрдик көрсөтүп, өзүнө таандык ысмына ээ болуп, эл ичинде ээлеген ордунун өзгөрүшү энелердин да эӊ башкы тилеги болгон. Мунун түптүү маданият экендигин Күлтегин эстелигиндеги “Умай энедей каныша энемдин багына иним Күлтегин эр атын (наамын) алды” – деген жазуулар да тастыктайт. Энелер үчүн уул балдардын эр, алп болуп жетилишин түп жактан шыктандырып, ар кандай таасир көрсөтүшкөн. Алардын бири аӊгемелерде баяндалгандай энелердин баласы аӊчылыкка алгач аттанганда ырым кылып элдин батасын, ыраазычылыгын алуу ишин уюштуруу аракеттери болгон. Балдардын эр, алптыкка баш коюу акты энелер тарабынан өзгөчө кубаныч менен коштолгон салттык шаан-шөкөттөрдүн уюштурулушу перзентин “эр алп” катары жетилишинде энелердин бул процесске активдүү катышышынан кабар берет.

Кыргыз фольклорундагы дээрлик бардык каармандар өзүнүн турмуштук вазийпасын дал ушул функцияны татыктуу аткаруудан көрүшкөн. Мүнөз пейили ар кандай интерпретацияланып келе жаткан Жакып да Манас туура тарбия алып өзүнүн ордун басып, элге карамчыл болуп өсүшүн каалайт. Ошон үчүн Жакып «эркелетип тим койбой койчуга малай берип катыктыралы», — деп Ошпурга тапшырат. Тапшыраарда: “Аны хандын баласы экендигин эске албай кээде ач калтыр, башкалардай мал артында болуп байлык кайдан келээрин жон териси менен сезсин тил албаса жазасын бер!”, - деп тарбиялоо ыкмаларын да кошо айтып берет.

Элдик маданиятта аялзаты сыяктуу эркектердин гендердик-ролдук функциялары да тыкыр программаланган. Биз тарабынан талдоого алынган фольклордук, этнографиялык, этнопедагогикалык материалдар кыргыз элчил коомчул нравасы жетилген инсан тууралуу көз караштары айрыкча эмгекке тарбиялоо багытында ачык байкалат. Элде “эмгекчил инсан” жана “эл багар” түшүнүктөрү өз ара өтмө катар байланыштагы түгөйлөш түшүнүктөр. Макалдарда “Жанын баккан жарыбайт да, маарыбайт, элин баккан арыбайт да, карыбайт” - деп айтылат. “Манас” эпосунун айрым варианттарында *“Үйдө жатып эл бакмак, Бастырып келсе жоо алмак, Баатырдыктын белгиси”* -деп жай турмуштагы эмгекчилдик жана согуш майданындагы эрдик бир даражадагы баалуулуктар катары мүнөздөлөт.

Мында айтылган “үйдө жатып эл бакмак” урушсуз, тынч чөйрөдө элди байытуу жолу гана баатырдык жол экенин, ал “капкайда жүрүп эл чапмак, кагышып жүрүп мал тапмак кара өзгөйдүн белгиси”- болоорун ачык белгилеген.

Кыргыз эл педагогикалык маданиятында уул балдардын, эркектердин гендердик-ролдук функциялары “Эр жигит” түшүнүгүнө моделдештирилген. Кыргыз макалдарында «Эр жигиттин» моралдык кодекси эл ичинде эзелтен калыптанган төмөнкүдөй мерчемдер менен мүнөздөлөт: «Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат», «Жигитке бир сыр, жети кыр керек», «Элден безген эр эмес, жоодон качкан шер эмес», «Эр намыстын кулу», «Эрдин даңкын эмгек чыгарат». [16]

Эр жигит түшүнүгүнүн эзелтен калыптанган мазмунун ар тараптуу ачып көрсөтүү, аны жаңы доордогу руханий баалуулуктардын жана өз тааным-тажрыйбасынан келип чыккан акыл ойлор менен байытуу акындар чыгармачылыгында да салтка айланган көрүнүштөрдүн бири.

Алсак, «Барпы адамды ар кандай чен-өлчөмдөр менен ар тараптан келип карап, түрдүү мүнөздөрдү салыштырып талдап, терс жактарын иргеп таштап, оң сапаттарынан алып кошумчалап, жалпылап олтуруп (скульптор түрдүү этюддардан жалгаштырып келип бир тулкуну түзгөндөй), өз идеалындагы ошондой личносттун көркөм концепциясын иштеп чыккан” [11, 59].

Атап айтканда, акын «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын», «Жигиттик», «Марттык», «Баатырдык» деген ырларында биз сөз кылып жаткан эркектер тобунун мүнөз дүйнөсүн иликтеп, өзүнүн байкоолору менен коштоп, жалпылап, эр жигиттин ыраттуу идеалын түзгөн. Акындын пикири боюнча чыныгы жигиттин артыкча ар-намысы, сөздөрүнүн курчу, бекем эрки, өзгөчө сүрү болот. Чыныгы жигит барда да, жокто да ар-намыс менен адамдык наркты бийик сактайт. «Кедей да болсо малдуудай, Чырмаган дартка карабай. Чабан да болсо алдуудай, Чындык сөзүн бетке айтат, Чангеттен аккан шар суудай».

Ал эми Т. Сатылганов эр жигиттин эң негизги сыпаты эмгекчилдик жана мээнеткечтик экендигин белгилөө менен төмөнкүдөй осуят айтат:

Түрүнүп иштеп эр жигит
Тишиң барда таш чайна.
Ирээтиңди түзөтүп,
Иштебесең, аш кайда?

Эгин айдап, чөбүң чап
Эмгегиңден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак! [23, 51].

Демек акындар эркектер эмгеги, мээнеткечтиги, эрдиги менен үй-бүлөнүн да, элдин да тиреги тиреги болушун тилек кылышкан: «Калың элдин калкасы, Болгон жигит жакшы экен. Кабар келсе бир жерге, Жеткен жигит жакшы экен. Кадыры элге бөтөнчө, Өткөн жигит жакшы экен».

Элдин аң-сезиминде бекем орногон Манас, Семетей, Курманбек, Жаныш, Байыш, Эр Солтонойлор жалпы кыргыз калкынын медери, таянар тоосу, душмандардан коргоор чеби болгон.

*6. Жубайлардын өз ара мамилесинин салттык нормалары.* Кыргыз үй- бүлөсүндөгү эркек менен аял мамилесинин гендердик нормаларын аныктаган бир катар жазылбаган мыйзамдар жашаган. Алардын бири эки тарапка барабар таандык сөзгө көтөрүмдүүлүк, толеранттуулук. Адатта, кыргыз үй-бүлөсү үч муундан тургандыктан жана баары чогуу жашашкандыктан бири-бирин түшүнүү менен мамиле кылуу кадыресе көрүнүш болгон. Улуулар алдында өз ара араздашуу, бири-бирине тил тийгизүүгө батынышкан эмес. Улуулар татыктуу өмүр сүрүп, үй-бүлө катары жашап кетүүнүн негизги мыйзамы өз ара түшүнүү, ынтымакта жашоо, ынтымагы жок, ыркырашкан үй-бүлөнүн баары дээрлик жетишпеген турмушта күн кечирет - деп нускашкан. Кыргыз макалында “Алганың сулуу болгон соң, аркырап беттен алган соң сулуулугу не пайда” - деп, чырдуу аялдар коомдогу түрү суук жубайлар катары кабылданган. Ошону менен орой эркектер да “Чогоол”, “Кызыл камчы” аталып, жат элдердин гана эмес, жакындарынын да жек көрүүсүн жараткан. Аялын уруп күн көргөзбөгөн жигитти кубаттаган бир да адам болгон эмес. Ошону менен бирге кыргыздарда «Койлуу катын куйрук жейт, эрдүү катын таяк жейт», «Эрди-зайып урушат, эси жогу болушат» - деген макалдар да кездешет. Бул макалдарда эски патриархалдык көз караштардын изи байкалбай койбойт. Бирок, буларда турмушта пикир келишпестиктер болот. Мындай сыноолордун натыйжасында эң башкысы кек сактабоо, кечиримдүү болууга үндөө ишааратты да бар. Турмуш айрым учурларда эрежелерге сыйбаган кырдаалдарга бай болот. Элдик пикирде эрди-аял урушат, талашат, тартышат, таарынышат, кайра табышат. Жашоо-тиричилик калыбына келет. Ошон үчүн «Адашкандын айыбы жок, кайра үйүрүн

тапкан соң», «Ачылгандын айыбы жок, кайра өзү жапкан соң» - деп нускалашкан. Жубайлардын өз ара мамилеси ар качан коом көзөмөлүндө болуп, эл тарабынан аныкталган салттар, жөрөлгөлөрдү так аткаруу аркылуудан көрүнгөн. “Каадалуу” деген сөз адамдын ички тартибин, адебин, жүрүш-турушун сыпаттоо маанисинде колдонулат.

Кыргыз коомуна ислам маданияты кирген соң энелерди, аялдарды урматтоо эрежелери кеңири жайылган.

Ал эрежелерди төмөнкүдөй тариздөөгө болот:

1. *Аялына жакшы мамиле жасоо, аны менен ынтымакта жашоо, аны жаман таасирлерден сактоо.* Мусулмандар чөйрөсүндө Мухаммед пайгамбардын: ***«Силердин араңарда аялдарга жакшы мамиле жасагандар — асыл адамдар»*** **-деген осуяты кеңири маалым болгон.**

2. *Аялын кемсинтпөө, аны сөгүп, же уят сөздөр менен кордобоо.* Исламда ***«Аялынын бетине урган тозокко түшөт»*** - деп айтылат.

3. Аялынын табигый муктаждыктарын камсыздандыруу жана аны ар түрдүү бузуку таасирлерден кайтаруу да эрдин милдети. Ага дайым көңүл буруу, кээ бир маселелерди аны менен чогуу кеңешип чечүү жана үйдөгү же чарбадагы кээ бир кажеттерин бүтүрүп берүү, учуру келсе аны менен сейилдеп, тууган кыдырып, аялынын коом менен жакшы байланышта болуусуна шарт түзүү зарыл.

Үй-бүлө куруу менен аял да, эркек да жаңы журттуу болот. Алсак, кыргыздарда эркек баланын үч журту бар деп эсептешет. Алар ата журт, тага журт, кайын журт. Эркектер кайын журтуна кадыресе, сый ызаатта, жоопкерчиликтүү болушу талап этилген.

Ал эми кыз балдар үчүн турмушка чыккан жак түбөлүк журту катары эсептелген. Кыз балдарды турмушка узатуу бул аны түбөлүк журтуна узатуу катары кабылданган. «Чыккан кыз, чийден тышкары, төркүнгө конок, сырттагы, бүлөсү болот башканын» - деп ата-энеси, жакындары да ага үйрүлүп түшпөй кайын журтуна ишеним көргөзүп, өзгөчө камтама болушкан эмес.

Үй-бүлөнүн бекемдиги да жаңы келиндин түшкөн жерине тез үйүр алып көнүп кеткендигине байланыштуу болгон. Нарктуу келиндер ата-энесинин үйү жакын болсо да тез-тез баруудан ийменишкен. Буга байланыштуу кыргыздарда «Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт» деген макал бар. Төркүндөрүнө жакшылык-жамандыкта гана күйөөсүнүн коштоосунда конок катары барышкан. Үйүнө тез-тез каттаган кыз-келиндер

кайын журтунда да, төркүнүндө да колдоого алынган эмес. “Сабырдын түбү - сары алтын” - деп кыз балдар түшкөн жеринин шартына, салтына көнүп кетүүсү зарыл болгон.

Жаңы келген келиндин негизги милдеттеринин катарына төмөнкүлөр кирген:

- кайын агаларын, кайын эжелерин, кайнилерин, кайын сиңдилерине сый ызаат, ыйбаа көрсөтүү, иретинде тергөө (М., «Уста акем», «өйдөңкү айылдагы, Көлдөгү эжем»,«кыз», «бийкеч», «эрке кыз», «улуу кыз», «жана кыз», “кичине бала”, “молдо бала” ж.б.);
- жүгүнүү - эки колун бооруна алып, башын ийе эңкейип, таазим этүү салты. Келин кайын ата-энесине, кайын ага-жеңелерине, кайын эже-жезделерине, күйөөсүнүн улуу туугандарына учурашуу иретинде күнүгө бир жолу (биринчи кезиккенде) жүгүнүүгө милдеттүү болгон [4, 81].

Ошентип кыргыз эл педагогикасында уул балдар менен кыз балдардын гендердик-ролдук маданиятын калыптандыруунун өз алдынча системдүү талаптары, критерийлери болгон. Алар белгилүү өлчөмдө көчмөн түрк элдеринин гендердик баалуулуктары менен тектеш, үндөш болгон.

Изилдөөнүн контекстинде көз жаздымда калтырып кетүүгө болбой турган жагдайлардын бири – бул балдарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоо тажрыйбалары. Арийне, бул маселе өз алдынча изилдөөнү талап кылган татаал тармак. Мында биз жогорку маселелердин контекстинде кыргыз коомундагы балдарды гендердик-ролдук маданиятка тарбиялоонун айрым жоболоруна гана учкай токтоло кетүүнү эп көрдүк.

Эзелки элдик салттарга ылайык балдардын келечектеги гендердик – ролдук функциялары тууралуу өтө эле эрте кам көрүшкөн. Кыргыз маданиятынын тарыхындагы “Карын куда”, “Бел куда”, “Бешик куда” деген салттык мамилелер ушундан келип чыккан. Балдар эс тарткан күндөн баштап алардын келечек тагдыры аныкталганын эстерине бекем салып, өз ара жоопкерчиликтүү мамилеге багыт берип келишкен.

Балдарды гендердик-ролдук маданиятка үйрөтүү социалдаштыруу жолу менен жүзөгө ашкан. Социалдаштыруу – индивид тарабынан коомдук тажрыйбаны, социалдык байланыштар жана мамилелердин системасын өз тажрыйбасын ассимиляциялоо жана активдүү кайра өндүрүү процесси. Гендердик социалдашуу процессинде уул-кыздар өздөрүнүн жынысына таандык зарыл болгон сапаттарга, баалуулуктарга, ишенимдерге, коом

тарабынан жактырылган жүрүм-турум формаларына ээ болушкан. Гендердик баалуулуктарды, ишенимдерди, нормаларды, эрежелерди, идеалдарды сиңирүү процесси инсан тарабынан интернационализацияланып, анын жүрүм-туруму калыптанган.

Булардын негизинде кыргыздардын салттык баалуулуктарына негизделген гендердик-ролдук маданият дегенде жубайлардын үй-бүлөлүк турмушунда, өз ара мамилесинде улут тарабынан кылым сыноолорунан өткөн социалдык нарктарга шайкеш «жакшы аял», «жакшы эркек» «эриш аркак үй-бүлө» жөнүндөгү билим, ишеним, жүрүм-турум катары, өз ара жубайлык мезгил сыноолорунан өтүп, улуттук улуттун калыптанышын эсептейбиз. Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин алардын улуттун нарктуу өкүлү, болочок жубай, ата-эне катары калыптанышынын мүнөздөмөсү катары кароо керек. Кыргыздардын салттык баалуулуктары аркылуу студенттердин гендердик-ролдук маданиятынын структуралык компоненттерин алардын улуттун нарктуу өкүлү, болочок жубай, ата-эне катары калыптанышынын мүнөздөмөсү катары кароо керек.

Улуттук тарбиянын идеалын - кыргыз коомунун руханий эс тутумуна, улуттук нарктарына эгедер жалпы адамзаттык маданияттын баалуулуктарын аздектеген Кыргызстандын эгемен, укуктук, демократиялык мамлекет катары өнүгүшү үчүн өзүнүн атуулдук милдеттерин, жоопкерчиликтерин аңдаган жана татыктуу аткара алган, дени сак, жаңы ааламдашуу доорунун шарттарына шайкеш компетенттүүлүктөргө, өнөргө, кесипке ээ, коммуникативдүү, демилгелүү, жаратман активдүү адам тиби катары айкындоого мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз эл педагогикасында уул балдар менен кыз балдарды гендердик социалдаштыруунун төмөнкүдөй этаптарын белгилөөгө болот: ата-энелердин, чоңдордун жүрүм-турумуна баам салуу, тууроо, имитациялоо; өспүрүм курактан баштап ар кандай социалдык институттарга мүнөздүү болгон баалуулуктарды, нормаларды, эрежелерди кабыл алуу же четке кагуу аркылуу өзүнүн гендердик ролдорун ырастоо, бекемдөө; ата-энелердин жана чоңдордун «чыныгы эркек» (токтоо, эрктүү, өзүнө ишенген, катаал, өжөр) же «чыныгы кыз» (жумшак, көз каранды, сезимтал, сөзгө тетик ) болууга багытталган таалим-тарбиясы.

Ошентип талдоого алынган этнографиялык, фольклордук жана башка маалыматтар кыргыздардын салттуу маданиятында гендердик мамилелерге негизделген “жубай”, “жуп”, “шерик”, "Эки бакыр, бир тукур" деген түшүнүктөр коомдун бакубаттыгын шарттаган баалуулук катары муундан-муунга мурасталып кайра жаралып, өнүгүп олтурганын айкындоого негиз болду. Кыргыз коомунда жубайлык гендерлик мамилелердин гармониясы аял менен эркектин ролдук маданияты аркылуу камсыз болуп келгендиги тастыкталды.

Кыргыздардын салттык баалуулуктары азыркы жаштарды гендердик-ролдук маданияттын миң кылымдар элегинен өткөн нормалары, талаптары, тажрыйбалары менен камсыз кылууга жарамдуу.

**Адабияттар:**


1. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 6-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2014. 816 б.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер / Котор. С. Мамбеталиев Д. Сулайманкулов, С. Макенов. – Бишкек: «Кыргызстан-Сорос» фонду, 1999. – 896 6.
3. Айтматов Ч.Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. – Фрунзе, 1988. – 397 б.
4. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт – Бишкек: Баласагын, 1993. – 224 б.
5. Акылман Калыгул: Ырлар, акыл-насааттар, даректүү баяндар, илимий-изилдөөлөр / С. Мусаев, А. Акматалиев. – Бишкек: Шам, 2000. – 272 б.
6. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек: КББИ, 1996. – 80 б.
7. Бектурганова К.А. Кыргызстандын асыл кыздары. – Бишкек: Мамл. тил ж-а энциклопедия борбору, 2006. – 416-б.
8. Вебер М. Избранные произведения. М., 1990 – 535 с.
9. Гендерная психология и педагогика: учебник и практикум для бакалавриата и магистратуры. — М. : Издательство Юрайт, 2017. — 404 с.
10. Гидденс Э. Социология. – М., 2005. – 632 с.
11. Даутов, К. Таланттар жана тагдырлар. - Ф.: 1988. - 69-бет.
12. Ибраева А. О некоторых особенностях правовой культуры казахского народа // Правовая реформа в Казахстане. - 2003. - №3. - с. 27-31.

13. Карелова Г. Н. Женщины обновляющейся России: опыт реализации гендерного подхода. - М.,1998. - 184 с.
14. Кирилина А. В. Гендер: лингвистические аспекты. - М. : Ин-т социологии РАН, 1999. - 189 с.
15. Кон И.С. Социология личности. –.: Книга по Требованию, 2021. – 382 с.
16. Кыргыз макал-ылакаптары. Түз. Ж. Төлөев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 56 б.
17. Махмуд Кашгари. Түрк тилдеринин сөздүгү - Дивану Лугати 'т-түрк: I том / Которгондор: Т.Токоев, К.Кошмоков; баш сөздү жазган А.Акматалиев. - Бишкек: Avrasyapress, 2011. - 906 бет.
18. Молдокулова Д.Т. Кыргыздардын салттык жүрүм-турум маданияты (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы). [Текст] Д.Т. Молдокулова.– Бишкек.:,- 2016. – 150 б.
19. Новейший философский словарь: 3-е изд., исправл. - Мн.: Книжный Дом. 2003. - 1280 с.
20. Рокка, Ф. Памир жана Алай кыргыздары // Кыргыздар. – Бишкек, 1991. – Т.1. – 355 б.
21. Семенова Л.Э. Гендерный подход в контексте культурно-исторической психологии Л.С. Выготского // Культурно-историческая психология. 2008. Том 4. № 2. С. 69–73.
22. Словарь гендерных терминов [Электронный ресурс] : URL: // http://www.owl.ru/gender/alphabet.htm (дата обращения: 24.10.2024).
23. Токтогул Сатылганов. Чыгармалар: 2-т. - Ф.: Адабият, 1989.- 179 б.
24. Умарова Р.Н. Кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятындагы кыз балдарды социалдаштыруу системасы : пед. илим. канд ... дис. автореф.: 13.00.01 . – Бишкек, 2021. – 26 б.
25. Щепаньский Ян. Элементарные понятия социологии // Общ. ред. и послесл. акад. А. М. Румянцева. - Москва : Прогресс, 1969. - 237 с.
26. Ювачев И. П. Курманжан Датка – Алайлык Кара-Кыргыздардын Канышасы: Кыргыздар / И.П. Ювачев. – Бишкек: Кыргызстан, 1991. – 241-263-бб
27. Якушев П. А. Традиционные ценности в механизме правового регулирования семейных отношений в России и странах Европы : автореф. дис. ... д-ра юрид. наук. М., 2019. 48 с.

## Үчүнчү бөлүм
# КЫРГЫЗДАРДЫН БАЛДАРДЫ ЭМГЕККЕ ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫ

Кыргыз элдик педагогикасындагы тарбиялоонун мазмуну көп кырдуу. Бирок, көчмөн коом шартында эмгектенүүгө үйрөнбөгөн бала өз алдынча жашоо тиричилик өткөрүп татыктуу өмүр кечире алган эмес. Колунан бир иш келбеген жалакай бала ата-энесин да, өзүн да кепке калтырган, коомдо татыктуу орду жок пенделердин катарында болгон. Ошондуктан кыргыздарда балдарды эмгекке аралаштырып, турмуш тиричиликке бышыруу анын бактылуу келечегин камсыз кылуунун кепилдиги катары кабылданган.

Бул өңүттө кыргыз элинин салттык педагогикалык системасынын философиясы атактуу педагог К.Д. Ушинскийдин төмөнкү пикирлери менен үндөш: «Тарбиялоо адамдарга бакыт кааласа, анда сөзсүз түрдө адамды бактылуулукка эмес, турмушта эмгектенүүгө даярдасын… Тарбия берүү - бул адамдардагы эмгектенүүгө болгон сүйүүнү адатка айландырып, жашоодогу өзү үчүн эмгектенүүнүн калыпташы зарыл» ,- деп айткан. [17, 211]. Бул ойлор салттуу педагогикалык маданияттардагы башкы маселе экендигин Г.Н.Волков «Эмгек аркылуу тарбиялоо – бардык элдердин педагогикасындагы негизги проблема, ал эми эмгекке болгон сүйүү бул тарбия берүүнүн башкы камы болуп эсептелинет. Эмгексиз эстетикалык, дене жана адеп-ахлактык тарбия жок. Эмгектенүү - тарбия берүүнүн чыныгы мүнөздөгү каражаты, ал эми эмгектенүүгө болгон сүйүү - тарбия берүүнүн акыркы натыйжасы» - деп белгилеген. [6, 13]. Кыргыздарда мээнеттен качпаган колу сындуу, эптүү, элпек “эл багар” инсандар эл мыктысы катары коомдук пикир тарабынан ар дайым жогору бааланган. Кыргыздар кылымдар тереңинен бери жаш муундун зээнине “короо толо койлуу, өрүшү толо малдуу, кампа толо дандуу болуп” бакубат жашоо жеке адам менен коомдун туруктуу өнүгүшүнүн зарыл шарты экендигин уялатып, уютууга аракет кылып келген. [3, 98].

Чынында эле, эмгек темасы жана эмгектенүүгө тарбиялоо элдик педагогикалык тажрыйбанын алкагында алдыңкы орунду ээлейт. Кыргыз элинин салттуу педагогикасы индивидди экономикалык көз каранды болбогон, өз ата-энеси менен болгон карым-катнашын үзбөгөн, табият менен тыгыз мамиледе болгон адам катары тарбиялоону көзөмөл туткан.

Эл ар бир баланы жаратылышты сүйгөн, аракетчил, көздөгөн максатына жете турган адам катары көрүүнү каалаган. Элдин тажрыйбасынын негизинде адамдын идеалы калыптанган. Бул идеалдын өзөгү дене-күч жактан күчтүү болуу, чыдамкайлык, өз ара жардамдашуу, иштен качпоо сыяктуу эмгекке болгон түз көз караш болгон.

*Кыргыз эли асман мелжиген аскалар, тоолор койнунда катаал шарттарда жашоо кечирген.* Кыргыздар мекендеген аймактар жаратылыш байлыктарына мол, берекелүү болгону менен алардын пайдасын көрүү кара күчтү, акыл парасатты, чалыкпаган мээнеткечтикти талап кылган.

Байыркы тарыхта асыресе, аңчылык менен турмуш өткөрүп жүргөн кезде жапайы жаныбарлардын көп болгонуна карабастан, аларды азык катары колдонуу оңой-олтоң болгон эмес. Өзгөчө бугу-маралдардын этин азык оокат катары колдонуу көптөгөн эмгекти, машакатты талап кылган. Ушул процессти жүзөгө ашырууда, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелерде бир гана жөндөмдүүлүк, чапчаңдык талап кылынбастан, ал процесске биринчи кезекте психологиялык жана адеп-ахлактык даярдык зарыл болуп, коомчулуктун, уруунун жана үй-бүлөнүн алдындагы парзы да эске алынган. Эмне үчүн дегенде, эмгекке болгон сүйүү өзүнөн-өзү стихиялуу түрдө жарала калбайт, аны балдарга үйрөтүү керек, такай адеп-ахлактык эмгектенүүгө өсүп келе жаткан муундарды даярдап баруу, аларды эмгектенүүгө шыктандыруу акыл-эсин эмгекчилдиктин миссиясына калыптандыруу милдеттери турган. Адамдардагы бул умтулуулар, б.а., эмгекти сүйгөн муундарды тарбиялоо процесси жалпы социалдык мааниге ээ, анткени адамдардын пикири боюнча алардын наристеси өз алдынча турмуш куруп, материалдык муктаждыктарды алып келүүсүн тилешип, жатып ичер болуп өсүүсүн каалашкан эмес. «Манас» эпосунун материалдары боюнча кыргыз элинин баланы тарбиялоо иши канчалык эрте башталса, анын натыйжасы ошончолук жемиштүү болоорун ачык-айкын түшүнгөндүгүн көрөбүз. Жакып хан Манастын келечеги жөнүндө камкор ой жүгүртүп, ага атайын шартта тарбиялоо жөнүндө аялы Чыйырдыга: «Аңдасам баландын акылы аз, жөнүн таппайт, дөөлөткө мас. Муну эркелетип тим койбой койчуга малай берели. Сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын, малдын, дүйнөнүн баркын билсин» - деп акыл салат [10, 43]. Ошентип бала Манас ата-эненин жылуу койнунда эркелебей, эрте жашынан ошол доордогу

тарбиячы устаттын образын ташыган Ошпурдун колунда өзү теңдүү бир катар балдар менен биргеликте тарбияланат. Элдин бул көз карашы да тарбиялоону табиятка шайкеш жүргүзүү жөнүндөгү элдин эмпирикалык билимдерине негизделген. Муну «*Жашында жакшы көктөгөн көчөт, тез өсүп-өнөт: адам да ошондой. Жашында сергек, сезимтал болсо, чоңойгондо баамчыл, тырышчаак, мээнеткеч адам болот*» -деген элдик пикирлер ырастап турат. А. Алимбеков «Кыргыз этнопедагогикасы» аттуу эмгегинде (1996) элдик педагогикадагы жаш курактардын бөлүнүшүн жана ар курактагы өзгөчөлүктөрдү деталдуу түрдө классификациялаштырат. Аларга кыскача токтоло кетели. Алсак, 4 - 5 жаштагы баладан баштап өз милдети болот жана бул курактагы баланы эл ичинде «өзүн өзү эптеп», «анча-мынча ишке жарап калган» бала деп мүнөздөшөт. Ал эми анын үй бүлөдөгү милдети өзүн кароо, кийимдерин иреттөө, үйдөгү тазалыкты, иреттүүлүктү сактоо, бешик терметип бөбөктөрүн багууга көмөктөшүүдөн башталган. Ушул курактан баштап эле балага өз алдынчалык, тазалык, тыкандык жана коомго жардам берүү тарбиясы берилет. 7 - 8 жаштагы баланы «кол арага жарап калган бала» деп аташат, б.а. бул куракта бала мал кайтарууда, багууда, кыздар ийне кармап, үй шыпырып, тамак даярдоодо ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташа, 9 - 10 жаштагы бала «орок оргонго», «мал бакканга жарап калган бала» катары каралып, айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча аткара баштайт. Коомдук пикир да «Кыздуу үйдө кыл жатпайт» деп, кыздардан ушуну талап кылат. 12 жаштагы баланын курагы «мүчөл жылы эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак» деп аныкталат, себеби баланын дене бою, акыл тажрыйбасы жагынан жетилген жашка ушул куракта жетет. Мына ошондуктан, эл ичинде «Улан ат жалын тартып мингени – эрезеге жеткени. Беш көкүл кыз бойго жеткени - эми турмуштук өз тизгинин өзү кармаганы» деген кеп айтылып келет. 17 - 19 жаш курагына «жаңы орозгер» деген мүнөздөмө берилген, себеби ушул куракта балдар үй-бүлө куруп, өз алдынча түтүн булатып, турмушту баштан кечире баштацкан. [4, 80]

Балдар жетилген соң, картайган ата-энелери менен орун алмашып, жардамга муктаж ата-энелеринин камын көрүүчү тиреги болуп калышы талап кылынат.

Социалдык мамилелердин алкагында карылыкты камсыздоо өтө курч проблема болуп, аны оң чечмелөө балдарды жашынан эмгектенүүгө жана эмгектенүүдөгү адеп-ахлактык, психологиялык даярдыкка көп көз

каранды болот. Тарбия берүү комплексиндеги таасирлерде, биринчи кезекте, балдардын аң-сезиминде эмгектенүү идеясын калыптандыруу, адамдын турмушундагы анын ролун аңдатуу, эмгектенүүгө болгон позитивдүү көндүмдөрдү өнүктүрүү милдеттери турат. Буга байланыштуу чоң ата, чоң энелер, ата-энелер балдардын жүрүм турумуна баам салып, алардын эч нерсе менен алектенбей бош жүрүшүн өөн көрүп, басса турса эскертип турушкан. Улуулар мындай мамилени өз балдарына гана эмес, айылдагы бардык балдарга колдонушкан. Бош жүргөн баланы көрсө *“Ой, бул иш маалында эч нерседен капарсыз бош жүргөн кимдин баласы болду экен?*-дешип, айрым учурда баланын өзүнө да, ата энесине да эскертишкен. Дал ушундай кырдаал “Манас” эпосунда да кезигет. «Манаста» атасына таарынып кетип калган жаш Манас жолдон бир абышкага жолугуп калганда, ал абышка Манаска кол куушуруп жата бербей, ай талаа бетин айдап эгин эгүүнү сунуш кылат. Манас абышканын тилин алып, ал экөө кош колдоп эмгекке киришишет да, убактысы келгенде адал эмгектин үзүрүн көрүшөт.

«Абышка айткан ал кепке
Кубанды Манас баатырың.
Колдон келер оокат деп,
Күп көрдү чалдын акылын:
«Кетмендеп жерди оёюн,
Кең-кесири тоёюн.
Куу дүйнө жыйып, мал күтүп,
Не муратка жетейин.
Андан көрө мен эми
Аштыкчы болуп кетейин.
Карыянын тилин алайын.

***

Кызарып кырман толуптур,
Берен калган ак буудай,
Кызылы кырдай болуптур» [13, 177-178].

Күндөлүк турмушта балдарга эмгектин маанисин таасирдүү жеткирүүдө ырлар, табышмактар, макал-лакаптар, накыл сөздөр, тамсилдер сыяктуу фольклордук чыгармалар өзгөчө мааниге ээ болгон. Жаштарды улуулардын оозунан чыккан кебине, сөзүнө аяр мамиле жасоого үндөшкөн. Бул жагдай сөзгө маани берген кыргыз элинин менталдык өзгөчөлүктөрүнө да

байланыштуу болгон. Алсак, Т. Сыдыкбеков эне тилди бабалардын укум-тукумга мурастаган «сууга жуулбас, отко күйбөс, алааматтарда кыйрабас улуу сөз сепилдери, улуу белеги, асыл мурасы» – катары сыпаттаган. [15, 6].

Бул ойду Ч. Айтматов: «Биздин улуу сөздөн кыналган, ойго терең көркөмдүк жана дүйнө таанымдын күчү, келбээрсиген даркандыгы эс талгыдай эле баёо бабаларыбыздын мурасы Египет пирамидалары сыяктуу муундан-муунга калуучу байыркы, урагыс жана табышмактуу маданий эстелик» – деп бекемдеген [1, 7].

Тарбиялоонун идеалынын сапаттары макал-ылакаптарда да чагылдырылган. Академик Г.Н. Волковдун пикири боюнча макалдардын көп кырдуу касиеттеринин ичинен эки нерсе ачык даана байкалат. Макалдарда бир жактан көп кырдуу залкар педагогикалык идеялар катылган. Ошондуктан макал, лакаптарды эл турмушунун, улуттук руханий нарк дөөлөттөрдү түгөл ичине адам оюнун, эсинин энциклопедиясы деп коюшат. Дүйнөгө, турмушка карата болгон элдик көз караштар, коомдук, социалдык мамиле, байланыштар жана карама-каршылыктар, тарыхый, этнографиялык жагдайлар – мындан башка да толгон-токой мазмун, темалар макал, лакаптарда таасын көркөм ыкмада чагылдырылат. Ошондуктан макалдар жана элдик педагогика бирдей даражадагы түгөйлөш түшүнүктөр катары кабылданат [7,166].

Өз ичине ондогон муундардын акылмандыгын камтыган эмгекчил элдин макал-лакаптары, поэтикалык каражаттар менен коздолгон накыл сөздөрү, балдарды эмгекке тарбиялоо процессинде көп жолу кайталанылып, аларга күчтүү таасир берет. Конкреттүү социалдык чөйрөдө жаралган жана муундан-муунга образдуу түрдө өтүп келген, элдин улуттук менталитети сиңдирилген бул элдин байлыктары балдар тарабынан оңой эле эске тутулат жана өздөштүрүлөт.

Мисалы:

Иши жоктун, ашы жок.
Адамды сөзүнөн таанproblemsбайт, ишинен тааныйт[1].

Макал-лакаптар бала тарабынан жөн эле эстелип калынбастан, аны ойлонууга, аракеттенүүгө мажбурлайт. Анын негизинде эмгектенүү

[1] Шилтеме берилген макалдардын булагы: Кыргыз макал-лакаптары. Түз. жана баш сөзүн жазган Ш. Усупбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 224 б.

аркылуу гана бакубат жашоого болот, эмгексиз эл катарына кошулуп бакубат жашай албайсың деген түшүнүктөр калыптанат.

Улуулар балдарга макалдардагы айрым балдардын баё аң-сезимине жеткиликсиз каймана түшүнүктөрдү ачып көрсөтүп, алардын маанисин түшүндүрүп беришкен.

Макалдарда, учкул сөздөрдө чагылдырылган эмгектенүү жөнүндөгү чакырыктар, адамдардын турмушундагы өнүгүп-өсүүлөр эмгектенүүдөн башталары жана бул идеялардын маани-маңыз тарбиялануучулардын аң-сезимине жеткирилет:

Береке байлык эмгекте,
Эмгек кылсаң, өнмөк бар.
Мээнетиң катуу болсо,
Татканың таттуу болот.
Эмгек кылсаң жашыңдан,
Дөөлөт кетпейт башыңдан.

Эмгектенүү кыргыз элинин пикири боюнча инсандын руханий өнүгүүсүн баалоонун башкы критерийи болуп саналат, ал адамды көкөлөтөт, аны кең пейилдикке жана жакшылыктарга алып келет. Эмгектенүүдө адамдын каармандыгы жаралат. Эл ар дайым чаалыкпай эмгектенген, эмгеги менен үй-бүлө курган жана материалдык баалуулуктарды жараткан адамдарды сыйлап келген. Буга кыргыздардын эмгекке жана эмгекчил адамдарга болгон мамилесин билдирген, балдарды тарбиялоодо кеңири колдонулган макалдар далил боло алат:

Жигиттин түсүн айтпайт, ишин айтат.
Жакшы ишке келет, жаман ашка келет.

Туура жана терең ойлонуштурулган эмгектенүү түшүнүгү ага тарбиялоонун багыт берүүчү күчү болуп эсептелет, анткени ал – өсүп келе жаткан муундарды эмгекке, болгондо да, өндүрүмдү эмгектенүүгө үйрөтүүнүн практикалык процессинин адеп-ахлактык талабы.

Жер иштетүүгө байланыштуу эмгектенүүгө тийиштүү чаалыкпастыкка жана аракетчилдикке үндөгөн элдик макалдар азыркы күнгө чейин өзүнүн таасирдүүлүгүн жогото элек.

Жер айдоо чүкө ойноо эмес.
Ашың болсо, кашың болот.
Түйшүгү болбой түшүмү болбойт.

Албетте, эл ичинде эмгекчилдикке карама-каршы турган жалкоолук, жатып ичерлик, жан бактылык сыяктуу терс көрүнүштөр да болгон. Эл мындай тескери жосундарды катуу сынга алып, каршы күрөш жүргүзүп, андай мүнөздөгү жашоо ыңгайга көптөгөн күлкү сындарды айткан. Жумшак, бирок өтө курч макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү чыгарышкан. Балдар аларды угуп, ушул жан бактылык жашоого каршы күрөш жүргүзүүгө багыт алышкан. Бекерчиликти, жан бактылыкты, бирөөнүн эсебинен жашаганды жакшы көргөндөргө каршы төмөндөгүдөй макалдар колдонулган:

Жалкоо чоо үстүндөгү чөптү орот.
Оозу менен орок орот.
Эмгеги аздын өнмөгү аз.
Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач.
Жалкоо уйкуга тойбойт.
Жалкоого шылтоо көп.

Балдар арасында «Иттин доолдай тиктирем дегени» аттуу Тоголок Молдонун чыгармасы катары таанымал тамсил өзгөчө таасирдүү болгон. Чыгарма кышкы азабын жазда унуткан иттин образында «Жалкоонун жайы ушундай, жайкалып уйку салыптыр» деп адамдагы жатып ичер жалакайлыктын өтө оор илдет экендигин ары тамашалуу, ары аянычтуу сыпаттап берет. [16, 78]

Элдин кийинки жаштарды эмгекке шыктандырууга байланышкан дагы бир милдети чогуу эмгектенүүгө үйрөтүү эсептелген. Эмгекчил масса өзүнүн каада-салттарын коллективдүү эмгектенүү аркылуу түзүп, аларды өнүктүрүп келген. Элде: «Көп түкүрсө, көл болот», - деген накыл кеңир тараган.

Ушул күнгө чейин ашар аталган элдик традиция сакталып келүүдө. Бул – байыркы кыргыз элиндеги коллективдүү өз ара жардам берүү салты, азыр да айыл-кыштактарда сакталып келүүдө. Ашардын пайдалуу жагы бир эле көлөмдүү иштерди биргелешип аткаруу менен чектелип калбастан, коллективдүүлүк, жамааттык атмосферасын түзүү мүнөзү менен баалуу.

Ашарды жан-жаныбарларга жем, чөп даярдоодо, короо-сарайларды, үйлөрдү курууда, кой кыркуу ж. б. учурларда пайдаланышат. Балдардын

бул процесске мурдагы убактардагыдай эле катышуу салты азыр да сакталып калган.

Элдик ашар өзүнүн турпаты боюнча ишке катышып жаткандардын эмгекке болгон жөндөмдөрүн кароо-сынагы катары мүнөздөлүп, эмгектенүүгө тарбиялоодо чоң күч болуп саналат.

Ашар айыл аксакалдарынын уруксаты менен башталат. Бир туугандар, достор, коңшулар жана алардын балдары иш учурда өз ара макулдашып туруп, аткарылуучу жумуштун негизги бөлүктөрүнө өздөрүнүн жоопкерчилигин алышат. Ашарга чакыртпай эле келүү бул кыйынчылык учурунда ашар ээсине чын дилден берилген жардамы катары бааланат. Ал эмгек майрамы катары көрүнүп, азилдер, күлкү, ыр жана мелдештер менен коштолот.

Ашардын жүрүшүндө элдик устаттар жаштардын аткарып жаткан иштерине көз салышып, аларга кеп-кеңештерин, жардамдарын берип турушат. Ошол эле учурда чоңдордун үлгүсү жаштар үчүн чоң мааниге ээ. Негизги талап – иштин сапатын уят болбогондой аткаруу жана жумушту сапаттуу, букта бүткөрүү. Ашарда жумуштар ар кимдин жөндөмүнө жана күчүнө жараша бөлүнөт.

Ашар - байыртадан келаткан элдик салт, ал инсандын жөндөмүн калыптандырат, эмгекти, элдин эмгегин баалоого, сыйлоого үйрөтүп, достукту жана жолдошчулукту чыңайт, керек учурда жардам берүүгө үндөйт, жеке кызыкчылыктан коомдук кызыкчылыктын жогору турарын аңдатат, аткарылган жумуштан ырахат алдырат, коллективдин пикирине баш ийдирүүгө чакырат. «Көп бириксе, көл болот» - деген элдик накыл сөздүн мааниси ашардын мазмунунда жатат.

Элди эмгекке тарбиялоодогу проблемалардын дагы бирөө – жаш муундарга жумушта убакытты үнөмдөөгө үйрөтүү. Анткени өз убагында аткарылган жумуш гана адамдар тилек кылган натыйжаларды берет. Дыйкан жазгы талаа жумуштарына эртелеп эле даярдана баштаса, жай мезгилинде болсо кышка камылга көрүүнү унутпайт. Бул аракеттерди өсүп келе жаткан жаш эмгекчилердин эстеп калганы дурус:

Жазгы ишке кышта даярдан.
Калган ишти кар басат.

Элдин пикири боюнча эмгектин сулуулугу - биринчи кезекте анын сапаттуу аткарылышында:

Аз жасасаң да, саз жаса.

Элдик даанышмандыкта эмгектин эрктик башкарылышы айкын сүрөттөлүп, башкы ой башталган ишти канчалык кыйын болсо да, акырына чейин жеткирүүгө үндөйт.

Кулча иштеп, байча же.
Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң

Маалым болгондой, эмгектин эң баалуу бөлүгү эмгек шаймандарын, кошумча каражаттарын колдоно билүү эсептелет. Эмгектенүү агымындагы бул маселе да элдик акылмандыкта белгиленип келинген, ал бир гана өндүрүштүк-техникалык жагдайда эмес, психологиялык аспектиде да каралат:

Сая албаган ийне тандайт,
Саптай албаган учук тандайт.
Орок оро албаган орок тандайт.

Сөз эмгек шаймандарын колдонуунун деңгээли жана анын сапаты жөнүндө болуп жатат.

Эл психолог гана эмес, өтө курч психолог. Алсак, айрым макалдарда иштин ийгилиги астейдил көңүл кунттуу буруудан көз карандылыгы белгиленет: «Көңүлүң жок болсо, көп нерсе жасай албайсың». Адамдар тарабынан аткарылган жумуштун өз ара маанилүүлүк идеясы берилет: «Уста кандай болсо, устаттык ошондой», «Тиешең жок ишке киришпе, өз ишиңе зерикпе»; аткарыла турган жумуштун мааниси баяндалат: «Тек турганча текин иште»; «Баштаган ишти таштаба»; «Дыйкан болсоң, башында бол, чарбадар болсоң, кашында бол».

Эмгекке тарбиялоонун идеалы кыргыз элдик жомокторунда да ачык-айкын сүрөттөлгөн. В.А. Сухомлинский: «Эл тарабынан түзүлгөн жомоктогу образдар эмгекчил элдин улуу чыгармачылык духун, анын жашоого болгон көз карашын, идеалдарын балдардын акылына жана жүрөгүнө жеткирет. Жомоктор эл тарабынан жаралгандыгы үчүн ата-мекенге болгон сүйүү сезимдерин ойготот», - деп белгилеп кеткен. [14, 82]. Улуу педагогдун айтуусу боюнча, жомоктор – элдик маданияттын руханий байлыгы. Аны үйрөнүү аркылуу балдар мекенин жүрөгү менен таанышат Т. Дмитриев жана В. Ильченко белгилегендей: «Жомок балага жер бетиндеги кооздук, сулуулук, байлыктын баарын барктай бил деп акыл үйрөтөт. Быша элек алманы үзбө, гүлдү соолутпа, кумурсканы тебелебе деп жөн эле насаат түрүндө айтпай, өтө таасирдүү, жугумдуу, ынанымдуу кулак кагыш, кыйытуу менен туюнтат. Эл – жүз миллион жүрөк, жүз миллион акыл. Ал

баланын ташбоор иш-аракетинин натыйжасы жеке өзүнүн да, ошол эле учурда бүтүндөй улуттун да трагедиясына себепчи болорун даана аңдап билет» [8]. Балдарга жомокторду көбүнчө чоң ата, чоң энелер айтып беришчү. Элдик жомоктор бардык жерде: дасторкон үстүндө, уйкуга жатар учурларда, айрым учурда сыркоологон балдардын төшөгүндө айтылган. Аларды угуу балдардын эң кызыктуу эрмеги болгон.

Жомокторду балдар да, улуулар да, элдик чыгармачылыктын күйөрмандары да баалашкан. Оозеки чыгармачылыктын бул жанрында өзүнүн сыйкырдуу мыйзам жана эрежелери бар сыйкырдуу жана кызыктуу дүйнө сүрөттөлөт. Жомоктордо баатырлар, сыйкырдуу жана күчтүү башкы каармандар ар дайым жамандыкты, адилетсиздикти, жалганды жеңип, адилеттүүлүктү орнотушат.

Ар бир жомокто бул жашоо сыйкырдуу жашоо катары сүрөттөлгөн. Бирок, нравалык, идеялык мотивдери элдин жашоо-тиричилигин чагылдырган. Жомоктордогу сыйкырдуу күчтөргө ишенүү да чыныгы жашоодон алынган элемент болуп саналат. Иллюзия да, сыйкырдуу нерселер да жомоктордогу негизги элементтер эмес. Негизги элемент – фантазия жана иллюзия артында жашынган жашоо-тиричиликтеги чындыктарды табуу болуп саналат.

Кыргыз элдик жомоктордун каармандары катары да эмгекчил адамдар сүрөттөлөт: «Амалдуу кедей», «Атанын керээзи»; «Акылдуу дыйкан» ж.б. жомоктордо карапайым дыйкан, «Өнөрлүү бала», «Кемпирдин жети баласы» ж.б. жомоктордо кесип ээлери, «Жанек Мерген» сыяктуу жомоктордо аңчылык жөнүндө баяндалат.

Кыргыз эл жомокторру оң каармандарды идеал катары түзүүгө абдан көп маани бурган. Бул процесстер кереметтүү жана турмуштук жомоктордо сүрөттөлгөн. Элдик жомоктордогу башкы каармандардын аталыштары эки-үч сөздөн түзүлгөн (мисалы, «сулуу кыз», «эр жигит», «акылдуу аксакал» ж.б.). Аталыштардын кыскалыгына карабастан, аларда индивиддин бардык оң сапаттары камтылган. Кыргыз элинин жомокторундагы сулуу кыз алгач акылдуу, көптөгөн өнөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн ээси, эмгекчил, кыргыз кол өнөрчүлүктөрүн мыкты билген индивид катары сүрөттөлөт. Жомоктордогу эр жигиттин идеалы – күчтүү, акылдуу, адилетүү, жөнөкөй, эмгекчил, жоокер, чырайлуу жана карапайым элдин кызыкчылыгын көздөгөн жигит. Кереметтүү жана

турмуштук жомоктордогу каармандар келбети келишкен, адамгерчиликтүү, өзгөчө сапаттардын ээси катары берилген

Керемettүү жомоктордо да каармандар идеалдаштырылган. Аларда жаштыктын, сулуулуктун, ички дүйнөнүн сулуулугу, күчү чагылдырылган. Жомоктордун башкы каарманы катары хандык чин белгиленет. Жомоктордо алар сарайларда жашашат. Бирок, алардын сүйлөө речи, салттары, үрп-адаттары жөнөкөй элдин жашоо турмушун чагылдырат.

Жомоктордогу каармандар кандай гана катмардын мүчөсү болбосун, алар ар дайым мээнеткеч болушкан. Мисалы, «Жетим бала» жомогундагы каарман жоголгон койлорун кайра табуу үчүн колунан келген ар нерсени аткарууга даяр болот. «Мадылген сулуу» аттуу жомокто, Кулуке деген хандын Мадылген аттуу жалгыз кызы ай десе аркы жок, күн десе көркү жок сулуу. Кыздын сулуулугуна жараша колунан көөрү төгүлгөн иштүү да болгон. Кыргыз эли кыргыз кызы хандын кызы болсо да өнөрлүү болушу керек деген түшүнүктү жомоктордо да чагылдырган. Кыргыз элдик жомоктордо жигит менен кыздын идеалы ушундай түрдө сүрөттөлгөн. “Ким күчтүү” кыргыз эл жомогунда “Кыргоол музга дүйнөдө баарынан күчтүү сен окшойсуң, заматта куйругумду куп кармапсың десе, муз андан да жамгыр күчтүү экендигин айтса, жамгыр жер десе, жер токой, токой өрт, өрт шамал, шамал көк чөп, көк чөп кой, кой көк бөрү күчтүү десе, көк бөрү ошондо баарына карап, баарынан адам күчтүү деген. Адам - мергенчи (жомоктун башында канаттууларды кармап, аягында карышкырларга аңчылык кылат), дыйкан, чөп чапкыч, мал багуучу, касапчы, тигүүчү болобу ... Ал өрттү да өчүрөт - бул да оңой иш эмес. Эмгектин аркасында адам ааламдын башкаруучусу болуп калат, дал ушул эмгектин аркасында ал жаратылыштын сыйкырдуу күчтөрүн багындырып, өзүнө баш ийдирип, дүйнөдөгү баардык адамдарга караганда күчтүү жана акылдуу болуп, жаратылышты өзгөртүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

“Дөөтү уста жана ителги” аттуу жомокто өнөрү күчтүү болгон жомоктун башкы каарманы Дөөтү уста колунан көөрү төгүлгөн, өз ишин мыкты аткарган, билгени менен тең бөлүшүп, ак ниеттүү, кең пейилдүү акылдуу, иштемчил, өнөрлүү адам катары төмөнкүчө сүрөттөлөт: “...темирди камырдай жууруган, түркүн буюмду жасаган, алтын күмүштөн оймо чийме чеккен, баатырларга соот-чопкут, жоо-жарак, желге жел тегирмен, суугa суу тегирмен чуркаткан, миңдеген шакирттерди тарбиялап, өнөрүнө үйрөтүп “эч качан мактанбагыла, мактансаңар усталык өнөрдүн

сыры ачылып, оттогу темирди колуңар менен кармай албай каласыңар" деп кеңешин берет. Бирок шакирттеринин бирөө кары адамдын "Балам усталыгың кандай, бардыгын үйрөнүп калдыңбы",- деген суроосуна "Дөөтүдөн да өтүп калдым",- деп мактанганы, кийин – аттиң - деп өкүнүп, Дөөтү уста бардык шакирттеринин ал жайын сурап, мактанган шакиртине келгенде "Ит сөөктү кантип кармап жегенин да билбейсиңби?", - деп артына кылчайбай кетип калганда, бала ошондо түшүнүп, мактанганына өкүнүп, өз дүкөнүндө кычкач жасап ошонун жардамы менен ысык темирди ала баштайт. Бул жомокто эмгекке тарбиялоо идеясы жогорку сюжетте берилгендей, кадыр-баркка өз маңдай териң жана адал эмгек менен гана жетүүгө болот экенин, кылып жаткан ишине мактанбастан дагы өнөрдү терең өздөштүрүү керектигин айгинелейт. [12]

Элдик чыгармаларда сүрөттөлгөн эмгекчил адамдын идеалы – элдин көз карашында адамдын кандай болушу керектиги чагылдырылган. Кереметтүү жомоктордун каармандары да мээнеткеч болушкан. Жомоктордун каармандары жамандык жана зордук-зомбулукка каршы чыгышат. Элдин туруктуу жашоосун улантууга тоскоолдук кылган жамандыктар менен күрөшөт. Өз элине кам көрүү жана мекенин коргоо жөнүндөгү ойлор элдин биргелешип эмгектенүүсүнө, бирлешип эмгектенүүнүн күчүн сезүүсүнө багытталган.

Эмгекке тарбиялоонун мазмунундагы борбордук орунду өсүп келе жаткан муундарга эмгектенүүнүн ык-машыгууларына, көндүмдөрүнө үйрөтүү проблемасы ээлейт.

Ушул багытта 7-8 жашар кыздар кой эчкилерди сааганга катышышат. Алар өздөрүнчө ылайыкташтырылып жасалган кичинекей идиш-аяктарды - челекти колдонуп, энелери, чоңдор же чоң энелери менен саан сааганга чыгышат. Ошентип, жаштар жумуш аткаруу менен эмгек ишмердүүлүгүнө кантип катышып калганын байкабай да калышат. Чоңдор аларды эмгектенүүнүн негизги эрежелери менен көнүгүүлөрүнө үйрөтүшөт жана чоңдордун аракеттери бул процесстерди аткарууда жаштарга үлгү катары эсептелинет. Эркек балдар болсо 7-8 жаштан аркан менен жумуш аткарууга көнүгө башташкан. Кыскасы, жаштар кенже курак кезинен эле өздөрүндөгү эмгектенүүгө болгон ык-машыгууларын өнүктүрүп, бара-бара чоңдордун эмгектенүү процессине активдүү катышууга тартылат. Бул тууралуу академик А. Э. Измайлов: «Кыргыздар, - чынында, элдик педагогиканын сыйкырчылары, анткени алар өсүп келе жаткан муундарды

эмгектенүүгө, чынчылдыкка, туруктуулукка жана адеп-ахлактык тазалыкка тарбиялоонун маанилүү негиздерин кылымдар бою эмпирикалык жол менен негиздеп келген эл»,- деп таамай белгилеген [9, 76].

Адам өзүнүн жумушчу ык-машыгууларын, көндүмдөрүн адатка айландыруу үчүн талыкпай эмгектенсе гана, ийгиликке жетишерин эл көптөгөн макал-лакаптарында мисал катары айтып келген: «Колуңдан келбешинен коркпогун, аны үйрөнүп алганга жетиш», «Билбеген уят эмес, билгенге аракет кылбаган – уят».

Кыргыз элинин жаш муундарды эмгекке тарбиялоо мазмунун да аныктоочу ык-машыгууларды талап кылуучу негизги эмгектенүү алкагындагы ишмердүүлүк мал чарбачылыгы болгон.

Мал чарбачылыгы кыргыздарды байыркы кылымдардан бери кийиндирип жана багып келген. Анткени элибиздин жашоосундагы негизги тамак-аштар сүттөн жасалган азыктар менен тыгыз байланышкан. Мал жандыгы көптөгөн кылымдар бою кыргыздардын акча бирдигин алмаштырып, алына турган товардын, насыянын предмети катары да кызмат кылган. Бул чарбачылык кыргыз элинин жашоосунун башкы булактарынан болгон.

Мал чарбасын жүргүзүү иштерине эркектер жана аялдар эле катышпастан, өтө оор жумуштарга кичинекей балдар да активдүү тартылган. Элдин мал чарбачылыгын алып баруудагы ык-машыгуулары, аларды өнүмдүү жана чабал уюштуруу экономикалык байлыктын критерийлери катары саналган.

Кыргыздардын эпостору менен жомокторунда жогоруда айтылган мал чарбачылыгына негизделген элдин жашоо тиричилигине байланыштуу ойлор кеңири айтылат. «Манас» эпосунда Жакып хан Манасты Ошпурга кой багып мээнет кылып турмушту таанытууга тапшырып жатып мындай дейт:

Жайлоодогу койчуга малай кылып берели,  
Эркелетип отурбай, мал бактырып көрөлү,  
Сөз айтууга жатыксын малдын баркын билгизип,  
Малай кылып киргизип, дүнүйө баркын билгизип. [13, 87].

Балдарды эмгекке тарбиялоого болгон камкордук алар үй-бүлөнүн эмгектенүү турмушуна кирээрден мурда эле башталган. Алсак, бала төрөлгөндө же ага ат коюу учурларында эркек бала төрөлсө: «Атасына

окшоп малчы болсун», кыз бала төрөлсө «Апасына окшоп саанчы болсун» деген тилектер айтылган.

Бул каалоо-тилектерде эмгекчил элдин түпкүлүктүү кыялдары менен кызыкчылыктары чагылдырылган. Эл балдарынын эмгекчил, мал чарбачылыгынын чарбакер адамы болуп чоңоюшун тилеп, өзүнүн ак эмгеги менен бактылуу турмуш курушун самаган.

Кыргыздарда балдарды тарбиялоо эрте жаштан эле башталып, эмгекке үйрөтүү системасы туруктуу жана көп тармактуу болуп келген.

Үйдөгү жан-жаныбарларга болгон камкордукка балдар 5-6 жаштан тартып үйрөтүлө баштаган. 10-11 жаштагы балдардын эмгекке болгон мамилеси бир топ өз алдынчылык мүнөзгө ээ болуп, музоо карашып, уй сааганга көмөктөшүп, отун жыйганга жардамдашып, мал чарбачылык жана жерге байланыштуу иштерге активдүү кол кабыш кылып калышкан. 14-18 жаштан баштап эркек балдар жылкычы, чабандын милдеттерин толук кандуу аткара алышкан. Эмгекчил эл кой чарбачылыгында өзгөчө ийгиликке жетишкен жаш жигиттерди сыйлашкан.

Географиялык катаал шарт, тоолуу ландшафт дыйканчылык кылганга өз кедергисин тийгизип турган. Кыргыздар дыйканчылык асылы нанга, ал түгүл, анын ушагына да урмат менен өтө этият мамиле жасашкан. Нан ооз тийип кетүү салты ошол үйдүн ээсине болгон мамиленин ардактуу экендигин далилдеген. Ошондон улам болсо керек, азыр деле ант ичүүнү «Нан урсун» деп бекемдеп турушат.

Белгилүү этнограф К. И. Антипина түштүк кыргыздардын материалдык жана колдонмо маданиятын изилдеп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «Байыркы кол өнөрчү эл (кыргыздар –Б. М.) курчап турган жаратылыштагы бак-дарактардын, бадалдардардын, чөлдөгү өсүмдүктөрдүн тамырлары менен жалбырактарын тандап чогултушуп, алардан түрдүү боёкторду жасашкан. Ал эми тышкы базарлардан темир, күмүш сатып алышып, алардан түрдүү жасалгалоочу кымбат буюмдарды даярдоого жетишишкен». [5, 51].

Ушул анча көп деле эмес жаратылыш материалдарынан элдик кол өнөрчүлүк өндүрүшү өздөштүрүлгөн: токуучулук, терини өңдөө, өрүү, жыгачтагы оймо-чийме иштери жана кымбат баалуу металлдар пайдаланылган зергерчилик маданияты өнүктүрүлгөн. Бул туурасында кыргыз элинин «Манас» эпосундагы аскерлер үчүн кийизден жасалган кийимдер жөнүндө төмөндөгүдөй маалымат берилет:

Койдун жүнүн кыркышып,
Кыздар аны ийлешкен.
Ары-бери сүйрөшүп,
Ала кийиз бүйрөштү [10, 97].

Койдун жүнүнүн сапаттуу материалга айланышына көптөгөн күндөр талап кылынган. Жүн иштетүүдөгү бул татаал процесс азыркы күнгө чейин ошол салты, мүнөзү менен улантылууда. Айыл жеринде кийизден жашоого керектүү буюм жасоо практикасы ушул күндө деле коллективдүү эмгек формасын сактап келе жатат. Мисалы, ага кийиз ашар деп аталган эмгек салты кирет.

Элде өзүнүн зор жеке чыгармачылыгы, эмгек адеп-ахлагы менен айырмаланган, элдик руханий байлыктарды сактап жана өнүктүрүп келген чоң уста, чоң чеберлердин кол өнөрчүлүк иштери өтө жогору бааланып келген. Элдик чыгармачылык жупуну жеке өндүрүштөн өнүккөн колдонмо маданияттын үлгүлөрүнө, жөнөкөй, кээде эскирип унутулуп бараткан формалардан жогорку көркөм жана терең мазмундуу формаларга чейин жеткен эбегейсиз чоң жолду басып өттү.

Ошентип, биз балдар менен өспүрүмдөрдү эмгектенүүгө даярдоонун белгилүү чендеги даражасын, кыргыз элинин көчмөн мүнөздөгү шарттарында колдонулган негизги түрлөрүн карап көрдүк.

Бирок үй чарбасындагы балдарга тийгизген таасирлери, камкордуктары менен айырмаланган жана келечекте эмгекке калыптануусуна да түрткү бере ала турган балдардын түрдүү өз алдынча иш-аракеттерин эстен чыгарбашыбыз зарыл. Алар академик Г. Н. Волков көрсөткөндөй, «…. Ар кандай, кокусунан пайда болгон эмгектик кырдаалга өзгөчө аракетсиз эле ыңгайланууга жардам берет. Эмгек-тапшырма балдарды дайыма ар кандай ишке даяр болууга, ушундай такай пайда болуп туруучу жумуштарды эске тутууга жана аларды өз алдынча, улуулардын эскертүүсүз эле аткарууга үйрөткөндүгү менен маанилүү» [6, 61]

Элдик ырлар – балдарга моралдык жана эмоционалдык, руханий таасир этүүнүн эффективдүү каражаты. Алар чоңдордун эмгек ишмердүүлүгүнө карата балдардагы кызыгууларды арттырып, мал чарбачылыгына болгон даярдыгын, психологиялык калыптануусун күчөтөт.

Элдик ырлар кадимки заманда эле жаралган. Алардын пайда болушу байыркы элдин эмгегин жеңилдетүү, эмгекке болгон ынтызарлыкты

күчөтүү жана турмуштун көп кырларын өркүндөтүү аркылуу кедейчиликтен байкер турмушка жетишүүнү көздөө менен байланышкан. Ырларда элдин эмгек тажрыйбасы поэтикалык мүнөздө жалпыланып, социалдык теңсиздик менен жаратылыштын кырсыктарына каршы күрөшү чагылдырылат. Ырлар кыргыз элинин күндөлүк турмушун жана эмгек ишмердүүлүгүн шарттаган.

Байыркы көчмөн элдин эмгегин жеңилдетүү жана ага болгон мамилелердин негизинде эмгек ырлары пайда болуп, ар түрдүү иштерди аткарууда уюштургуч күч катары ырдалып келген. Мисалга, кыздардын тобу ырдап жүрүүчү «Бек-бекей» ырын алсак болот. Төкмө акындар тарабынан жаралган, өзгөчө тарбиялык мааниге ээ эмгек устаттары тууралуу «Кошок» ырларын кошсок да жөндүү. Тилекке каршы, этнопедагогикалык адабияттарда акыркы аталган жанрдын белгилүү тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө толук айтылбай келет. Кошоктор кыргыз фольклорундагы салттуу ырлардын түрүнө кирет. Бул ырлар дүйнөдөн кайтыш болгон адам туурасында ырдалып, маркумдун адамгерчилик касиеттери гана айтылат. Кошок ырлары Махмуд Кашгаринин атактуу сөздүгүндө, Орхон-Энисей жазмаларында кездешет. Алар элдик эпостордо да белгилүү чендеги орунду ээлешет.

Элдик акындардын эмгекке байланышкан кошок ырларын жаратуудагы чыгармачылыгында терең педагогикалык, тарбиялык маанилер жатат. Тоголок Молдо ушул багытта үзүрлүү иш алып барган акындардын бирөөсү болгон. Тоголок Молдонун ар бир кошок ыры, анын курч калеминен жаралып, бир гана эмгекти даңазалабастан, элди эмгекти сүйүүгө, эмгектенүүгө чакырып турат. Чынында эле, ал акындын кайсы гана кошогун алып көрбөйлү, алардын ар бириндеги борбордук идея – кесиптин маанилүүлүгү, адамдардын кызыкчылыгындагы кесиптик эмгекти чагылдыруу.

Акындын кошокторунун арасында «Дыйкандын аялынын кошогу» өзгөчө орунду ээлейт. Кошокто дыйкандын кайталангыс эмгегинин купуя сырлары, анын жер иштетүүгө болгон кызыгышы жана азаптуу мээнети, ал колдонгон шаймандардын аттары да аталат. Бул жерде дыйкан жөнөкөй эле эмгекчи эмес, ал – калгандар үчүн үлгү, адамдар менен өзүнүн тажрыйбасын тең бөлүшкөн нарктуу адам катары сүрөттөлөт.

Акын дыйкандын эккен эгиндери, оргон чөптөрү, анын башкаларга камкордугу жана чарбачылдыгы тууралуу баян этет. Тоголок Молдодогу

дыйкандын анча деле чоң эмес адырлардын жан боорлоруна өстүргөн нокоттору, шалбааларга эккен жүгөрүлөрү, түздүктөгү күрүчтөрү, талаадагы буудайлары аркылуу жерди «алтын жер» деп аташы аябагандай үлкөн таасир калтырат. Ушул образ менен акын «Байлык менен өнүгүүнү жер гана бере алат» деп, жерди иштетүүгө жана «жерге жакын адам болууга» кеңеш берет.

Кыргыз элдик ырлардын табиятында, жаралышында төкмөлүк өнөр жатат. Мындай ырлар мал чарбачылыгын жүргүзгөндө, мал кайтаруу учурларында, аң уулоо кезинде жана дагы башка эмгектенүү процесстеринде келген эргүүлөрдүн натыйжасында пайда болгон. Алардын поэтикалык образдары жана сөздөрү чөлдөр менен тоолордо жашаган, кыргыздардын бабаларынын ишмердүүлүктөрүн, жаратылышка мүнөздүү кээ бир кубулуштарды, жан-жаныбарлар менен жырткычтардын (айбанаттардын) тийиштүү өзгөчөлүктөрүн байкоого мүмкүнчүлүк берип туруучу кылымдардан берки каада-салттарды туу тутунган кыргыз элине тийиштүү гана поэтикалык көркөм дүйнө болуп эсептелет.

Балдарды мал чарбачылыгында эмгектенүүгө кызыктырып тарбиялоодо чоңдор, өзгөчө карыялар кыргыз элинин макал-лакаптарын кеңири пайдаланып келишкен. Бул маселе малчылардын руханий турмушуна да тийиштүү. Макалдардагы жөнөкөй кыргыз малчысынын эмгеги жөнүндөгү идея, көптөгөн кылымдар бою муундун-муунга өтүп, салттуу мүнөзгө ээ болуп калган. Балдардын үй жандыгына болгон кызыгуусун арттыруу максатындагы макалдар кыргыз фольклорунда өтө кеңири кездешет: Мисалы: «Мал арасы ала», «Кой семизи койчудан», «Малдуунун жүзү жарык, малсыздыкы – чарык» ж. б.

Жогорудагылар менен кошо эмгекке кызыктыруудагы элдик жөө жомоктордун маанилүү ордун белгилегибиз келет.

Кичинекей бөбөктөргө эмгек аркылуу ийгиликтерге жетишкен башкы каарман жөнүндөгү жомоктор айтылып берилген. «Акылдуу дыйкан» жөнүндөгү жомокто кембагал Койлубай жерди өздөштүрө баштайт. Жаил аңчылык менен шугулданат, дыйкан Махмут койлор менен эчкилерди кайтарат, анын аялы жүндөн жип ийрип, тамаркасында (огородунда) эмгектенет. Ушул сыяктуу жомоктордогу персонаждар аркылуу эл балдардын эмгекке болгон кызыгууларын күчөтөт. «Акыл адамды жогорулатат» деп аталган жомокто койчумандын эң сонун эмгеги жөнүндө

айтылат. Ал эми «Жети бир тууган балдар» деп аталган жомокто койлорду кантип кайтаруу жөнүндөгү устаттык ой-пикирлер баяндалат.

Эмгектенүүгө байланыштуу тарбия берүүнүн дагы бир булагы элдик табышмактарда жатат. Табышмактардын жардамы аркылуу адамдар өздөрүнүн ойлоо жөндөмдүүлүгүн кеңейтишкен. Байыртадан табышмактар өспүрүмдөрдүн өз алдынча эр жеткендигине байланышкан ырым-жырымдардын символу катары эсептелип келет. Көптөгөн табышмактар өз мазмунуна эмгектенүүнүн негизин камтып, көпчүлүгү үй тиричилиги, жашоо шарты, аң уулоосу, мал чарбасы жана кол өнөрчүлүгү менен байланыштуу. Мисалга: «Бир короо койду талаа бөрүсү күзөтөт» (Ай менен жылдыздар). Дыйканчылык иштери менен байланышкан табышмактардын да арбындыгын байкайбыз. Аларды чечмелөө эмгек шаймандары жана эмгек процесстери менен танапташ: «Эки тоонун ортосунда кар жаады» (Ун жана элек).

Табышмактар балдарга баалуу жана кызыктуу маалыматтарды берип, алардагы байкоо жана ойлоо жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүп, тилдик тактыкка негиз берген. Азыркы күндө да табышмактардын өтө чоң тарыхый-таанууучулук баалуулуктарга ээ экендиги тастыкталууда. Учурдагы кенже класстын окуучуларына арналган «Мекен таануу», «Адабий окуу» предметтеринде тарбиялык мүнөздөгү көп табышмактарга орун берилип жүрөт.

Балдар үчүн да, бардык жаштагы адамдар үчүн да кылымдар бою иштелип чыккан эмгектенүүнүн эрежелери окуп-үйрөнүүчүлүк чоң касиетке эгедер. Мисалга, төмөндөгү эмгектенүү эрежелери азыркы күнгө чейин өз таасирин жогото элек: «Калган ишти кар басат», «Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба», «Ишиң калгыча, ашың калсын» ж.б.

Балдардагы чыдамкайлык менен туруктуулуктун ык-машыгууларын өнүктүрүүчү практикалык көнүгүүлөр эмгекке тарбиялоонун сыноодон өткөн методу болуп саналат. Бул көнүгүүлөр эмгек процессинин башталышындагы даярдыгынын алгачкы баскычтары катары эсептелинет. Бала жеткиликтүү түрдө тигил, же бул эмгектенүүнүн түрлөрүнө көнүкмөйүнчө, аны эмгектенүүгө тартышкан эмес, тагыраагы, жашына шай келбеген татаал жумуштарды аткарууга уруксат берилбеген.

Көнүгүүлөр белгилүү чендеги мөөнөткө ээ эмес, алар кыска жана узак мөөнөттүү болгон, анткени бул көнүгүүлөр баланын эмгек процессин

өздөштүрүшү жана ал эмгектенүүнүн кайсыл түрү менен көнүккөндүгүнө байланыштуу каралган.

Балдарды эмгекке тарбиялоо процессинде түшүндүрүү, колдоо, сыйлоо, сындоо жана жазалоо методдору маанилүү орунду ээлеп, алар кыргыздардын күндөлүк турмушунда кеңири колдонулуп келген.

Балдарга үй-бүлөнүн турмушунда тигил, же бул аткарыла турган жумуш кандай мааниге ээ болору түшүндүрүлүп, анын кантип аткарылыш жолдору көрсөтүлгөн. Уул бала атасы менен кошо чөп жыйноого кетип жатып, эмне үчүн бул жумуш ушундай шашылыш түрдө аткарыла тургандыгын атасынан угат. Тоолордо тез-тез жаан-чачын болоруна, азырынча күн ачык турганда, аны аткаруу зарылдыгына ынанат. Эгерде бул жумуш өз убагында аткарылбай калса, анда эмгектин баары жокко чыгарын түшүнөт. Ошонун кесепетинен кыштын узак күндөрүндө мал-жандыктары чөп-чарсыз каларына көзү жетет. Кыргыздардын жашоосундагы негизги азыктар сүттөн жасалып келгени белгилүү. Ошол себептүү жайында өз убагында мал-жандыктарына жем-чөп камдоо, аны камсыз кылбоо үй-бүлөнүн ачка каларына алып келери, жаз-жайда деген сыяктуу жеткиликтүү түшүндүрмөлөрдү балдар чоңдордон угушат. Бул жагдай өзгөчө өспүрүмдөрдү кандайдыр бир кол өнөрчүлүккө, кесип-өнөргө үйрөтүп жатканда айкын көрүнөт. Мисалы, чөп чабуу мезгилинде анын жөнөкөй жумуш эмес экендигин, чалгыны кантип кармоону, курч бөлүктөрүн кайсыл багытта алып кетүүнү жана тез чарчап калбас үчүн туура кыймыл жасоону түшүндүрүшкөн. Колуна биринчи жолу токугуч зым кармаган кызга чоң энеси же апасы жипти кантип кармоону, аны түйүндөн кантип өткөрүүнү жана бул зымды иштетүүдө колдун бармактарынын кандай абалда болушун көрсөтүп баяндашкан.

Чоңдор тигил же бул жумушту так жана сапаттуу аткаргандыгы үчүн баланы тез-тез мактап турушкан, себеби балдардагы эмгекке болгон кызыгууларды өнүктүрүүдө колдоо көрсөтүү - эң сонун стимул. Аны сөз жүзүндө жүргүзүшпөстөн, баланын эмгегинин натыйжасын башкаларга көрсөтүү аркылуу алардын да алкоосун уктурушкан. Кайсы кыргыз баласы мындай колдоону көргөн эмес! (Ал мактоо-колдоолор көбүнчө баланы башынан сылоо менен коштолуп: «Ой, жакшы бала турбайбы», же болбосо: «Ой, жакшы кыз турбайбы», - деген сыяктуу сөздөр айтылган.

Кээде колдоо көрсөтүү иштин башталышына чейин эле жүргүзүлгөн. Мисал, ата баласына отун жарганды тапшырып жатып, «Бул иш сен үчүн

кеп эмес» деп, колдоп койгон. Тапшырылган иш бүткөн соң, эгер ал көңүлгө татырлык деңгээлде аткарылган болсо, анда энеси үй-бүлө мүчөлөрүнүн көзүнчө: «Азамат, адам болот деген-ушул»-деп, колдоону да салт сыңары тутунган. Ошентип, учурдагы жана алдын ала колдоо көрсөтүү методу эмгекке болгон ишмердүүлүккө чоң стимул берип, баланы чыйралтып, өз жөндөмдүүлүгүнө ишенич сезимин пайда кылып, аны өстүрүүгө чоң көмөк көрсөтө алары талашсыз.

Сыйлоо – мактоонун бир топ татаал формасы. Колдоо көрсөтүүдөн айырмаланып, ал бир топ оор эмгек процесстерин аткарууда жетишкен өзгөчө ийгиликтерине жараша колдонулат. Сыйлоо көрсөтүү материалдык буюмдар менен жана эс алууга уруксат берүү, элдик майрамдарга жөнөтүү ж. б. у. с. мүнөздө болот.

Сыйлоодо баланын тандап алуу эркиндигине мүмкүнчүлүк түзүлөт. Алсак, ал койлорду жакшы баккан болсо, анда ага койдун жүнүнөн токулган кандайдыр бир буюм, же болбосо бала тарабынан өстүрүлгөн жашылчалардан түшкөн акчага баалуу бир эстелик сатып алып берилет (баланын каалоосуна жараша). Эгер бала түшүм жыйноо мезгилинде эң жакшы иштесе, анда ал жакын тууган-туушкандарына барып, аларды көрүп жана эс алып келүүгө жөнөтүлөт.

Балдарды эмгекке тарбиялоонун таасирдүү бир методу катары элде сындоолор да кеңири колдонулуп келген. Башында күнөөлүүгө тийиштүү каймана сөздөр айтылып, бара-бара коңшулардын балдары аркылуу тийиштүү сындоолор күчөтүлөт: «Кошунанын баласы Айтбай колунан эч нерсе келбеген ак кол, иш дегенде ит капкандай качат, аш дегенде дайыма даяр», - деген кыйытма сөздөргө өткөн.

Кээ бир ата-энелердин сындоосунун эң сүйгөн каражаты болуп, таарынычсыз шылдың эсептелинет. Элдик айтымдарда, ырларда ж. б. жалкоо жана жатып ичерлерди катуу сынга алган каймана сөздөр колдонулган: «Ал кишиге иш жөнүндө сөз баштасаң, жүрөгүн кармайт».

Эмгекке тарбиялоонун түзүүчүсү эмгек адамдары болушкан, алар - мал жандуу адамдар, дыйкандар, же көркөм кол өнөрчүлүк буюмдардын колу алтын устаттары менен элдик оозеки чыгармачылыктын түзүүчүлөрү.

Учурдагы улуттук мектептердеги эмгекке тарбиялоонун мазмуну улуттук каада-салттардын негизинде тарыхый өтмүштү азыркынын инсандык келечегине бурууну, элдик тажрыйбанын негизги милдеттерин айкалыштыруу менен жүргүзүүнү талап кылууда. Сөзсүз түрдө ушул

базанын негизинде инсанды эмгекке тарбиялоо боюнча толук кандуу системаны түзүү зарыл.

Белгилей турган нерсе, азыркы башталгыч класстар үчүн түзүлгөн окуу-методикалык адабияттар кыргыз элдик фольклорунун эң мыкты үлгүлөрү менен байытылып, аларды максатка ылайык пайдалануу балдарды эмгекке тарбиялоодо белгилүү роль ойношу мүмкүн деген пикирдебиз.

Бирок бир топ илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөтүп тургандай, бул иш-чараларды мектептерде ишке ашыруунун чечүүчү факторлорунун бири мугалимдердин кесиптик даярдыгы болуп эсептелинет.

**Адабияттар:**


16. Айтматов Ч. Мурас биздин жалпы кенчибиз// Китепте: Кожожаш: Эпос. – Б.: Шам, 1996. – 248 б.
17. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү [Текст] / А. Акматалиев. - Бишкек: Кыргызстан, 1996. - 328 б.
18. Алимбеков А Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы.– Б.; 2018. – 112 б.
19. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы – Бишкек: КББИ, 1996. – 80 б.
20. Антипина К. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов. - Фрунзе: АН Кирг. ССР, 1962 .- 288 с.
21. Волков Г.Н. Трудовые традиции чувашского народа: Этнопед. очерк. — Чебоксары : Чувашкнигоиздат, 1970. — 96 с.
22. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. педучеб. заведений. –2-е изд., испр. и доп. – М.: Издательский центр «Академия», 2000. – 176 с.
23. Дмитриев М., Ильченко В. Тебе не больно сынок? // Учительская газета, 1980.
24. Измайлов А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана. – М., 1991. – 400 с.
25. Каралаев С. «Манас» 1 китеп. – Фрунзе,: Кыргызстан, 1984.
26. Кыргыз макал-лакаптары. Түз. жана баш сөзүн жазган Ш. Усупбеков. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 224 б. 63-27.
27. Кыргыз эл жомоктору. – Б., 2011. -118 б.

28. Манас – эпос 4-китеп [Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча]-Ф., «Кыргызстан», -1991.423 с
29. Сухомлинский В.А. Мудрая власть коллектива // Избр. пед. соч., В 3-х т. - Т.З. - М.: Педагогика, 1981. - 205-394-б.
30. Сыдыкбеков Т. Тил жана адабият жөнүндө. /Жазуучунун макала, публициистика жана пикирлеринен хрестоматия/ Түзг.: А.Жалилов ж.б. -Ош.2010. -56 б.
31. Түлөкабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы: Пед. ин-тардын студ. үчүн окуу китеби.- Б.: Мектеп, 1991.- 272 б.
32. Ушинский, К.Д. Педагогические сочинения в шести томах.т.1.[Текст] / К.Д.Ушинский. – М.:Педагогика, 1988.

### Төртүнчү бөлүм

## КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ БАЛДАРДЫ МЕКЕНЧИЛДИККЕ ТАРБИЯЛОО БОЮНЧА САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАР

Кыргыз жазуучу акындарынын чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо боюнча салттык педагогикалык баалуулуктар тууралуу сөз кылуу оболу адабияттын таалим-тарбия анын ичинде кыргыз маданиятындагы өзгөчө ордун ачып чыгуу зарылдыгын жаратат. Ошону менен бирдикте сунушталган изилдөө «мекенчилдик» түшүнүктөрүнө да учкай токтоло кетүү зарылдыгын жаратат.

Адабият менен таалим-тарбиянын тамырлаштыгы адамзат маданиятынын тарыхы аркылуу тастыкталган. Көркөм адабият педагогикалык билимдердин булагы, тарбиялоонун таасын каражаты катары улуу философ педагогдордун эч кимисин кайдыгер калтырган эмес. Орус элинин улуу педагогу К.Д. Ушинский «Ар бир эл адабиятында өз түшүнүктөрүнө жараша адам кандай болуш керек деген ишенимдерин туюнтат» - деп белгилеген. Анын ою боюнча «...уламыштар, поэзия адабият – алардын тарыхый турмушунан жаралгандардын баары алардын чыныгы мектебин түзгөн» [23, 240].

Улуу педагогдун бул ойлорун тастыктаган мисалдар бардык элдердин тарыхый тажрыйбаларынан кезигет. Алсак, байыркы Грециянын атактуу философ жана агартуучусу Аристотель Александр Македонскийдеги эр жүрөктүүлүк, тайманбастык менен айкөлдүктүн айкалышын калыптандырууда Гомердин «Илиадасына» таянган. Ырасында эле, тарыхый педагогикалык маалыматтарда белгиленгендей Гомердин «Илиадасы» гректердин ондогон муунун тарбиялоонун программасы мектеби катары кызмат кылган. Ошондуктан Платон «Мамлекет» деген эмгегинде «Илиада» турмуштун туура жолуна салуучу нускалар деген жалпыга жайылган көз карашты ырастоо менен «… акын Элладаны тарбиялаган» -деп жазган. Адамдар гректер турмушу үчүн тутка болорлук эреже нормаларды Гомердин чыгармаларынан табышып, аларды үйрөнүп, тарбияланышкан. Ушундай эле кубулуш кыргыз элинин салттуу педагогикалык маданиятынын тарыхынан да таасын байкалат. Анткени, кыргыздар да көркөм сөз баалуулуктарын адамды турмуштун туура жолуна салуу боюнча билим жана тажрыйбалардын эң башкы, эң таасирдүү булагы жана каражаты катары карашкан. Салттуу кыргыз коомунда таалим

нускалар көркөм сөз үлгүлөрүндө катталып, сакталып, ошол каражаттар аркылуу таралып, ишке ашып келген. Азыркы коомдук практикадагы адабияттын таанымдык жана тарбиялык функциясы жөнүндө сөз кылганда эки тенденция ачык баамдалат. Биринчиси, балдар дүйнөсүн жана аларды тарбиялоонун татаал кубулуштарын сүрөткердин жана педагогдун көзү менен көрүп, жүрөгү менен кабылдап, ал аркылуу олутуу педагогикалык идеяларды, ой корутундуларды жаратуу жана жалпы массага жеткирүү тажрыйбалары. Мунун классикалык үлгүлөрү катары, Ф. Рабленин «Гаргантюа и Пантагрюэль», Ж.Ж. Руссонун «Эмиль же тарбиялоо жөнүндө», И. Г. Песталоццинин «Ак куу ыры», А. С. Экзюперинин «Кичинекей ханзаада», А.С. Макаренконун «Педагогикалык поэма», А. Гайдардын «Тимур жана анын командасы», Корней Чуковскийдин «Экиден бешке чейин» жана башка чыгармаларын кошууга болот. Экинчиси, көркөм адабият бардык коомдук илимдердин өкүлдөрү тарабынан кадыресе таанымдык булак катары бааланып келген. Ал эми көркөм адабиятты педагогикалык болумушту изилдөөнүн булагы катары кароонун илимий – теориялык негиздери М.М.Бахтин [8], Г.Н. Волков [10], А.С. Роботова [20], Е.В. Болкунова [9], А.Алимбеков [5], А. Муратов [18], сыяктуу ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде каралган.

Диссертацияда коюлган маселенин алкагынан анализге алынган изилдөөлөрдүн маанилүүлүгүн жана баалуулугун белгилебей коюуга болбойт. Бирок аталган авторлордун изилдөөлөрүндө көркөм адабият азыркы өспүрүм курактагы балдарды мекенчилдикке тарбиялоонун булагы жана каражаты катары атайын изилденген эмес. Асылында, көркөм адабият менен таалим-тарбиянын түпкү максаттары бир – адам баласынын дүйнө таанымында, ойлоо багытында, пейилинде, ишенген нарк-нускаларында позитивдүү өзгөрүш, өнүгүш жаратууга багытталган феномендер. Экөөндө тең адам баласынын туулган жер, ата –мекен, эл журт алдындагы парзы анын адамдык наркын баалоонун эң башкы критерийи катары каралат. Көркөм чыгармаларда бала затынын ата журттун татыктуу перзенти катары калыптанышынын көп кырдуу кубулуштары илимде көндүм болгон схематизмдерден тышкары турмуштук татаал карама каршылыктардын чегинде ары жандуу, ары образдуу берилет. Мындай мекенчилдик темасындагы чыгармалардын үлгүлөрү кыргыз адабиятында да арбын. Алар жаш муундардын атуулдук ариетинин калыптанышына стихиялык

деңгээлде болсо да аздыр көптүр таасир этип келе жаткандыгын көңүлгө албай коюуга болбойт.

Адабиятта таанытылган фактыларды классификациялоо кыйын. Бул фактылар мындайча болуп бөлүнүшү мүмкүн:

- Билим берүү мекемелердин, алардагы атмосферанын, мугалим менен окуучулардын ортосундагы байланыштын баяндап жазылышы;
- Билим берүү процессинин (формалары, методдору, мазмуну, мугалимдин ишмердүүлүгүнүн түрү) баяндалып жазылышы;
- Балдардын билим берүү процесинин субъекттери катары баяндап жазылышы (жөндөмдүү жана шыктуу, жөндөмсүз жана ийгиликсиз, авторитеттүү жана кууп жиберилген балдар);
- Балдардын таанып билүүсүнө багытталган кызыкчылыктардын, алардын мугалимдерге жана мектепке болгон мамилесинин жана көз караштарынын чагылдырылышы;
- Мугалимдердин баяндап жазылышы (портреттер, мүнөздөр, талант же болбосо педагогикалык талантсыздык, балдардын арасындагы авторитеттүүлүк, мугалимдин өз ишин билген адис жана мыкты мугалим катары көрсөтүлгөн педагогикалык кырдаалдар);
- Билим берүү мекемелеринде жаралган ар түрдүү кырдаалдардын баяндап жазылышы (шылтоолор, түрткүлөр, себептер, кырдаалдар, педагогикалык чечимдер);
- Тарбиялоонун жана билим берүүнүн тарыхый жана маданий түрлөрдүн баяндап жазылышы, ошондой эле, тарыхтын ар түрдүү доорлорунда иштеген билим берүү мекемелеринин чагылдырылышы ж.б.

Салттуу жолдору менен топтолгон илимий педагогикалык фактылар адабий чыгармалардан алынган фактылар менен да толукталышы мүмкүн.

Адабият түшүнүп баштоонун укмуштуу өзгөчөлүгүнө ээ. Айрыкча, поэзия жана улуу прозалык чыгармалар жөнүндө сөз болуп жатканда жогорудагы ойду тана албайбыз. Мындай түшүнүп баштоо процесси жазуучунун мүмкүндүктөрдү алдын ала көрө билүүсүндө окуялардын, процесстердин жана кубулуштардын өнүгүүсүндөгү тенденцияларда байкалат. Албетте, ойлоп табылган мүмкүндүктөрдө, тенденцияларда жана күтүлбөгөн окуяларда педагогикалык кубулуштарга да тиешеси бар болгондор пайда болот. Биздин оюбуз боюнча учурдагы структурализмдин таанымал өкүлдөрдүн бири семиолог Р.Барт адабияттын мындай бөтөнчөлүгүн ачык жана даана белгилеп өткөн: "... ал дагы да билинбеген,

бирок жаралган билимдин потенциалдык түрлөрүн эске алууга мүмкүнчүлүк берет. Адабият илимдеги боштуктарда ишке ашат...Экинчи жагынан алып караганда адабият менен мобилизацияланган билим эч качан толук жана бүтүн боло албайт. Адабият кандайдыр бир нерсени билем деп жар салбайт, ал кандайдыр бир нерсе жөнүндө дагы да жакшы билем, дагы да көп маалыматтарга ээмин деп айтат" [7, 552].

Көркөм таанып билүүчүлүк, ойлоп табуу жана таланттуу интуиция педагогикалык объектти жана предметтин илимий изилдөөсүнөн озуп кете алат, али изилденбеген, жадакалса, байкалбаган илимий педагогикалык кубулуштарды образдуу кылып чагылдырып бере алат, жаңы билимдерди пайда кыла алат. Ошондуктан, мындай өзгөчөлүктөрдө чыгарманын таанып билүүчүлүк жана эвристикалык баалуулугу жатат. Ал кандайдыр бир даражада божомол болушу мүмкүн, мындан тышкары, педагогикалык таанып билүүчүлүктө божомолдуу кызматка ээ болушу мүмкүн.

Божомолдонгон көптөгөн чыгармаларды мисал келтире алабыз. Мындан тышкары, убакыт өткөн сайын кадимки, көрүнүктүү жана талашсыз деп эсептелген көптөгөн педагогикалык кубулуштар пайда болгон. Мындай божомолдуу чыгармаларга орус жазуучусу В.Тендряковдун "Ночь после выпуска" ("Бүтүрүү кечесинен кийинки түн") аталышындагы чыгармасын киргизе алабыз. Бул чыгармада мындай караганда "эксперименталдык" жана чындыкка жатпаган кырдаал жаралган (моделдештирилген). Бүтүрүү кечесинде Юлечка Студенцова деген чыгарманын каарманы ойго келбеген бир "ыраазычылык" менен кебин баштайт. Өз сөзүндө: "Мен эч ким менен салыштырылбайм, он жылдан бери баардыгын өзүмдүн артымда калтырып жүрөм", - деп айтат. Чыгармада чагылдырылган педагогикалык "эксперименталдык" кырдаал мугалимдик рефлексиянын өнүгүшүн, ошондой эле, мугалимдин өзүнүн ишмердүүлүгүн анализдөөсүн божомолдоого түрткү берген. Мугалимдер бөлмөсүндөгү түнкү талаш-тартышуу билим берүү менен тарбияга байланыштуу талкуулоолордун келип чыгышын жана "илим менен адеп-ахлактуулук" деген маселенин педагогикалык жактан каралышын шарттаган.

Адабий чыгармалардагы дагы бир өзгөчөлүк педагогикалык ишмердүүлүктүн өрнөгүн жаратуу. Алардын негизинде белгилүү бир принциптерди тариздөөгө болот. Айталы, Ч. Айтматов өз чыгармаларындагы мугалимдердин образдарында мугалимдик ишти өз

өмүрүнүн башкы дөөлөтү катары кабылдоо, өмүрүн педагогикалык эмгекке арноо сыяктуу принципти негиздеген. “Кылым карытар бир күн” романында Абуталипти эң сүйүктүү жайы мектепте иштөө укугунан ажыратышып, нечен жолу куугунтукташканы менен анын мугалимдик нарк-насилинен, ишенимдеринен биротоло айрый алышпайт.

«Фудзиямадагы кадыр түндө» мурдагы мугалим Айша апа эбак пенсияга чыкса да, бир убакта өзү окуткан балдары Иосиф Татаевич, Исабектердин адеп-ахлактык жактан бүкшүп бузулган абалын көрүп, чын ниеттен берген таалим-нускаларынын эмне үчүн жугумсуз болуп калганынын себептерин аңдап түшүнө албай жаны кейийт. « …Ушундай ынтымактуу, ушунчалык ниети таза балдар элеңер? Эмне үчүн ушундай турмушка дуушар болдуңар? Мен силерге аябай ишенчү элем. …Мына эми мынтип кабыргам кайышып, жаным катуу кейип олтурат. Баягы балдарым жок. Андагы жаркыраган балдарым кайда? Алардан айрылганым ырас, анда өзүмдө да айып бар…. Кай жерден…. эмнеден жаңылыш кетирдик. Билбейм, башым маң …» -деп трагедиянын түпкү себебин өзүнүн жана кесиптештеринин ишинен издейт. Көркөм адабият менен таалим-тарбия билимдеринин түпкү максаттары бир – адам баласынын дүйнө таанымында, ойлоо багытында, пейилинде, ишенген нарк-нускаларында позитивдүү өзгөрүш, өнүгүш жаратуу зарылдыгынан жаралып өнүгүп олтурат. Адам тарбиясынын турмуштук кубулуштар менен туташ жашап келген купуя сырларын таанытып, бир эле мезгилде көркөм адабият менен педагогика илиминин шедеврине айланган чыгармалар бар. Көркөм чыгармаларда балдарды тарбиялоонун көп кырдуу кубулуштары илимде көндүм болгон схематизмдерден тышкары турмуштук татаал карама-каршылыктардын чегинде сүрөткердин сезими, ой чабыты, учкул кыялы менен *образ, эпитет, метафора, салыштыруу* сыяктуу жандуу каражаттар аркылуу туюнтулат.

**“Ата журт” түшүнүгү “ыйык топурак”,** “ата-бабалар конушу” “ата-бабалардын рухтары жана мүрзөлөрү жайгашкан жер” деген маанини билдирет. Кыргыз тилинде “журт” сөзү эл маанисинде колдонулат. [15, 5]. “Эрдин бир журту - өз эли, бир журту - кайыны, бир журту – таекеси”-деп айтылат элде. “Ата журт” түшүнүгү “ата-бабалар конушу” “ата-бабалардын сөөктөрү калган жер” деген мааниге ээ. Байыркы түрктөр кайсы жердин суусун ичсе, алар ошол жерди Ата Журт катары эсептешкен. Азыр деле хакастарда «ата жер-суу» («ада чир-суу») туулган жер, Мекен

деген маанини туюнтат. Эпосто «жер-суу» мекенди туюнткан метафора катары айтылып калган.

“Мекен” орусчада «Отечество», «Отчизна» деп аталса англис тилинде «мать» (англ. motherland) сөзү «өзүбүз, өз жерибиз» («родные, свои места») – деген мааниге ээ. Мекенчилдик кыргыз тарыхынын бардык мезгилдеринде инсандын мекен менен сыймыктануусун, сүйүүсүн, аны коргоого көп кырдуу даярдыгын камтыган коомдук аң-сезимдин жетилгендиги жана ошону менен бирдикте өтө катаал адептик принцип болгон. Мекенчилдик – эң оболу жан дүйнөнүн, рухтун абалы. Кыргыз элинин коргонор чеби да, эң күчтүү, эң ишенимдүү куралы да мекенчил, элчил урпактарды, “эр”, “эрен”, “шерлерди” тарбиялоо системасы болгон. [3, 17].

Мекенчилдик коомдук педагогикалык феномен катары көп кырдуу адабияттарда, анын ичинде философияда да кеңири каралган.

Г.Ф. Гегельдин идеялары да мекенчилдик деген түшүнүктүн саясий жактан каралуусуна түрткү берген. Анын пикиринде, мамлекет адамдардын жеке укуктарын коргогондуктан, жеке адам деле мамлекет үчүн өз жыргалчылыгын курмандыкка чалса болот жана мекенчилдик деген түшүнүк мамлекеттин толуктугун жана чексиздигин түшүнүүгө негизделиши керек деп эсептеген [11, 177]. Орус философу Ильиндин пикиринде: “Ата мекен идеясы - деп жазат философ, - адамдагы руханияттын башатына байланыштуу. Мекенин таануу - бул адамдын өзү руханий барлыгынын рухий жактан өзүн өзү аныктоосунун актысы. Рух болбосо аймак да, климат да, географиялык кырдаал да, адамдар тобу да, туулган жер да, расалык тек да, турмуштук каада-салттар да, чарбалык иштер да, тил да жалпы ата мекен маанисине ээ болбойт. Формалдуу атуулдук мекен сезимин түзбөйт. Мекенчилдик бул компоненттердин баары толук болгондо гана бакубат болот». [12, 67].

К. Д. Ушинскийдин пикиринде “Өзүн жакшы көрбөгөн адам болбогондой эле, Ата Мекенин сүйбөгөн адам болбойт. Бул сүйүү адамдын жан дүйнөсүнүн негизин түзүп, жеке өзүнүн, үй бүлөсүнүн, уруусунун чабал жактары менен күрөшүүдөгү бекем таяныч» [23, 417-б].

В. А. Сухомлинскийдин пикиринде баладагы мындай сезим жана тажрыйбалар туулган жердин табиятын, ата энесин, эне тилди, ата-бабалардын даңктуу тарыхын урматтоо жана сүйүүдөн башталат. [ 22, 14-б].

Кыргыз педагогикасынын фонунда окуучу жаштарды мекенчилдикке тарбиялоо багытында бир катар изилдөөлөр аткарылган. Алардын басымдуу бөлүгү “Манас” эпосунун дөөлөттөрүнө байланышкан. Алсак, Т.Ормоновдун «Древнекиргизское педагогическое воззрение» (по эпосу «Манас») (1972) аттуу кандидаттык диссертациясында негизинен эпостогу патриоттук мотивдер талдоого алынган. [19]. Г.А. Абдымомунованын эмгегинде «Манас» эпосу аркылуу окуучуларды патриоттуулукка тарбиялоонун мазмундук –структуралык моделин иштеп чыгуу жана аларды иш жүзүнө ашыруунун шарттары айкындалган. [1].

Ж. Каденованын изилдөөсүндө «Манас» эпосундагы бала Манасты мекенчил инсан катары калыптандыруунун салттык факторлору, «табийгый тарбиячылар» институту, методдору, ыкмалары айкындалган. [14].

**Жалпысынан кыргыз тилдүү орто мектептердин адабият сабагынын окуу программаларында орун алган мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы чыгармалардын жанрдык тектери төмөндөгүдөй:**

1. Жазуучу, акындар тарабынан элдик эпостордун негизинде жазылган чыгармалардагы мекенчилдикке тарбиялоонун салттык баалуулуктары.
2. Кыргыз эл ырчылары менен профессионал акындар поэзиясындагы, эл жерди сагынуу, элчилдикке, мекенчилдикке тарбиялоо мотивдери.
3. Кыргыз жазуучуларынын прозалык чыгармаларындагы мекенчилдикке тарбиялоо идеялары.

**Сунушталган эмгектин көлөмүнө ылайык биз мында жогорудагы аталган маселелердин ичинен элдик фольклордун мотивинде жазылган чыгармалардагы мекенчилдикке тарбиялоо идеяларына гана токтолобуз.**

Жазуучу, акындар тарабынан элдик эпостордун негизинде жазылган чыгармалардын түп башаты фольклордун өзү болуп эсептелет. Ошондуктан биз фольклор менен элдик тарбиянын байланышы илимде калыптанган көз караштарга учкай токтоло кетүүнү эп көрдүк.

Фольклор байыркы замандардан XXI кылымга чейин кыргыз элинин коомдук аң-сезимин, философиялык көз-караштарын жана эстетикалык табитин чагылдыруунун негизги каражаты гана болбостон, түздөн-түз тарбиялоо каражаты жана ыкмасы да болуп келген.

А.Алимбеков белгилегендей: «Жаш муундардын туюу, кабылдоо сезимине жалпы элдик салтты, адептүүлүктү, боорукерликти байыр алдыруу кудурети, аларды өрнөктүү идеялдарга тарбиялап келгендиги боюнча фольклор - нагыз элдик педагогика. Ушундан улам оозеки чыгармалар аркылуу педагогикалык маданияттын башат тамырларына кайрылуу илимдеги салтка айланган көрүнүш». [3, 32-б.]

Этнопедагогикалык баалуулуктарга ширелген оозеки чыгармалардын түп вариантынын жана жазуучулар тарабынан көркөм чыгарма таризинде иштелип чыккан варианттарынын адабият сабагына киргизилиши жаш муундарды байыртан башат алып, элдин өзү тарабынан түзүлүп, эчен муундардын тарбия практикасынын сын-сыдыргысынан өтүп, мезгил менен коомдук өзгөрүүлөрдүн таасирине туруштук берип жашап келген эң ишенимдүү каражаттардын негизинде тарбиялоого негиз болот.

Кыргыз адабияты боюнча окуу китептерде элдик оозеки чыгармалардын орун алышы балдардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүнө жана билим берүү, тарбиялоо милдеттерине ылайык ар түрдүү деңгээлде орун алган. Биз тарабынан жүргүзүлгөн анализдин натыйжалары боюнча К. Артыкбаев жана Б. Исаковдор түзгөн 5-класстын окуу китебинде элдик фольклорго таандык «Алтын куш», «Акылдуу дыйкан», «Акыл Карачач», «Бугу эне» (Ч. Айтматов) сыяктуу жомоктор, макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, «Манастын балалык чагына» байланыштуу эпизоддор орун алса, А. Сманбаев жана Н.Ишекеевдер тарабынан түзүлгөн 6-класстын окуу китебинде «Элдик ырлар», «Каада салт ырлары», «Жарамазан ырлары», «Кошоктор», «Эр Төштүк», «Манас» эпосунан «Каныкейдин Тайторуну чапканы, Тайторуну байгеге кошкону» тууралуу үзүндүлөр киргизилген.

Адабий билим берүүнүн логикасына жараша 7-класстан баштап профессионал көркөм адабият үлгүлөрүнө көбүрөөк орун бериле баштаган. Алсак, окуулук хрестоматия тибинде түзүлгөн, алты бөлүмдөн турат, б.а., китептин мазмунун элдик эпостор (16%), эл акындары (11%), классикалык орус (3,5), кыргыз совет (57%), боордош калктар (2,5%), чет мамлекеттердин (6,1%) адабияттарынын материалдары ээлейт. Бирок, мында «Кожожаш», «Эр Табылды» эпостору менен бирдикте Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» сыяктуу элдик оозеки чыгармалардын негизинде жазылган чыгармалар орун алган.

Окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого тике тиешелүү чыгармаларга кеңири орун берүү жагынан 8-класстын окуу китеби өтө чоң артыкчылыкка ээ. Мында «Орхон -Енисей жазма эстеликтери», «Манас» үчилтиги, «Уламышка айланган акындардын» уламыш таризиндеги мурастарына көлөмдүү орун берилген. Пайыздык катыш менен алганда мындай элдик тарбиянын баалуулуктарын чагылдырган чыгармаларды үйрөнүүгө программалык убакыт бюджетинин 50% дан ашыгы берилген.

Бул жагдай биздин изилдөөбүздүн милдетине ылайык азыркы кыргыз мектептеринин адабият сабагы боюнча программаларына киргизилген фольклордук чыгармалардын руханий-педагогикалык функциялары, мекенчилдикке тарбиялоо багытындагы конкреттүү идеяларын ачыктай кетүүгө милдеттендирет.

Адабият сабагынын алкагында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоо жагынан жомоктор өзгөчө мааниге ээ.

Жомоктордун таалим-тарбия жаатындагы аткарган жүгүн талдап, баалоодо улуу орус педагогу К.Д.Ушинскийдин пикирлери өзгөчө маанилүү. Элдик таалим-тарбиянын бул таасирлүү каражаттары тууралуу ал мындай деп жазат : «Жомоктор элдик педагогиканын эң алгачкы саамалыктары. Мындай алганда элдин педагогикалык генийлиги менен эч ким теңдеше албайт» [23, 161]. Ал жомокторго жогору баа берип гана тим болбостон аларды тандап иргеп өзүнүн педагогикалык системасына киргизүүгө байма бай аракет кылган. Жомоктордун ишиндеги жугумдуулугун элдик чыгармачылыктын жөнөкөйлүгү балдардын жан дүйнөсүнө, психологиясына дал келиши, жагымдуу табияты менен түшүндүргөн. «Улуу жана поэзияга шыктанган бала өз кыялдарын баяндайт да, бул кыялдарга өзү бери эле дегенде жарым-жартылай ишенет.» [23, 165]. К.Д.Ушинский сыяктуу эле В.А.Сухомлинский да жомокторду «эл маданиятынын рухий байлыгы», «бала жомокту аңдап түшүнүп жатып элдин турмушун жүрөгү менен туюп билет», «жомоктордогу сөздөр баланын аң-сезиминде дайыма жашайт» - деп анын көп кырдуу мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүүгө көп аракет жумшаган [22, 242]. Ал өз тажрыйбасын иликтеп келип, балдарды ата журтту сүйүүгө тарбиялоодогу жомоктордун маанисине басым жасаган: «Жомоктор туулган жерди сүйүүгө тарбиялаганынын себеби алар элдин өзүнүн табылгасы экендигинде» [23, 184].

Жомокторду таалим тарбиянын каражаты катары колдонуу жаатында, айрыкча, расмий таалим-тарбия мекемелерине (мектепке) кеч жетишкен кыргыз сыяктуу элдер бай тажрыйбага ээ болушкан.

Даанышман карыялар акыл жетпес, эс түтпөс татаал жана чийеленген маселелердин жөпжөнөкөй чечимдери жомоктордо жолугат, «балаң *жолунан адашып баратса, жомокко кайрыл, жомок менен жолго сал» - деп нускашкан.*

Ошондуктан *о*рто мектептердин 5-классынын окуу китептеринде «Алтын куш», «Акылдуу дыйкан», «Акыл Карачач» сыяктуу тарбиялык таасирдүүлүгү жагынан балдарга жаштайынан маалым жомоктор киргизилгендиги педагогикалык өңүттөн өтө негиздүү. «Алтын куш» жомогунда адамдын эң ыйык парзы ата-энени кадырлап үмүт тилегин актоо, алар үчүн бардык кыйынчылык түйшүктөргө даяр болуу зарыл деген элдик нуска ачыкталат. Ошондуктан булуттуу көктүн асты менен, нымдуу чөптүн үстү менен, чырм этип кирпик талдырбай, чычканга кебек алдырбай алтын куштун изине сая түшкөн бала эр жүрөктүүлүктүн өрнөгү катары сүрөттөлөт. Дегинкиси, акылы, билими карайлаган эл журтту азаптан куткарып сактап калуу кыргыз жомокторунун башкы летмотиви болуп саналат.

Эзелки элдин эс тутумунда сакталып келген уламыш жана жомоктордун тааныткыч жана тарбиялык затын жаңы доордогу адеп-ахлактык проблемалардын контекстинде чеберчилик менен жандандыруу жагынан Ч. Айтматов ат көтөргүс эмгек жасаган. Анын бул жааттагы чыгармачылык эмгеги көркөм адабият чөйрөсүндө кандай каралса, педагогикалык билим жана маданият чөйрөсүндө да бирдей даражада бааланып келет. Буга байланыштуу А. Алимбеков: «Алп жазуучунун чыгармаларын педагогикалык мерчем менен тыкыр окуган адам анын ар бир повестинен, романдарынан ириде адамзаттын улуу даанышман таалимчиси, насаатчысы Ч. Айтматовдун адам уулун адам кылууга багытталган ийги тилектеринин, ой-санааларынын, чаалыкпас чакырыктарынын жандуу демин айныбай туя алат» - деп жазган [5, 134].

А. Муратов Ч. Айтматовдун элдик педагогикалык салттарга кайрылуусунун жүйөө максаттарын төмөндөгүлөрдөн көрөт: байыртан түзүлүп, эл тарабынан эчен электен өтүп, мезгилдердин сыноосуна туруштук берип келген элдик таалим берүү салттарын таап чыгуу; элдин кылымдардан бери колдонуп келе жаткан тарбиялоо салттарын бүгүнкү

окурманга ачып берүү; элдин тарбиялык ишенимдериндеги оң сапаттар жана терс сапаттар менен азыркы адамдардын ыймандык, эстетикалык түшүнүктөрүн салыштырып көрүү; соңку жана мындан кийинки муунду өткөн доорлордон калган тарбиялык салттар менен таразалап, алардын оң жолго түшүшүнө салттуу түшүнүктөр, эреже-нормалар менен таасир этүү” [18, 189].

Жогорку ойлорду жазуучунун “Ак кеме” повестиндеги мекенчилдикке тарбиялоо мотивинде иштелип чыккан жана 5-класстын адабият окуу китебине киргизилген “Бугу эне” жомогу да тастыктап турат.

Жомок бабаларыбыздын ыйласа ыйы, кыйкырса үнү жетпеген байыркы  мекенин эске салат. Жомок боюнча Сибир деген жердеги бир өзөндү бойлоп мекендешкен.  Ал дайраны азыр Енисей дешет. Илгери кыргыздар Энесай дешчү.

Кыргыздар байыркы мекенин жомокко гана эмес, көкүрөктү жара тээп чыккан арман ырга айландырып, эс тутумунун тереңинде сактап келишкен. Жомокто бирин-бири  чаап алган, бири-бирин талап алган жоокерчилик заман тууралуу маалымат менен башталат. Кыргыз уруусун да айлана-тегеректе курчап, кас уруулар туруптур. Эр өлтүрүү эрдик саналып, кишини киши аябай, адамды адам тукум курут кылмай заман. Адам каны суудай агып, көк кашка суу жошолонуп, ак-сары гүл манаттанып, бөрүдөй тытышкан доор экен. Эгин эгип, түшүм жыйнаар, мал багып, мергенчиликтен олжо таап келер эр бүлө калбай, эл тукуму сооло берет. Мындай кырдаалда эрдик көрсөтүп, элине арка бел болгондор эң башкы байлык, эң башкы дөөлөт катары каралган.  Ошондой ойрон согуштардын биринде  эл атасы, журт эгеси, сан колдун башчысы Күлчө баатыр каза табат. Адатта кыргыздар мындай баатырларды өтө чоң сый, зыйнат менен узатышкан. Кыздар кызыл кийинип, катындар кара кийинип, кыргыз эли эки күн аза күтүп, үчүнчү күнү баатырдын сөөгүн ата салты боюнча жабыла көтөрүп, Энесайдын боюн бойлотуп, жарлуу жээктин мизи менен алып өтмөк, эл анткени- баатырдын чымын жаны көккө учуп кетер алдында Эне болгон өзөн менен, Ата болгон мекен менен коштошуп алсын, тирүүсүндө жоого аттанып баратып, жоону чаап келатып, ушу жээктен ырдап өтчү ырын чымын жаны ырдап кетсин дегени.

Энесай, сендей жайкын өзөн барбы,
Энесай, сендей жаркын мекен барбы?
Энесай, сендей кыйын азап барбы?

Энесай, сендей ыйык азат барбы?

Энесай, сендей жайкын өзөн болбос,
Энесай, сендей жаркын мекен болбос!
Энесай, сендей кыйын азап болбос,
Энесай, сендей ыйык азат болбос!

Баатырдын сөөгү жатар жайы, коер көрү бийик дөбөнүн чокусунда. Коер алдында эли баатырдын сөөгүн башынан өйдө көтөрүп, төгөрөктүн төрт тарабына көрсөтмөк: «Алдыңда өзөнүң калды жайын. Үстүңдө Теңир ээлеген көгүң турат. Өзөктү өз тукумуң, калың журтуң сөөгүңдү көтөрүп, башын ийип астыңда турат азалуу. Жаткан жериң жайлуу болсун, топурагың торко болсун!» Ошентип, баатырдын сөөгүн жерге берип, көрүнүн башына өткөндүгү баатыр Ата, баатыр Бабалардын жолун жолдоп, чулу корум таштан Таш-Баба орнотмок.

Бул эпизоддор аркылуу эл үчүн кара жанын карч уруп кызмат кылган элчил, мекенчил адамдын кадыр-наркы тирүүсүндө гана эмес, өлгөндө да кандай бийик болоору эскертилип олтурат. Бул жомок урпактарга мекенчил адам болуунун баасын аңдатуу жагынан үлкөн эпостордон кем эмес милдет аткарат.

Элдик оозеки чыгармалардын үлгүсүндө мекенчилдикке тарбиялоодо талашсыз таасирлүү чыгармалардын бири - бул 7-класстын окуу китебине киргизилген Ж. Садыковдун «Манастын уулу Семетей» драмасы. Бул драма «Семетей» эпосундагы түйүндүү окуялардын негизинде таасирдүү иштелип чыккан.

Ысмайылдын колунда Семетей он эки жашка чейин тарбияланат. Эр жеткенде таятасы аны хан көтөрүп той берет. Тойдо Каныкей Манастын уулу, мураскор Семетейдин келечегин билүү максатында Тайторуну төлгө кылып чабат. «Каныкейдин Тайторуну чабышы» С. Каралаевдин өзгөчө сүйгөн эпизоддорунун бири болуп, ал аны эл астында өтө берилүү, чыгармачылык зор эргүү менен аткаргандыгын айтып жүрүшөт. Манасчынын бул эпизодго айрыкча көңүл бурушу, ал өзү өтө сүйгөн каармандарынын бири Каныкей көптөн күткөн тилеги орундалып, Семетей атасы Манасты тартып эл жеринин тиреги болобу же жокпу?- деп санааркап, психологиялык өтө чыңалуу абалында болуп, өзү үчүн өтө жооптуу мезгилдердин бирин башынан өткөрүп жатышы менен

байланышкан» - деп белгилейт, белгилүү  окумуштуу Райкул Сарыпбеков [21, 55].

Каныкей Тайтору чыгып келбесе, абал кандай болот деп кайгырат. Бул эненин баласынын келечегин билүүдө анын тагдырындагы бир жетишпестик эле эмес, бүткүл элдин тагдыры эмне болот деп кайгырганы. Бактыга жараша Тайтору байгеге коюлган алты жүз аттын алдына чыгып келип эненин күткөнү орундалып, өз элине, Таласына кайтууга үмүтү жанып, психологиялык абалы жакшырат. Тайторуну чабуу төлгөсү окуу китепте белгиленгендей «Семетейдин ак жолу ачылып, атасынын ордун басат, эл жерин таап, Мекенинин чыныгы коргоочусу, ээси болот» деген тилек.

Дегинкиси, адабият сабагынын программалык материалдарын түзүүчүлөр окуучуларды «Манас» үчилтигинин үлгүсүндө мекенчилдикке тарбиялоо маселесин өтө орчундуу маселе катары карашканын көрөбүз. Буга 5-класстын окуу китебине бириктирилген варианттан кыскартылып алынган «Манастын балалык чагына» байланыштуу материалдар да айкын күбө.

Окуу китепте орун алган материалдар боюнча эл Манастын ата журтту коргоочу баатырдык мүнөзүн, эл тагдырын чечкен, жетекчи көсөмдүгүн, эр жүрөктүүлүгүн азыркыдай кургак, жадатма акыл-насааттар менен эмес, түздөн-түз ишмердүүлүктүн негизинде тарбиялап калыптандырган. Манас айылынан өзү теңдүү кырк баланы жыйнап алып, аларды эки топко бөлүп, кадимки беттешүү, кагылыш оюндарын уюштурат. Эпосто элдик оюндар элдик тарбиянын эң күчтүү каражаты, жаш муундарды ата журтту сүйүүгө, коргоого, эрдикке, чечкиндүүлүккө, адамгерчиликке тарбиялоочу өзгөчө элдик мектеп катары каралат. «Манас» эпосундагы жаш муундарды мекенчилдикке тарбиялоо идеяларын ар тараптуу чагылдыруу жагынан 8-класстын программалык материалдары өзгөчө орунда турат. Сандык өлчөм менен алганда окуу китептин 376 бетинин 125 бети башкача айтканда «Манас» үчилтигин үйрөнүүгө арналган. Бул жагдай окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо «Манас» эпосун колдонууга кеңири мүмкүнчүлүк ачат. Биздин оюбузча окуу китепте «Манас» эпосуна мынчалык көлөмдүү орун берилиши педагогикалык өңүттөн негиздүү. Анткени биздин пикирибизче, эпостун мазмунундагы патриоттуулукка тарбиялоо темасынын төмөнкүдөй мазмундук-логикалык аспектилерин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- эпостогу башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпеш үчүн биримдикти бекемдөө, кубаттуу мамлекет куруу, калк арасында коом таламдуу гуманисттик салттарды сактоо, өнүктүрүү идеялары;

- каармандардын патриоттук өрнөктөрү, инсандык касиеттердин эл журттун, ата-мекендин алдында "парз" атуулдук милдет түшүнүгүнүн чегинде аңдоо, баалоонун чен-өлчөмдөрү;

- баатырлардын балалык чагына байланышкан баяндар аркылуу "мекенчил" инсанды тарбиялоо жаатындагы байыртадан түптөлүп, калыптанып келген тажрыйбаларды педагогикалык билим, көчмөн кыргыз коомунун тарбия салттарынын өзөгү катары иретке келтирип, бекемдеп, кийинкилерге өткөрүп берүү мотиви.

Эпосто кыргыздардын Ала-Тоо аймагын биротоло мекендеп, орун-очок алып калгандыгы таасын, көтөрүңкү маанайда, эмоциялуу чагылдырылган. Эпосто элдин үмүт-тилеги, ой-пикири эргүү менен даңазаланган өзгөчө ажайып кооз жер кыргыздардын өлкөсү - Талас киндик каны тамган жер деп айтылат. Ошондуктан Алтайда туулган Манас элин баштап Таласка келет, атасы Манас, жери Талас экенин билери менен Семетей Букардан кайтат, ошондой эле Кыястын колуна өткөн Сейтек Талас жөнүндө укканда «Кетем Талас жериме, баргым келет бадырек, калың кыргыз элиме» - деген бүтүмгө келет.

"Манас" эпосунда "Ата журт" түшүнүгү баарыдан мурда ага ажайып көрк тартуулаган өсүмдүктөр, жан-жаныбарлар менен өтмө катар байланышта каралат. Элдик идеалдагы каармандар жердеген, жашаган жерлердин жаратылышын поэтикалык түркүн боёктор менен көркөмдөп берүү, чыгармада ата журттун образын жаратуу, ага болгон сүйүү өңдүү башкы идея менен табигый түрдө айкалышат.

Окуу китепте «Манас» эпосунун тарбиялык идеялары тууралуу эң таанымал изилдөөчү педагогдордун бири Б. Исаковдун айтылуу «Манастын жети осуяты» (1998) аттуу эмгегинин негизинде берилген.

«Элдик оозеки чыгармалар казынасынан» - деген бөлүм 6-класстын адабият окуу китебинен (2018) да орун алган. Жанрдык жагынан алып караганда бул окуу китептеги оозеки чыгармалардын үлгүлөрү көп кырдуу, б.а. элдик ырлардын түрдүү жанрларын, эпостук чыгармаларды ичине алат. Алардын дээрлик баарынан окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоого тиешеси бар баалуулуктарды кеңири табууга болот. Алсак, мекенчил, баатыр бала жөнүндөгү каалоо, үмүт «Бешик ырларында» «Кулатып жоону

качырган, баатыр болоор бекенсиң?, Айласын жоонун табуучу, көсөм болоор бекенсиң» - деген эне тилеги аркылуу туюнтулса, «Жарамазан» ырында: «Жарамазан айтып келдик эшигиңе, Ак кочкордой уул берсин бешигиңе, Баатыр болуп чыкса кантесиң насибиңе, Байланыштуу баардыгы таазимиңе» - деп балдардын тилеги менен туюнтулат.

Мекенчил адамдардын өрнөктүү өмүрү адабият сабактарынан орун алган кошоктордун да негизги мотиви. Буга байланыштуу 6-класстын окуу китебинде (2018) өлгөн адамдын эл үчүн, мекен үчүн кылган кызматын тирүүлөргө үлгү катары даңазалаган «Дыйкандын аялынын кошогу», «Гүл ойрон» сыяктуу кошоктор орундуу берилген.

Алтынчы класстын окуу китебинде элдик эпостордун ичинен «Эр Төштүк» эпосуна көлөмдүү орун берилген. Бул чыгарма кыргыздардын эң байыркы доордогу дүйнө түшүнүктөрү, адамдын бул дүйнөдөгү башкы вазийпасы тууралуу көп кырдуу таалим-тарбия идеяларын чагылдырып турат. Төштүктүн образынан мектеп окуучулары эл журтка апаат алып келген Желмогуз кемпир, Кара дөө, Көк дөө, Чоюнкулак сыяктуу кара күчтөргө каршы күрөшүп, чыныгы элчилдик, мекенчилдиктин үлгүсүн көрө алышат. Төштүк бир эле адамдарды эмес көптөгөн канаттууларды, жаныбарларды сактап калып, алар менен достошот. Айбандардын баары Төштүктүн жакшылыгына жооп кылып ага кызмат кылышат. Алп Кара куш Төштүктү жер үстүнө чыгарып, эл журтуна кошот. Ошентип бул чыгарма аркылуу окуучуларда дүйнөдө адам өз эли гана эмес, жапан жаратылышты түгөлү менен коргоого милдеттүү, мекендин бүтүндүгү адамдар менен жаратылыштын тыгыз гумандуу мамилесинен көз каранды деген көз караште бекемдөөгө реалдуу өбөлгө бар.

Кыргыз адабияты сабагынын алкагында окуучуларды мекенчилдикке тарбиялоодо кыргыз поэзиясына таандык программалык материалдар өзгөчө мааниге ээ. Булардын ичинен эл ырчыларынын чыгармаларынын таалим-тарбия потенциалы тууралуу өзгөчө сөз кылуу зарылдыгы бар. Биз өз изилдөөбүздүн позициясынан мектептин адабий билим берүү чөйрөсүндө акындар же ырчылар чыгармачылыгын адабияттын чегинде гана кароо алардын өнөрүнүн маани-маңызын, эң башкысы көөнө замандардан бери калыптанган педагогикалык таанымдык, тарбиялык функциясын чектөө катары кабылдайбыз. Түпкүлүгүндө акын сөзү кыргыз тилине уйгур тилиндеги «акун», «ахунд» деген сөздөрүнөн оошуп кирген. Түп мааниси окумал, акылман, билимдүү, «эл билген», «эл башкарган»,

«элди баш коштурган» калк арасындагы кадырман киши деп чечмеленген [24, 325- б.].

А. Акматалиев Кыргыз адабиятынын энциклопедиялык сөздүгүндө «Эл ырчысы кыргыз элинин тарыхын, психологиясын, каада-салтын, үрп-адатын терең өздөштүргөн тарыхчы, этнограф, сүрөтчү, философ, бир сөз менен айтканда, тубаса энциклопедист болгон» - деп жазат. [2, 120]. Изилдөөчү П. Ирисов адилет белгилегендей «Тарбиялык функция ырчылык өнөрдө өзөк маселе болуп келгендиктен, дээрлик бул темада ырдабаган ырчы болгон эмес. Ал гана эмес тарбия темасында ырдоо ырчынын чыгармачылык талантын баалоочу критерийге айланган» [13, 120].

Адабият сабактары боюнча окуу китептердин мазмуну ырчылар чыгармаларын тандап алууда да таанымдык жана тарбиялык аспект башкы принцип катары жетекчиликке алынгандыгын көрүүгө болот. Бул маселеде 7-класстын окуу китебиндеги (2015) «Эл ырчыларынын чыгармаларынан» -деген бөлүм өзгөчө бөлүнүп турат.

Окуу китептериндеги элдик ырчы акындардын чыгармаларындагы инсан баалуулуктарынын эң өзөктүү салааларынын бири *«адам жана туулган жердин табияты», «адам жана мекен», «адам жана эл»* түшүнүктөрү. Демек, ырчы акындардын мекенчил инсандарды тарбиялоо боюнча көз караштарын бөлүп көрсөтүү анчейин татаалдыкты жаратпайт. Ошону менен бирдикте адабият окуу китептерине кирген чыгармалардын мекенчилдикке тарбиялоо идеяларын айрым өзөктүү көз караштардын негизинде талдап чыгуу оңтойлуу деген тыянакка келдик.

Салттык түшүнүктөргө ылайык элге жакындык, элчилдик адам инсанын баалоонун эң өзөктүү чен-өлчөмү. Бул жагынан ырчы акындардын чыгармалары оозеки дастандардагы мекенчилдиктин өрнөк үлгүлөрүн бир тараптан тереңдетүү, толуктоо, экинчи тараптан таасирин арттыруунун жаңы этабы болуп эсептелет. Элчилдик бул акындардын ниет пейили менен туткан позициясына да коюлуучу талаптардын бири болгон. Арийне, кыргыз элинин бай тарыхында канча акындар элдин элегинен өтпөй эс тутумунда сакталбай калды. Анткени, ырчы акындар арасында эптеп септеп жакындарын, колунда оокаты, бийлиги барларды жамактап “бекер ичкен ашы үчүн, бегин мактап” “менчик акын” атангандар да арбын болгон. Андай ырчы акындар элдик талаптардын даражасына көтөрүлө алган эмес. Андай акындардын оозунан кандай гана

кооз сөз чыкпасын таасир нускасы жугумсуз болгон.

Кыргыз акындарынын ырларында коллективдүү аң-сезимге негизделген көчмөнчүлүк жашоо образдагы *эл* түшүнүгүнө таянуу менен аны инсан баалуулуктарынын эң жогорку субстанциясы катары каралат.

Бул ойлор улуу акын Арстанбектин төмөнкү санат ырында өзгөчө таасирдүү бекемделген:

«Кайратың тоону бузса да,
Кашыгың көлдү сузса да,
Оозуңдан чыккан сөзүңө,
Зоо куланып, учса да,
Эл менен сен адамсың,
Элден чыксаң жамансың.
Кабарың күнгө жетсе да,
Жылдызга колуң жетсе да,
Жараткандын дүйнөсү,
Бүт колуңа өтсө да,
Эл менен сен бийиксиң,
Элден чыксаң кийиксиң».

Бул термеде Арстанбек элден чыгууну кийикке теңеп атканынын өзүнчө сыр мааниси бар. Салттык түшүнүктө *“кийик”, “жапайы адам”* символу.

Акындын көз карашында адам баласы багы башынан ашкан чакта кашыгы көлдү сүзүп, кабары күнгө, колу жылдызга да жетиши мүмкүн. Бирок адамдын өнүгүш даражасы адам коомунда гана өлчөнүп, өз баасын алат. Өмүр жашоосун көпчүлүктүн кызыкчылыгына багыштап, эл менен эл, журт менен журт болуп жашай албаса, жеткен жетишкендиктеринин баары түккө арзыбай калат. Демек, мындай адамдардан айрым жашоо мүнөз күткөн өзүмчүл инсандар ким болсо болсун, эгер адамдар коому менен ымалада жашоого көнүкпөсө жапайыдан айырмасы болбойт. Элдик эреже салттарга каршы келген осол жоругу менен ашкереленген адамдар коомдо жек көрүндү болуп «же элге батпай, же жерге жатпай», «күлү бир жерге додо болбогон» жанга айланат. Көчмөнчүлүк шартында мындай адамдардын кесепети тийбес үчүн жер которуп кетүүгө мажбурлашкан. Ошондуктан ата-энелери балдарын мындай тагдырга кабылбашы үчүн “Эл болбосо, эр болбойт”, “Эл ичи - алтын бешик”, “Казына казына эмес, эл казына”, “Элиң тынч жаның тынч”, “Алтын жерден чыгат, баатыр элден

чыгат", "Эки эрдин достугу бир белден ашырат, эки элдин достугу миң белден ашырат", "Эл – ыйык, элден чыккан – суюк", "Эл – мазар, элден чыккан – азар" деген сыяктуу макалдар аркылуу эң башкы дөөлөт элдин назарына илинүү экендигин кулагына куюп келишкен. Бул элдик эреже талаптар элдик ырчы акындар тарабынан ырга күүгө салынып, кишилик асыл касиеттердин үлгүлөрүнө айландырылган. Алсак, Токтогул Сатылганов жаштарга арналган ушул тариздеги «Үлгү ырларында» (7-класс)

Жаман адам белгиси –
Өз камы үчүн жүгүрөт,
Жакшы адам белгиси-
Эл камы үчүн күйүнөт –деп тыянак чыгарат.

Барпынын көз карашында чыныгы жигит коомчул ыкластын алып жүрүүчүсү. Акын 7-класстын окуу китебине кирген ырларында эркектер тобунун коомчулдук, мекенчилдик насилин ар тараптуу ачып берген. Барпынын баамында чыныгы жигит: «Элдин ишин тууралап, эч кимге кылбайт кыянат, өзүнөн улуу кишиден, адеп сактап уялат», «Кеңешин элге билгизет, береке пейил киргизет. Калк намысын талашат, Тууганына туу болот, душманына келгенде, чылап койгон уу болот». Эр жигиттин нарк-насили акындын «Санат» аттуу ырында төмөнкүдөй сапаттар менен толукталат: «Калың элдин калкасы, Болгон жигит жакшы экен. Кабар келсе бир жерге, Жеткен жигит жакшы экен. Кадыры элге бөтөнчө, Өткөн жигит жакшы экен. Адамга катык тийбеген, Майын жигит жакшы экен. Көпчүлүктү күлдүргөн, Шайыр жигит жакшы экен».

Атактуу Жеңижок акын:

Эрдик кылсаң бир сонун,
Эл эскерип жүргөндөй - деп эрдик жасап, эл адамы болуу ариет экендигин ырастайт.

Акын элчил адам гана алдуу, кубаттуу болоорун белгилейт.

Эстүү киши элим дейт,
Эл жактаган жеңилбейт.

Калыгул өз ырларында билим билип өз эли басаар жолун, бараар багытын аныктай алган адам гана өз элине пайдасы көбүрөөк болоорун белгилеп, мындай адамдын бейнесин түзүүгө аракет кылган.

*Жакшы чыккан азамат*
*Элин билет,*
*Элин билген ал адам*
*Билим билет,*
*Окуп, карап, ойлонуп,*
*Илим билет.*
*Эчен түрдүү адамдын*
*Тилин билет.*
*Чыгып турган ал адам*
*Чынар болот,*
*Чымчык сайрап, чынарга*
*Булбул конот,*
*Түбү жоон тамгалуу*
*Терек болот,*
*Көлөкөсү көп жанга*
*Керек болот.*
*Андай адам табылбай*
*Кайда болот.*
*Ошол чыкса дүйнөгө*
*Пайда болот,*
*Тийип турган асманда*
*Күндөй болот,*
*Макулуктун баарына*
*Бирдей болот.*
*Ошол адам ойлосоң*
*Кимден чыгат,*
*Ушул турган калайык*
*Элден чыгат.*

Калыгул заман оошкон чакта мурдагыдай жалгыз кайраттуулук, баатырдык элдин көйгөйлөрүн чечүүгө толук жетиштүү болбой калаарын, жаңы шарттарда жашоо илим билимди карым катыш түзгөн көп элдин тилин билүү талап кылынаарын нускайт. Дал ушундай элге ак караны таанытып, билим менен башкарууга дараметүү адам гана эл жакшысы аталып, «*түбү жоон тамгалуу терек болот, көлөкөсү көп жанга керек болот*». Мындай адамдар Калыгул айткандай бөлөк бөтөн жайдан келбейт, элдин өзүнөн гана чыгат. Муну менен даанышман ойчул чымырканып

аракет кылса карапайым адамдар ичинен чыккан ар кандай инсан өзүн элдик азамат деңгээлине чейин өстүрө алаарын айтат.Улуу акын түзгөн эл азаматынын бейнеси учурда инсан тарбиясынын идеалдарын айкындоодо эске алууга татыктуу.

Ырчылар чыгармачылыгында эл жерге карата арналган чыгармалар арасында «Ала-Тоо» менен аталган ырлар көп кездешет. Болгондо да бул темадагы б.а. «Ала-Тоону» ата-журттун образы катары чагылдыруу өткөн доордогу эл ырчыларынан тартып, профессионал адабиятыбыз көз жарган күндөн баштап, бүгүнкү жаш акындарга чейинкилердин баарында салтка айланган тема. Алсак, Осмонкул Ала-Тоонун бийиктигин –асманга жете заңкайтып, башында жаткан апакай мөңгүлөрүн күмүшкө теңеп шөкөттөсө, Алымкулда кыргыздын «күмүш көкүлдүү тоолору», «гүл жайнаган төрлөрү», «түрлүү куштар сайраган токойлору», б.а. кыргыз жеринин ажайып бир жайкы учуру сыпатталат.

Барпы башка акындардан айрымаланып, «Ала-Тоо» аны жердеген кутман кыргыз эли менен гана көркkө келип турарын өзгөчө белгилеп: «Акындар ырдай албайт тил болбосо, Ала-Тоо көркkө келбейт эл болбосо» -деп ырдаган. Тоголок Молдо «Ала-Тоо» деген поэмасында кыргыз жеринин көрктүү табиты, кен байлыктары, анда жашаган элдердин чарбасы, турмуш тиричилиги, пейили менен сыймыктанууга чакырат.

**Адабияттар:**


1. Абдымомунова, Г.А. «Манас» эпосунун негизинде жаштарды атуулдукка тарбиялоо. : пед. илим. канд. … дис. автореф.– Б. 2009.– 19 б.
2. Акматалиев А. Кыргыз адабияты: энциклопедиялык окуу куралы.-Б., 2004 -254 б.
3. Алимбеков А Кыргыз эл педагогикасындагы адеп тарбиясы.– Б.; 2018. – 112 б.
4. Алимбеков, А. Тил жана адабият сабактары этнопедагогикалык билимдердин булагы катары //Эл агартуу: Бишкек, 2007. – №1-2. 30-32 б.б.
5. Алимбеков, А. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көркөм педагогикалык концепциясы Социалдык билимдер журналы, 2011. №22 -134 -141 б.б.
6. Арстанбек / түз. Б.Кебекова. Бишкек:Кыргыз Энциклопедиясы, 1998.144-б.

7. Барт, Р. Зарубежная эстетика и теория литературы XIX-XX в.в. [Текст]: Трактаты, статьи, эссе. М.: МГУ, 1987. – 552 с.
8. Бахтин, М.М. Полное собрание сочинений в 7-ми томах. – М., 1996. – Т. 3.– 423 с.
9. Болкунова Е.В. Воспитательный потенциал раннего русского классицизма // Вестник Ставропольского государственного педагогического института. - Вып 1. - Ставрополь, 2003. С. 112-114 .
10. Волков, Г.Н. Этнопедагогика. Учебник для студентов средних и высших педагогических учебных заведений. – М.: ACADEMA, 2000. -168 с.
11. Гегель Г. Работы разных лет. М., 1971. Т. 2.
12. Ильин И.А. Путь духовного обновления. М., 1993. -211 с.
13. Ирисов П. Ырчылар чыгармачылыгы: Окуу китеп. Б.: “Бийиктик”, 2004. 212 б.
14. Каденова, Ж. «Манас» эпосунда бала манастын инсан, патриот катары калиптанышында элдик тарбия салттарынын ролу: пед. илим. канд. … дис. автореф.– Б. 2018.–26 б.
15. Киргизско-русский словарь Бишкек: Шам, 2000. - 992 с.106, 5-б
16. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 том / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. – Бишкек: Шам, 2004. – 215-216-б].
17. Мурас: Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Жеңижок, Токтогул ж.б. (түзүүчү Абдылдаев М.К.). - Ф., 1990. - 285 б.
18. Муратов,А . Ч. Айтматов жазуучу–этнопедагог. - Бишкек, 2006.- 298 б
19. Ормонов Т. Педагогические воззрение древних киргизов. (по эпосу «Манас»): автореф. дис. ... канд. пед. Наук. Казань, 1972 -17 с.
20. Роботова А.С. Художественно-образное познание педагогической деятельности средствами литературы: автореф. дис. … д-ра пед. наук / А.С. Роботова. - Наук. СПб., 1996. – 71 с.
21. Сарыпбеков, Р. «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы [Текст] / Р.Сарыпбеков.- Ф.,1987. – 55 б.
22. Сухомлинский В.А. Родительская педагогика // Избранные сочинения в 3-х томах. - М., 1981. - 341 с.
23. Ушинский, К.Д. Педагогические сочинения в шести томах.т.1.[Текст] / К.Д.Ушинский. – М.:Педагогика, 1988.
24. Юдахин, К.Д. О киргизском термине «Акын» [Текст] / К.Д. Юдахин. – М., 1953. – 325 с.

## Бешинчи бөлүм

# КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДАГЫ КЫЗ БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУНУН ИДЕАЛЫ

“Ар кандай коом адамдардын нарк насили кандай болушу керек?” – деген суроонун тегерегинде тынымсыз акыл калчап өзүнүн талап мүдөөлөрүнө ылайык адамдын бир моделин, идеалын жаратат. Бул адам адам болуп жаралган күндөн баштап аны өргө сүйрөп, улам жаңыланып, түркүмдөнүп, өнүгүп келе жаткан руханий болумуштун айкын фактыларынын бири.

К.Д .Ушинский белгилегендей “Ар бир улуттун өзүнө жараша идеал инсан образы бар, ал образ анын түптөлүүшүнө жана өнүгүшүнө түрткү берет” [21, 181].

“Бардык элдердин оозеки чыгармачылыгындагы каармандар адам баласынын табиятынын байлыгын мүнөздөгөн түрдүү сапаттар менен мүнөздөлөт. Жада калса эгерде, тигил же бул оң каарман жөнүндө бир же эки сөз айтылса, бул майнаптуу сөздөрдө жеке адамга берилген мүнөздөмөлөрдүн жалпылай жыйындысы чагылдырылат”, – дейт этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү Г.Н. Волков [6, 32]. Окумуштуунун көз карашына таянсак, “адамга берилген салттуу мүнөздөмөлөр алардын негизги сапаттарын баса белгилеп, адамдын татаал табиятын жалгыз гана аталган сапаттар менен чектебейт”, б.а. адамды сыпаттап көрсөткөн сөз, (алсак, Г.Н.Волковдун келтирген мисалдарынан «умница и красавица», «красна девица», «добрый молодец», «маленький да удаленький»), жөн гана, ал адамга берилген сыпаттоо эмес, ошондой эле анын жалпы адамдык турпатын, адаттарын, башкалардан айырмалап турган өзгөчөлүктөрүн да камтыйт.

«Кыргыздар сырт турпаты менен рухий көрөнгөсү шайкеш, төгөрөгү төп инсанды «чыныгы адам», «адамдын асылы», «адамдын адамы» деп сыпаттайт. Адатта, дүйнөдөн көзү өткөн, журт сүймөнчүлүгүнө татыктуу инсанды «андай адам кайра жаралбас», «кайран жан, адамдын адамы эле» деп, анын өрнөктүү жорук-жосундарын тирүүлөр үчүн үлгү тутушат» [3, 53].

Кыргыздар узак кылымдар өзүнүн дүйнө таанымында жашоо турмуштун бакубаттыгын, толуктугун аялдын куту, асылдыгы менен туташ биримдикте карашып “Дүйнө түркүгү”, “Үйдүн куту”, “Умай эне” сыяктуу

бүгүн да тарбиялык маани-маңызын жогото элек руханий-ыймандык аруулукту туюнткан метафора-символдорду жаратышкан. “Манастагы” Каныкейдин насили аял насилин максималдуу идеалдаштыруунун жемиши.

Жогорудагы адамды социалдаштыруунун идеалдары тууралуу түрдүү түшүнүктөрдүн негизинде кыргыз эл педагогикасындагы аялзатын салттуу нормаларга, этикалык стандарттарга ылайык социалдаштыруунун идеалдарын талдоого өтөбүз.

Кыргыздарда аялдарды социалдаштыруу идеалдары тууралуу сөз кылганда, улуттук аң-сезим менен салттуу турмушта бекем орун алган эки аспекттин көңүл сыртынан чыгарбай коюуга болбойт. Биринчиси, даанышмандык, калыстык, тапкычтык, айлакерлик сапаттары менен эпостордо жана реалдуу турмушта жашап келген Каныкей, Айчүрөк, Акыл Карачач, Айганыш, Кенжеке, Жаңыл Мырза сыяктуу аялзаттарынын идеалдары. Алардын ичинен улуттук руханий дүйнөдө алган даража орду жагынан Каныкейдин образы менен эч ким теңдешпейт. А. Алимбеков белгилегендей: “Эл Манастын образы аркылуу эркектердин идеалын жаратса, Каныкейдин образына өрнөктүү аялзаты жөнүндөгү түптүү түшүнүктөрүнүн баарын түгөлдөп жыйнаган” [3, 56].

Экинчиси, кыргыз элинин салттуу турмушунда аялзатынын сапаттары тууралуу педагогикалык концепттер кездешет.

Кыргыз эл педагогикасында аялзатынын ордун, коомдогу салмагын аныктап, көрсөтүп турган “Ак жоолук делбир”, “Ак көрпө жайыл”, “Жабуулуу кара инген” деген түшүнүктөр да учурайт. Тилчи, окумуштуу К. Карасаевдин “Накыл сөздөр” китебинде “Ак жоолук делбир” фразеологизмин мындайча чечмелеген: “Мындай аял сымбаттуу келет. Күйөөсүнүн кенедей да көңүлүн калтырбайт. Жоро-жолдоштору дайыма келип турат. Аларды сүйлөгөн сөзү, кылган кылыгы менен ыраазы кылат, үйүн таза кармайт. Балдарын куурчактай кылып кийиндирет. Маңдайы жарык болот”[13,18].

Элибизде “Ак көрпө жайыл ургаачы” фразеологизми кеменгер, мээрбан, адемгерчилиги, үлгүлүү жүрүм-туруму менен өрнөк боло алган аялзатына карата айтылат. “Жабуулуу кара инген” дегенибиз үй ишине тың, анын түйшүгүн мойнуна алган, уз, чебер, ушак менен иши жок, сабырдуу, көпчүлүктүн ишине активдүү катышкан аялга карата берилген мүнөздөмө.

Аялга карата мындай аныктамалар “Манас” эпосунда да

учурайт: “Ак көрпө жайыл ургаачы,
Аты элге дайын сындачы.
Жабуулуу катар кара инген,
Жакшысы элге билинген” [16, 105].

Жогоруда аталган фольклордук образдар жана салттуу түшүнүктөр кыргыз эл педагогикасында аялзатын социалдаштыруунун башкы ориентирлерин, өрнөктөрүн, критериалдык көрсөткүчтөрүн реконструкциялоого мүмкүнчүлүк берет.

Изилдөөнүн материалдары кыргыздарда, аялдардын социалдашуусунун негизги ориентирлерин, көрсөткүчтөрүн “Үйдүн куту, акыреттик жар”, Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги”, “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон, меймандостук”, “Мээрман энелик, табигый тарбиячылык”, “Мээнеткечтик, чебер уздук” сыяктуу түшүнүктөрдүн чегинде аңдап анализдөөгө мүмкүнчүлүк берди. Булар бири-бири менен байланыштагы түшүнүктөр.

**Үйдүн куту, татыктуу жар болуу.** “Кут” түшүнүгү жалпы түрк элдеринде кеңири таркаган түшүнүк. Анын семантикасы жөнүндө кыргыз элинин даркан жазуучусу Т. Сыдыкбеков мындайча ой жүгүртөт: “Кыргызда кут түштү” деген кеп бар. Кут бакыт, мээрим, жыргал. Кут-куттуу болсун, кут жаасын деген ишеним бар [19, 173]. Демек, “Аял үйдүн куту, очоктун куту” дегенде үй-бүлөдөгү ырыс, береке, жакшылыктын мол болушу аялзатына байланыштуу болот дегенди билдирет.




**1-сүрөт. Кыргыздарда аялзатын социалдаштыруунун идеалдык көрсөткүчтөрү.**

Үй-бүлөдө келин алуу, кыз чыгаруу, тиричиликти жандандыруу, тукумду улоо ата-бабаларынан бери келе жаткан адат салттардын учугу үзүлбөй уланып кетиши алган келининен көз каранды болот деген ишеним жашап келет. “Келиндин аягынан – койчунун таягынан” –деген макалдын жаралышына негиз болгон. Буга байланыштуу, А. Акматалиев: “Келиндин жагымдуулугу, шайдооттугу, төрөп-түшүп, ак этек басып, жабуулуу ак инген аталышы – эки тараптын бактысы, таалайы. Келген келин анчалык оор басырыктуу болбосо, желпинип айылчы аталса, аягы жер баспаса, жүргөн-турганы суюк болсо, желдүү көрүнсө, айыл ичинде тескери сөзгө алынса, баарынан да, үйдөгү турмушта октум-соктум көп, чыгаша арбын болсо ж.б. мүнөздөрү билинсе, мында уяттуу сөзгө илинет” [1, 117].

Элдик адеп боюнча үй куту болгон аял эң оболу өзүнүн өмүрлүк жолдошуна ызаат-ыйбаасы менен айырмаланат. “Эркектен ийменген зайып, элине сыйлуу көрүнөт”, - дегендей, келген жериндеги кайын ата, кайын эне жээк-жааттарын сыйлоо, оболу өз жарын сыйлоодон башталат.

**Сырткы ажар менен жан дүйнө арuулугунун шайкештиги.** Башка калктар сыяктуу эле аялзаты дегенде, анын сырткы сымбатын ажарына

өзгөчө маани берип, аны сулуулук менен асылдыктын башаты катары сыпатташкан. Аялзатынын сымбатын, сулуулугун, асылдыгын сүрөттөө үчүн аны табияттагы эң кооз заттар, келишимдүү буюмдардын образын колдонушкан. Алсак, элдик дастандар менен ырчылар чыгармачылыгында “Кардан аппак этин көр, Кар үстүнө кар тамса, Канды көр да бетин көр”, “Кырмызы көйнөк, айча бел, шекерди көр, сөзүн көр, Чолпонду көр көзүн көр, Кара сурдун сулуусу, Аялдардын улуусу, Узун чачтын ыктуусу, Ак жоолуктун мыктуусу”, “Коенду көр, белин көр, Жылдызды көр көзүн көр, Нурдуу кызыл бети бар, Бети айдай, Айчырайлуу, Тиши тунук акактан, Чийдей кашы чийилип, Турна моюн” – деген саптар кездешет. Бирок, калк тарабынан карандай сырткы келбет, эгерде жан дүйнө арууулугу менен айкалышпаса, эч кандай мааниге ээ болгон эмес. Ошондуктан, айрым мүнөздөмөлөрдө айымдардын сырткы келбети анын акылгөйлүгү, парасаттуулугу менен айкалыштырыла сүрөттөлөт. Айрым дастандарда, аялдын ички дүйнөсүнүн сулуулугу жана тазалыгы анын абийири, актыгы, тазалыгы жана айыпсыздыгы менен байланыштырылат. Буга байланыштуу «Манас» эпосундагы аялдардын образын изилдеген Н.Х. Бекмухамедова, Р. Сарыпбековдун «Арууке» ысымынын этимологиялык талдоосун берет: «Байыркы түрк тилинде «ару» деген сөз «таза», «тунук», «марттык» деген мааниде колдонулган. [5, 20]. Демек, аялзатын эл ичинде мына ушундан улам «асылзат» деп аталаарын айтсак туура болот.

**Айлакер акылман, тил билгилик.** Элдик түшүнүк боюнча аялзаты жароокер жар, коломтосун өчүрбөгөн үйдүн куту эле эмес теңтайлаш шериги, акылгөй кеңешчиси болууга тийиш. Көчмөн кыргыздарда үй-бүлө күтүп жар тандоодо ар дайым кыздардын акылы зирек, парасаттуулугуна маани беришкен. Элдик жомоктордун көптөгөн кейипкерлери акылы, билими аркылуу бак-таалайга жетет жана башка коом мүчөлөрүнөн жогорку даражада турат. Ошондой хандар койгон катаал суроолордун жообун көбүнчө карапайым бир абышканын кызы табат. Ушундай мааниде, эл оозунан түшпөй айтылып келе жаткан жомоктордун бири – бул «Акыл Карачач».

Жомоктун сюжети боюнча хандын табышмактуу суроолордун жообун таап, элди хандын азабынан кутултуп, көпчүлүктүн колдоосу менен эркиндикке жетет жана Акыл Карачач атка конот.

Адатта, кыргыздар келин алаарда же жар тандоодо, анын акыл парасатына өзгөчө маани беришкен. Алсак, эпостук каарман «Манас»

болочок өмүр шеригине: «Оюмда жүргөн кызды алам, Кереметі кеңди алам, Акыл-эси ошонун мени менен теңди алам, алты жылдык зыянды, биле турган кызды алам, акыл кошум жанымда, жүрө турган кызды алам» - деген талаптарды коёт.

Жогорудагы саптардан кыргыз элинин жакшы аял жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн өнүгүш динамикасы да ачык байкалат. Эпосто манасчы тарабынан аялзатынын акылдуулугуна, тил билгичтигине карай көбүнчө «Акылдуу», «Акылга терең», «Акылы артык», «Адамдан бөлөк акылы», «Ою терең, Ал Каныкей капыры, Адамдан бөлөк акылы», «Оюн терең жиберип», «Үзүлгөнүн улаган», «Ыраазы кыла сөз айткан» –деген эпитеттер арбын учурайт. Эпосто Каныкейдин акылмандыгын, кыраакылыгын чагылдырган окуялар арбын кездешет.

Н.Х. Бекмухамедова Каныкейдин көрөгөчтүгүн акыл көрөңгөсүнүн белгиси катары баалап, «Анын кыраакылык менен күн мурунтан көрө билүү жөндөмү, өзгөчө күч жана сыйкырдуулук менен чектелет. Бирок, бул өзгөчө сапатты эпос сыйкырдуу күчтүн таасири катары эмес, каармандын кыраакылыгы жана акылмандыгынын натыйжасы катары тартуулайт» -деп мүнөздөмө берген [5, 59].

Демек, акылман киши билимине, ой жүгүртүүсүнө, тапкычтыгына таянып, боло элек иштин агымын алдын ала айта алат. Эпосто Каныкейдин болжоосу туура чыкканына карабастан, Манасты эскертип жетишпей калат. Бирок, Манасты Көзкаман менен Көкчөкөз ууландырганда, Каныкей өзү да алар менен салгылашып жарадар болуп, Манасты тоону көздөй алып качат. «Ак жоолук башын туу кылып, аял башын эр кылып» арстан Манасты чыккынчылардын амалынан куткарып алган Каныкей, эсинен кеткен баатыр Манасты адам турмак, кузгун жолун таба албай турган үңкүргө алып барып жашырат. Уу ичип бир буту көрдө жаткан баатырды дарылап, бутуна тургузуу үчүн, албетте, Каныкейден тийиштүү медициналык билим талап кылынган десек жаңылышпайбыз, тагыраак айтканда, зарыл чөптөрдөн өз колу менен дары жасап, күндөп-түндөп, Манастын жанында сабырдуулук жана зиректик менен карап отурган Каныкейдин аркасынан, Манас бир өлүмдөн кутулуп отурат. Каныкейдин акылы, мындан сырткары, анын турмушка тыңдыгы менен да аныкталат.

Эпосто Каныкей акылдуулугу, кыраакылыгы, чебердиги жана кайраттуулугу менен баатырдын акылман кеңешчисине айланат. «Манас» эпосу баатырдын баатыр болушу үчүн, акылман аялы болуш керек» – деген

акыйкаттын нагыз мисалы боло алат. Айрым саптарда Манастын Манас болушун Каныкейдин кыраакы акылмандыгы менен байланыштырып сүрөттөлөт:

«Айкөл Манас көк жалды, Сайып
жүрүп бак кылган,
Эптеп жүрүп эр кылган, Эр
уулу менен тең кылган,
Ал Каныкей байбиче.
Үзүлгөнүн улаган,
Чачылганын жыйнаган,
Ордо күтүп жан кылган ,
Айкөл Манас султанды,
Ай-ааламга тең кылган». [17, 89].

Мындан сырткары, «Манас» эпосунда Арууке, Санамкүл, Ойсалкын аттуу аялдардын да баатырларга акыл-кеңешин айтып, өз жакындары менен элин ар кандай кыйынчылыктардан аман алып калган окуялардан мисал келтирүүгө болот.

**Кайын журтунун улуу-кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил.** Улууга урмат-сый мамиле өзгөчө аялзатынан көбүрөөк талап кылынат, себеби аялзаты эң биринчиден, бир үй-бүлөнүн келини болуп, анын баскан турганына, өзгөчө улуу кишилерге жасаган мамилесине көп көңүл бөлүнөт. Ушуга байланыштуу, ар бир аялдын билүүсү керек болгон кыргыз элинде тийиштүү салттар бар. Алсак, келинге коюлган талаптардын ичинен жүгүнүү жана ат тергөө адебин белгилөө керек. Жүгүнүү – «Орун-очок алуу, отурган жеринен ак этек табуунун өбөлгөсү. Төркүн-төсүнүн маңдайын жаруу. Келген үйүнүн, барган жеринин көңүлүн агартуу» болуп эсептелет [2, 37]. Ал эми ат тергөө – ата-бабабыздан берки адепти, ыйманды тутуунун бир түрү. Мында да улууларды урматтоо, кичүүлөрдү ызаттоо наркы-салты сакталган. «Ат тергөө – ата-энеңдин ар-намысы, барган жериңдеги жүзүң. Кыял жоругуң менен элге жаксаң, анда сенин орун-очок алганың» дейт [1, 39]. Мына ушул сыяктуу, салтсанаалардын бек сакталышы кыз-келиндердин адептик тарбиясынын белгиси болуп эсептелет.

**Тууган аралык биримдиктин данакери.** Аялзаты үйдүн куту болуусу анын тууган аралык мамилеге өтө жооптуу жана ыйык мамиле кылуусунан көрүнгөн. Анткени, «Тууганына батпаган, душманына

жалынат. Жакынына жакпаган, жат кишини жамынат» – деп Токтогул айткандай, эл аялдын насилин келген жериндегилер күйөөсүнүн туугандары, жээк жааттары менен ымалада жашоо абалына карап баалаган. Буга байланыштуу «Өсөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт, өзүңдү жаттай сыйла, жат жанынан түңүлсүн» – деген макал дал ушул элдик-адептик кодексти чагылдырып турат.

С. Иптаров белгилегендей: “Ага-тууган тарбиясы аркылуу жарандык, моралдык-этикалык сапаттары калыптанып, башкы көңүл ар-намыс, туугандык ынтымак, биримдик сезимдерин бекемдөөгө бурулган. “Дос жакшы, миң достон бир тамыр, миң тамырдан бир сөөк, миң сөөктөн бир жаман тууган артык”, “Туугандын азары болсо да, безери болбойт”, «Туугандын урушу, торконун жыртышы», «Түбү бирге биригет, учу бирге айрылат», «Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт» – деген адеп-ахлактык нускоолор адамдын туугандык, топтук, жамааттык жүгүн, милдетин көтөрө билүүгө тарбиялап, келечекте олуттуу, жаңыча инсандык, коомдук милдеттерди аткарууга даярдай билген [10, 64]. Өз кайын журтуна кара санап, сый-ызаат мамиледе жашай албаган аялдардын коомдо кадыр-наркы аз болгон. Элдик педагогика тууган менен сый ызаат мамиледе болуп кадырына жетүү үчүн, тиешелүү жоопкеричилик жана парыздарды орундата албаса, жат адамдан айырмасы болбой калышы мүмкүндүгүн «Сыйлашпаган бир тууган, атасы жат башкадай», – деп эскерткен. Кыргызда тууган аралык ынтымакты бекемдөөнүн «Боор матырыш» (батыруу) деген жөрөлгөсү бар. Бул жөрөлгөгө ылайык, туугандар катташпай алыстап кетпейли дешип маал-маалы менен бири-бириникине келип жүз көрүшүп, атайын даярдалган дасторкон үстүндө ичке каткан сырларын тууганча бөлүшүп, сагыныч кусалыктарын таркатышкан, боорун батырышкан. Туугандарына каттоосу сейрек, карамы, кайрымы жок адамдар «Таш боор» деп аталып, айланадагы эл журт ичинде кадыры болгон эмес.

Ушуга байланыштуу өрнөк, үлгү аял катары Каныкей эл ичиндеги, тууган-урук ортосундагы ынтымактын, биримдиктин данакери, образы. Анын данакерлигинен “Тууганды тууган кылган - аял” деген элдик түшүнүк ар тараптуу бышыкталат. Каныкей башка улуттун кызы болсо да, Манас баатырдын элин, улуусу менен кичүүсүн, карысы менен жашын, тактап айтканда, элин чын дилден ызааттап, башкаларга үлгү болот. Эпостогу кырк уруунун топтолуп, ынтымак менен бир максатка биригип,

улуу жеңиштерге умтулуусунун себеби да Каныкейдин көрөгөч, тил билгилиги менен сыпатталат.

Каныкейдин кыргыз жергесине болгон терең сүйүүсү, сый урматы "Семетей" бөлүмүндөгү "Каныкейдин жомогунда" терең сезим менен чагылдырылган. Анын тагдыры, бактысы да кыргыз жери, эли менен байланышта берилет:

"Бел байлаган белим жок,
Бекинип жаткан жерим жок.
Берендин зайбы деп турган,
Берешен кыргыз элим жок!
Көз айланса зоо да жок!
Калдайган каардуу тоо да жок!
Кайгырбагын жөнү жок,
Асылым, жеңем, койгун деп,
Көңүл айтып коюуга,
Аргын, кыргыз элим жок, - деп сыздайт [18, 123].

**Кең пейилдик, колу ачыктык.** Кыргыз аялзатына коюлган талаптардын дагы бир көрсөткүчү - бул колу ачыктык, берешендик, болгон дүнүйөнү тууган урук, эл менен көрүү. Каныкейдин берилгендик менен мамилесин, колу ачык, марттыгын, зиректигин Жакып жуучу болуп барган алгачкы ирет жолугушууда эле ачык байкаган. Жакып Каныкей үзүп алган алмасын теңтуштарына бирдей кесип таркатат. Жакып болочок келининин турмушка тыңдыгы, тапкычтык жана эптүүлүгү, жанындагы курбу-курдаштарына жасаган калыс, камкор мамилеси менен өзгөчөлөнүп тургандыгын баамдайт:

«Жетишпедим – дегенге
Жеңин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен»[17, 192].

**Жайыл дасторкон, меймандостук**. Кыргыздарда үйүнө келген жакын тууганыбы же чоочун адамбы, алардын баарын ылгабай ачык көңүл менен тосуп алып, дасторкон жайып узатуу салтынын өтө кеңири таралышы жана улуттук салтка айланып кетиши, алардын өткөндөгү көчмөндүк жашоо турмушунун өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланыштуу болгон. Ошондуктан, коногу үзүлбөгөн үй «Куттуу үй» деп аталган, ал эми адамдарга сый ызаат көрсөтүү жагынан ачык мүнөз, берешен адамдар журт ичинде эле эмес андан алыс жактарда да, чоң кадыр-сыйга ээ болушкан.

Бирок тигил же бул үйдө меймандардын такай келип турушу аялзатынын пейилинен, жайыл дасторкондугунан көз каранды болгон. Адатта, башка улуттун өкүлдөрү кыргыздар тууралуу кеп кылганда, биринчи кезекте алардын меймандостугун артыкчылык катары атайылап айырмалап, бөлүп көрсөтүшкөн. Буга байланыштуу, атактуу кыргыз жазуучусу Ч. Айтматовдун апасы Нагиманын Төрөкул Айтматовго турмушка чыгаар алдында, атасынын бата берип жатып эскерткени өзгөчө кызыгууну туудурат. Атасы минтип айтат: «Биз кыргыз тууганлардын арасында жашап келе жатабыз. Өзүң да ушул элдин ичинде чоңойдуң. Апаң экөөбүз сенин күйөөгө чыгышыңа, жактырган жигитиң менен кол кармашып, бактылуу өмүр сүрүшүңөргө макулбуз, экөөңөргө ак бата беребиз. Сага бир гана суроом бар. Ошого өз оозуңдан жооп уккум келет. Кыргыздар тууганчыл калк болот. Туугандарын аябай сыйлашат, урматташат. Бири-бири менен катташып, учурашып турушат. Эрте-кечине карабай топурашып келе бермей адаттары бар. Силердикине келген күйөөңдүн тууганлдарын көңүлүң жарык бойдон жүдөбөй кабыл алып, сыйлап, меймандап, аларды ыраазы кылып узатып көнүүгө жарайсыңбы, кызым?» [9, 24].

Мындан даанышман, кыраакы атанын кыргыз үй-бүлөсүндө тууган аралык карым- катышты бекемдөөдө аялзатынын жоопкерчилигинин жогору экендигин даана баамдап, өз кызын ошого татыктуу болуу жоопкерчилигин артып жаткан насаат таалимин көрүүгө болот.

Балдар инсан аралык ызаат сый мамилеге үйрөнүүнүн көп кырдуу мектебинен мейман тосуу, узатуу, мейманда, өзүн коомдо кабыл алынган эреже, жөрөлгөлөрдү аткарууга тикеден-тике аралашуу аркылуу өтүшкөн.

**Мээрман энелик, табигый тарбиячылык.** Көчмөн кыргыз коомунда аялзатынын бактысы эне болуу менен айкындалган. Ошондуктан, аялзаты үчүн «Дүйнөдөн так өтүүдөн» өткөн трагедия болгон эмес. Кыргыздарда «Балдар үчүн иштеп жатабыз», «Максатыбыз эле, балдарды бутуна тургузуп алуу», «Балдар биздин келечегибиз», «Балдар үчүн жашап атабыз», «Бактынын башаты балдарда», «Эртеңки коом бүгүнкү балдарга байланыштуу» – деген сөздөр ар бир ата-эненин өмүр жашоосунун маңызы катары калыптанып калган. Элибизде амандашуу, учурашуунун башкы максаты, негизи да балага байланышкан. Адамдар ал-жай сурашканда адресаттын бала-бакырасынын бакубат чоңоюп жаткандыгына байланыштырган. Мисалы: «Бала-бакыра аманбы?», - деп сурашса,

коштошуп жатып, «балдар аман болсун», «бетинен өөп кой», - деп жакшы тилектерин, ниетин билдирген.

Кыргыздар кыз балдар эс тарткан күндөн эле, эне болуу жоопкерчилигинин бийик стандарттары менен тааныштырып келишкен. Элдик түшүнүктө эне болуу – бул балдарга мээримин төгүп, алты санын аман өстүрүү менен бирге, аларды элдин керегине жараар бир адам кылуу сыяктуу, улуу милдеттер менен байланыштуу болгон. Буга байланыштуу, өздөрү тарабынан жараткан чыгармаларында эне жана тарбиячынын бейнесин, кишилик сапаттарын өрнөк ориентир катары жаратышкан. Эпосто жер жаңырта кыйкырып жарыкка качан перзент келет экен деп, күтүп отурган элдин оозуна Каныкейдин «Эл энеси» деп алына башташы, анын атынын ыйыктыгынан, эне катары сүтүнүн өзгөчө касиетинин барынан кабар берет. Анткени, эл баатыры Семетейге татыктуу тарбия берип, аны туура жолго коюу милдети жана сыймыгы Каныкейге берилди. Бирок, элдин тиреги, жол башчысы Манастын көзү өткөн соң, жесир калган Каныкей кан жуткузган күйүткө батып, далай кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Ошого карабастан, ал бүткүл кайгыны жеңип, душмандар сөөгүн кордобосун деп Манасты жашыруун түрдө көмөт, баатырга күмбөз тургузат, элдин жана анын баатырларынын ынтымагын сактоого аракеттенет. Уулуна болгон энелик мээрими, сүйүүсү, сыймыгынан күч алып, келечектеги кыргыздын ханы Семетейге эне да, ата да болуп, аны тарбиялап өстүрөт. Уулу он экиге чыкканда Манастын мекенине алып баруу максатын коёт. Бул жерде «Эл энеси» Каныкейдин эрктүүлүгү менен бирге элге кызмат кылууга умтулуу жана уулунун жарык келечеги үчүн күрөшүүдөгү өзгөчө күчкө ээ болгон акылы, зээни жана эстүүлүгү байкалат.

Эпостогу дагы бир акылман-тарбиячы эненин тагдыры, Алмамбеттин энеси Алтынайдын образы аркылуу жаралган. Калкына оор күндөрдү көрсөткөн Эсен канга каршы чыккан Алмамбет кытай элинин кан жана бектеринин кыжырына тийип алганда, анын атасы Азиз кан уулун колдобой коет. Ошондо Алтынай каңгай, манжуулардын арасында жашоо кооптуу болуп калганын байкап, уулунун өз жеринен кетүүсүн айтат:

«Улуктун калдың каарына,
Убара салар жаныңа.
Жалгыз туума жолборсум,
Каңгай, манжуу бул күндө,

Жайлуу жер сага болбосун,
Жайыңдын билдим оңбосун.
Тегерегиң темирден,
Торго калдың кулунум.
Тереңдиги кырк кулач,
Орго калдың кулунум.
Же сабырлык да кылбадың,
Жан күйөр жолдош жыйбадын.
Жайдарым жалгыз, Алмамбет,
Энекеңди кыйнадың.
Кагылайын каралдым,
Кыясы кымбат бел тапкын.
Кыйындык түшсө башыңа,
Кыйрашып берчү эл тапкын [17, 202].

Бул жерден эненин уулу менен коштошуп жатып, ага жан күйөөр жолдош жана кыйындык башка түшкөндө жардам берип колдоочу эл табуусун айтып, баласына берген акыл-насааты жана ага тилеген амандыгы гана эмес, ошондой эле эне мээрими Алтынайдын «Кулунум», «Жалгыз туума жолборсум», «Жайдарым жалгыз Алмамбет», «Кагылайын каралдым», «Асылым жалгыз Алмам» деген сөздөрүнөн ачык айкын көрүнүп турат. Тилекке каршы, кыраан энесинин берген кеңешин Алмамбет ишке ашырууга жетишпей калат. Алмамбет жолго чыгаарда Алоокенин алптары Коңурбай менен калмактын каны Жолой Алмамбетти кармоо үчүн келип калышат да, катуу салгылаш башталат. Ошондо энеси Алтынай уулунун амандыгын сактап калуу үчүн Коңурбайдын соккусуна өзүн тосо коет: «Ошондо ак байбиче энеси, Тору бээни миниптир. Түрмөктөлгөн кара чач, Төбөсүнө түйүптүр. Ажал жетсе өлөм деп,

Асылым жалгыз Алмама
Караан болуп берем деп,
Өлбөй тирүү турганда,
Кай муратка жетем деп,
Асылым, берен жалгызга,
Медер болсом экен деп,
Белсенип жоого киргени,
Кыбалап курчтан соктурган,

Кызыл түпөк сыр найза, Энекең
колго алганы.
Алмамбетке жеткирбей,
Алоокенин калчасын,
Бөйрөктөн тосуп калганы» [16, 204].

Демек, адептүү эне эч качан баласын кырсыкта жалгыз таштабайт, жада калса, жанын берүүдөн да тайманбайт.

«Манас» эпосундагы дагы бир өрнөтүү эне – Чыйырды. Сагымбай Орозбаковдун вариантында кытай-калмактар кыргыздарды чаап, туш-тушка таратканда Чыйыр деген өлгөн агасынын аялы Шаканды Жакып алат. Чыйырдын аялы делип жүрүп байбичесинин Шакан аты калып, Чыйырды аталып кеткен» [11,140]. Ал эми «Чыйыр» кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө «Из түшкөн жол, жол болуп түшүп калган из, ичке жол» дегенди билдирет. Бул жерде Чыйырдынын жашоосу жана мүнөзүнүн өзүн да өрнөк катары кабылдоо туура болот. Себеби ал өзүнүн акылмандыгы, турмуш тажрыйбасынын кунарлуулугу, көрөгөчтүгү менен башкалардан өзгөчөлөнүп турат. Алсак, Манас он эки жашында Ошпурдун колунда тарбияланып жүргөндө Канжар кол аттуу алпты жеңип, достору менен козу союп шишке сайып бышырып жегенин уккан Жакып малынын чачылганына жиндене баштаганда Чыйырды мындай дейт:

«Албагын жаман бейлиңе,
Аман жүрсө жеткирер
Сенин алыста кыргыз элиңе.
Аман болсо Манасың,
Күйүттүү кабак ачылат,
Күйүккөн кабак басылат.
Аман болсо Манасың,
Атамдан калган мурас деп,
Кең-Кол, Талас жер табат,
Айланып кыргыз эл табат» [17, 38-б.].

Чыйырдынын да «Боз ала шумкар Манасым», «Кара ала баарчын Манасым», «Айкөл жалгыз чунагың» деген сөздөрүнөн энелик мээрими байкалып, ошону менен бирге опосу жок куу малга кайгыруунун акылсыздык экенин белгилеп, андан көрө уулунун амандыгын тилеп, ага кайрат берүүнүн оң болоорун акылмандык менен Жакыпка үйрөтөт. Антпесе, кара калмак каптаган Каңгайдан, маңдайындагы манжуудан

кыйрашуучу далай жоонун коркунучунун бар экенин Чыйырды жакшы түшүнөт. Козумдун баарын союп, мүлкүмдүн баарын чачып салды деп Жакып Манаска жинденген учурлардын дагы биринде бөтөн жерди мекендеп, бөтөн элди журтум деп жүрө бере турган болсо, кыргыз урпагынын бара-бара жок болоорун баамдаган Чыйырды акылмандык жана кыраакылык менен Жакыпка акыл айтат:

«Сан дүйнө малды чачыңыз,
Арка кылып Манасты,
Бул Алтайдан качыңыз.
Бул Алтайдан качпасаң
Коруп алат мал оттогон талааңды,
Кармап кетет өлгөндө көргөн балаңды.
Кармаса соёт Акбалта баштап бириңди,
Манжуу кагат капкайда кеткен жиниңди» [17, 99].

Чыйырдынын мекенчилдигин Б.М. Юнусалиев «Чыйырды – элин, жерин сүйгөн балдарды тарбиялоонун бардык кыйынчылыгына чыдаган, дайыма адилеттик тарабында болгон патриот эненин элеси» деп таамай мүнөздөгөн [22, 33].

Ошентип, адептик-этикалык жактан идеалдуу аялзатынын сапаттары эң алгач «Эне» түшүнүгүнүн алкагында каралып, анын акылмандык сапаттары, эне мээрими жана балага берген тарбиясы жана насааты энелик адептин негизги элементтери экени белгиленди. Энелердин балдарын эл жердин намысы үчүн күрөшкө даярдоо боюнча салттуу түшүнүктөр азыркы адабиятта да чагылдырылып келет. Адабияттагы ошондой кубулуштардын бири – Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повести. Мында да, аялзатынын вазийпасы кеңири коомдук масштабдагы милдеттердин контекстинде ачыкталат.

Ү. Култаева белгилегендей: «60-жылдардагы Толгонайдын образында берилген кыргыздын нарктуу аялына таандык “Муундардын үзгүлтүксүз рухий байланышын камсыз кылуучу улуттук асылзаадалык касиеттер эми жалпы адамзаттык проблемалар: экологиялык кыйроо, руханий баалуулуктарды жоготуунун кесепетинен келип чыгуучу трагедия жөнүндөгү философиялык ойлор менен жуурулушуп кетти да, ааламды ойго салды. Адам баласындагы энелик менен жалпы табияттагы энелик бир бүтүндүктө, өз ара шайкештикте каралганда бул улуу сезимдин табигый күчүнүн ички булактары ачылып чыга келди» [14, 88].

**Эмгекчилдик, чебер уздук. А**ял кишиге да коюлган талаптардын бири – анын мээнеткеч табияты. «Манас» эпосунда аялзатынын мээнеткечтиги анын турмуштук шартта жасаган ишинен сырткары, бош убактысын текке кетирбей кол өнөрчүлүгү менен алектенүүсүн да камтыйт. Башка элдик эпостор менен «Манас» эпосундагы аялзатынын образдарын салыштырып изилдеген Н. Х. Бекмухамедова «Осетиндердин мифологиялык-баатырдык эпосунда Сатана аттуу каарман аял анын «Жүз уулу» үйдө жок кезинде миң койдун жүнүн сабап, чийлеп, ийрип, алынган кебезди жууп, кургатып, өлчөмүн албай туруп нарттардын баарына кийим тигип берет. Мындан сырткары, ачкачылык болгондо, Сатана камдап койгон азыктарын берешендик менен элге таратып берет», – деп белгилейт [5, 68]. Ал эми мындай эпизоддордун «Манас» эпосунунан да орун алышы арбын кездешет. Мисалы, Чоң казаттын алдында Каныкей алдын ала Бээжиндин ысык жер экенин эске алып, баатырлардын ар бирине кышында кийчү кырк тумак, жайдын аптабында кийчү кырк калпак, ок өтпөгөн тон, көйнөк, найза тийсе жыртылбаган, тешилбеген шымдарды, кырк өтүк ж.б.керек-жарактарды камдап коет:

«Кырк чорого кырк калпак,
Ысыктуу күндө кийип бак,
Ышынбай жоого тийип бак.
Жай киерге калпагың,
Жалпы баарын камдадым.
Даяр кылып алгамын,
Чоң куржундун түбүнө,
Чогуусу менен салгамын» [16, 90-91].

Каныкейдин камкордук менен даярдануусунан сырткары, жасаган жумушунун сапаты да, деталдуу түрдө сүрөттөлөт. Тигилген кийим кечектери климаттык же согуштук шарттарга туура келбей баатырларга ыңгайсыздыктарды жаратса эпсиз аял атыккандан айбыккан Каныкей жасаган ишине кылдаттык жана чоң жоопкерчилик менен мамиле жасайт. Атайын териден сапаттуу кийим тигүү үчүн, аны алгач кургатып, «Күндүн жүзүн чалдырбай, ак сандыкка каттырып» атайын боёкчуларга берип боётуп, тогуз ай бою бычып, кыркып, тегиз тигип, андан сырткары ок өтпөстүгүн текшерүү үчүн ок атып сынап көргөндөн соң гана баатырларга бардык кийимдерди тартуулоосу анын иш билгилигинен кабар берет.

Мындан сырткары, Каныкейдин көптөн камдап жүргөн жана өзүнүн бардык чеберчилигин, ишмерлигин, билермандыгын жумшап жасаган «Белектери» бир гана анын мээнеткечтиги жана уздугунан кабар бербестен, анын бүткүл элдин камы үчүн кайгы жеп, анын мекендин, журттун келечегине салым кошууга жасалган аракеттерин да билдирет.

**Баатырдык насил.** Аялзатынын баатырдык кайраты, насили жөнүндө айтылган аңыз-кептер дүйнө элдеринин бардык эпосторунда кеңири учурайт. Окумуштуу В.М.Жирмунскийдин пикири боюнча баатыр аялдардын образдары грек мифологиясындагы “Амазонкалар”, орус былиналарындагы “Каарман жоокер аялдар” (удалые поленицы), байыркы скандинав жана кельт эпикалык чыгармаларындагы жана Фирдоусинин “Шах-намесиндеги” баатыр аялдар (девы-воительницы) аркылуу берилген [8, 39]. Түрк тилдүү көчмөн элдерде аялдардын образы дээрлик бардык эпостордо учураган салттуу көрүнүш. Хакас элдик оозеки чыгармачылыгында “Алтын Арыг”, “Ай Хуучин”, “Ай-Арыг”, “Алтын-Сабах”, “Ах-Чибек-Арыг” өңдүү аялзатынын жоокердик, баатырдык мүнөздөрүн чагылдырган эпикалык чыгармалар кездешет. Көчүп конуунун, көчмөн турмуштун шарттарына ылайык аялзатынын ат минүүсү, кылыч кармап, согуштук аракеттерге шай туруусу мезгил талабы болгон. Бул сыяктуу эпизоддор камтылган кыргыз фольклорундагы эпикалык чыгармалардан “Гүлгаакы”, “Кыз Сайкал”, “Жаңыл Мырза”, “Кыз Дарыйка” жана башкаларды айтууга болот. Эпик каармандардын образдары көчмөн турмуштун социалдык шарттарынын табылгасы. Көчмөн түрк элдеринде шартка ылайык аялдардын көпчүлүгү кыска канжар менен жүрүшкөн. Эл-журттун тынчтыгын, сактыгын коргогон эр жигиттер узак убакытка жортуулга кеткенде коргонуу иши аялдар, карыялар жана өспүрүм балдардын мойнуна түшкөн, тактап айтканда, элди, жерди, мекенди коргоо үчүн аялдардын жигердүү катышуусун көчмөн турмуштун өзү шарттаган. Ошондуктан, душмандар менен согушта аялдар жароокер жар гана эмес, жакын жардамчы, кеңешчи болушу керектиги жөнүндөгү идеялар түрк элдеринин фольклордук чыгармаларында көп учурайт. Муну «Коркут баба китебиндеги» Бамшы Бейрек менен Кан Туралынын үйлөнө турган кызга койгон талаптарынан да көрүүгө болот.

Бамшы Бейрек атасына үйлөнө турган кызынын өзгөчө сапаттарын мындайча сүрөттөп берет: «Ата, мага мен ордуман тура электе ал турган, атыма мине электе ал минген, касыма жете электе башын алып келген кыз

керек». Кам Буура: «Балам, сен кыз эмес, шерик издеп жаткан турбайсыңбы» – дейт [4, 41-42 ]. Аңгемеде аң уулап жүргөн Бамшы Бейрек кийикти кубалап отуруп, көк шибердин үстүндөгү кызыл чатырдын жанына келгенде атат. Бану Чичек Бамшы Бейрек экендигин билгенден кийин, аны сыноо үчүн жарышууну туура көрүп: «Кел, сени менен бирге аң уулаганга чыгалы, ок атышалы, күрөшөлү, мени жеңгениң Бану Чичекти жеңгениң» – дейт. «Андай болсо, дароо аттаналы» – дейт Бамшы Бейрек [4, 39]. Экөө ок атышат, ат чабышып жарышат, күрөшүшөт, соңунда Бейрек Бану Чичекти жеңет. Ошондон кийин гана ал өзүнүн Бану Чичек болгонун айтат. Бул жерде көрсөтүлүп тургандай эле, баатыр эркек да, кыз да үйлөнө турган адамынын күчүнө, эр жигиттигине, алптыгына жана согушууну, күрөшүүнү билген өзгөчө сапаттарына жараша тандайт.

Бул жерде айтылып тургандай эркектер сыяктуу эле, аялдардан да акылгөйлүк, эрдик жана баатырдык сапаттар талап кылынган. Эр жигит да өзү сыяктуу баатыр, мекенин, элин, жок эле дегенде үй-бүлөсүн коргой ала турган кыздар менен үй-бүлө кургусу келген. «Коркут ата» дастанындагы мындай көз караштар жалпы түрк элдерине таандык түптүү салттардын катарына кирет. Алсак, кыргыз фольклорунда аялзатынын эркектерден кем эмес баатырдык жасай ала тургандыгын тастыктаган өрнөктөр арбын. Айтылуу «Манас» эпосунда Каныкей жароокер жар, үйдүн куту гана эмес, ата журттун эркиндигин, бүтүндүгүн сактоо, коргоодо Манастын теңтайлаш шериги, акылгөй кеңешчиси, чыныгы мекенчил инсан. Эпосто Каныкейдин аялдык асыл сапаттары менен бирге баатырдык турпатына арналган: «Кайраттуу энең Каныкей”, «Көкжал энең», «Кабылан катын Каныкей», «Жолборс жеңең Каныкей», «Бууданың жеңең Каныкей», «Опсуз балбан Каныкей», «Ойрон энең Каныкей» сыяктуу саптар да арбын. Каныкейдин кыз кезиндеги тайманбас баатырдыгын өз көзү менен көргөн Чубак Манаска мындайча сүрөттөп берет:

“Оо, баатыр кыздан чыккан шер көрдүм,
Буюрбасын, кабылан,
Мен кылымга татыр эр көрдүм”.

«Манас» эпосунда эркектерден аша жаа тартып, чабышкан аял баатырлардан Манастын биринчи аялы, Кайып хандын кызы Карабөрктү жана калмак ханынын кызы Сайкалды да көрсөтүүгө болот. Манасчылар тарабынан Карабөрктүн согуш куралдарын чебер колдоно алгандыгы

«Кырып салды», «Көзгө атат», «Жара атат» деген сыяктуу сөздөр менен берилген [16, 40-41].

«Кыз Сайкал» эпосунан кыз балдарды баатырдыкка тарбиялоонун кадыресе салты болгондугуна күбө болобуз. Эпостогу сюжеттерге ылайык ал Манастын бала кезиндегидей эле айтканын бербей чыйрак, кайраттуу каада күтөт. Бара-бара кажар күчүн элди, бей-бечараларды коргоого арнап олтуруп, акырында элди коргоо жоопкерчилигин мойнуна алууга жетишет. Анын баатыр катары калыптануусунун эволюциясын төмөнкү саптар ырастайт: "Бою өсүп болкоюп, он бештеги жигиттей, мойну узарып койкоюп".

Бара-бара Сайкал ыкчам өсүп жашы он бирге келгенде кадимки башка эпостун баатырларындай жалтанбас, эр жүрөк кыз катары айырмалана баштайт. «Кыз Сайкал» дастанында ал баралына келип, баатыр атангандан баштап, сырттан катылгандарга карай аттанып, мизин кайтарып турган. Эпосто баатыр кыздын эркин, күчүн, сулуулук менен айкашкан баатырдык мүнөзүн сүрөттөгөн "кайран", "берен", "баатыр" деген эпитет сөздөр көп кездешет. Традициялык түшүнүктөргө ылайык кыз бала канчалык баатыр болбосун, өзүнүн табигый эне болуу милдетин аткаруусу зарыл. Бирок, алардын айрымдары күч сынашып, эрдиги, шердиги өзү менен тең тайлаштарды тандашкан.

Дүйнөлүк оозеки адабиятта күч сынашып үй-бүлө куруу окуялары негизги мотивдерден. Мындай шарттан алып караганда, "Кыз Сайкал" эпосунда, Манас менен Кыз Сайкалдын жекеме-жеке сайышында, баатыр жеңилип кала турган болгондо "Манасты жеңсем кыргыздын бели сынар", - деп жеңишти Манас баатырга берет.

Элибиздин фольклордук чыгармаларында эркектер менен катар коюлуп сүрөттөлгөн баатыр аялдардын образдары көп болгону менен, Жаңыл Мырза сыяктуу эпик чыгарманын баш каарманы катары каралган учур аз эле. Алсак, "Жаңыл Мырзада" окуя баатыр кыздын айланасында өнүгөт. Кеменгерлиги, эрдиги менен нойгуттарга башчы болот. Намыстуу аялзатынын образы катары элдин намысына жараган, тиреги катары фольлордогу орду өзгөчө.

Ошентип, «Коркут баба» китебиндеги аялзатынын баатырдык насилине коюлган чен-өлчөмдөр кыргыз дастандарындагы өрнөктөр менен өтмө катар байланышта экендигин көрсөтүүгө болот.

Акындар «Обоскер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы»,- деген эзелтен калган эрежелерге таянуу менен ырларында үй-бүлөнүн куту, бардарлыгы, башкалар менен камыр-жумур катышып абийир табышы баары аялдардын нарктуу жорук-жосунунан көз каранды деп эсептешкен. Угармандарды да көбүнесе турмуштагы, айрыкча үй-бүлөлүк турмуштагы жакшы менен жамандын маани-маңызын таануу көбүрөөк кызыктыргандай. Ошондуктан, ырчылардын дээрлик көпчүлүгү санат жана терме ырларында бул түпкүлүктүү темадан кыйгач өтө алган эмес. Көбүнесе аялдардын жосунсуз жоруктарына басым жасашып, маңдайында санатын угуп олтургандарды андай адаттардан алыс болууга чакырышкан. Айрыкча, бул темадагы санат, термелер айрыкча кыз балдарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо, ал эми бойго жеткен уландарды жар тандоого багыттоодо өзгөчө мааниге ээ болгон.

Акылман Калыгул кадимки турмушта аялдардын турпатына туура келбеген жосунсуз жоруктары катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтөт:

Жаман катын белгиси –
Соксоңдой басып соку издейт,
Согончоктон ит тиштейт,
Баласын төргө чычырат,
Балтек, ме! – деп чыкырат,
Балтеги үйгө кирбесе,
Суску менен бир чабат,
Ырысы качкан жигитке,
Ошону менен аш куят.
Жаман катын белгиси –
Калдырак болот териси,
Карып болот эриси,
Талаага кетет талпактап,
Табагы жатат шалтактап,
Айылга кетет талпактап,

Аягы жатат шалтактап [12, 72]. Бул ырлардан баамдалгандай жаман катын белгиси обол үй-тиричилигине айрыкча жөндөмсүздүгү жана балдарын татыктуу багуу, асыроого алсыздыгынан, айылчылап убакыт өткөрүү өнөкөтүнөн көрүнөт. Андайлар баласын төргө чычырат, Балтек, ме! - деп чыкырат. «Баладай камыр жуурат, балдарынын заманасын

куурат». Дагы бир ырында аялдардын күнүмдүк тиричиликке даярдыгынын тайыздыгы төмөнкү деталдар менен толукталат:

Эки көмөч нан кылса,
Бети башы күл болот.
Аш бычагын колго алып,
Кырып-кырып тим болот.
Берген кудай албаса,
Кандай заман күн болот?! [12, 73]

Демек, мындан аялзатынын балдарды багуу жана тарбиялоо билгичтиги эң башкы критерийлердин бири катары каралган.

Аялзатынын жакшы жана жаман касиеттери Жеңижоктун ырларында да ыраатуу жана ар тараптуу ачыкталган. «Жаман катын» термесинде андайлардын «Жүргөн жери чуу болот», «Кебинде болот каары, көзүндө болот чаары, сырын билген жамааты, зыркырап качат баары». Жаман катындын пейли тар болот: «үйүнө конок кондурбай, алыс кылат жакындан, акылыңды туй кылбай, адаштырат акылдан, душманыңа басынтып, бийик кылат башыңдан». Меймандын көзүнчө башкаларга ийменбей сөз талашат: тили буудай кууруп, «үнү ат чабым жерге угулат». Акын жаман катынды бардык ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү кемчиликтеринин бирин калбай камтууга аракет кылат. Айрыкча аялдардын көч учурундагы жүдөө же тыкандыгын сын электен өткөрүп: “Боосу жок болгон баштыктай, ат үстүндө жүрө албайт. Куп карайтат жаныңды, кимге айтасың зарыңды”, - деп сыпаттайт [7, 152].

Жеңижок жаман аялдын жайлоодогу тиричилиги тууралуу баяндап, май, курутту аз камдап, кыштоого кайткыча жеп алып, кыш мезгилинде куру алакан калган зайыпты сүрөттөп, жаштарга “Эркектин жакшы болмогу, көбүнесе катындан, кармап ал таап асылдан” деп кеңеш берет: [7, 152].

Акын «Жакшы катын термесинде» кылымдан бери келе жаткан, элдин элегинен өтүп, эпостордо, дастанда жашап калган нарктуу аялдарды, тактап айтканда, Каныкей энеден тартып, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Желкайып, Кенжекан, Канышай, Жаңыл Мырза, Курманжан датка сыяктуу инсандардын идеалы тууралуу сөз кылат.

Аялдардын кем өксүктөрүн ачып көрсөтүү - Тоголок Молдонун ырларында да өзгөчө темалардын бири. Ал аялзатынын жаманы эркектин

мээнет менен тапканынын баркына жете албаган жугуму жок болоорун ачыктайт:

Айдатып барат найыпка.
Анча-мынча мал тапсаң,
Алдырып коёт айыпка! [20, 153].

Акындын чыгармасынын окшоштугу, тактыгы, көрүнүп турат. Жакшы аял Тоголок Молдонун саптарында:

Алмайынча бир жакшы,
Акылдуу жигит тынбачы.
Таалайыңа кез болуп,
Табылса жакшы ургаачы [20, 154].

Ал эми жакшы зайып Жеңижок акында:

Каныкей чыккан силерден,
Канча журтту имерген.
Калка болуп Манаска,
Калк үчүн ойлоп түнөргөн.
Кыз Сайкал, Жаңыл Мырзалар
Кем эмес чыккан бир эрден.
Айчүрөк чыгып асыл жан,
Ай, андай болбойт күйөрдөн! [20, 158].

Элибизде, улуттук каада-салтыбызда мейман баарынан улук деп саналат. Ошондуктан ага үйдүн төрүнөн орун берип, сыйлуу тамак менен сый көрсөтүшөт. «Конок келди кут келди» деп кубанышат. «Меймандын ырыскысы өзүндө» деп, кеткен чыгымды эске албаган. Акын «Жаман катын» ырынын соңунда: “Жаман болсо жигиттин, Өмүрлүккө курдашы, Анын кургабайт экен көз жашы! – деп калыс баа менен аяктайт [20, 154].

Ошентип, кыргыздардын салттуу педагогикалык маданиятында кыз балдарды социалдаштыруунун максаты жана мазмуну аларда татыктуу жар жана эне катары улуттук масштабдагы максималдуу үлгү, норма катары кабылданган “Үйдүн куту, акыреттик жар”, “Сырткы ажар менен жан дүйнө аруулугунун шайкештиги”, “Айлакер акылман, тил билгилик”, “Кайын журтунун улуу кичүүлөрүнө ызаатчыл, сыйчыл насил”, “Тууган аралык биримдиктин данакери”, “Кең пейилдик, колу ачыктык”, “Жайыл дасторкон, меймандостук”, “Мээрман энелик, табигый тарбиячылык”, “Мээнеткечтик, чебер уздук” сыяктуу сапаттардын калыптандырылышын камсыз кылууга багытталган. Кыз балдарды социалдаштыруунун мындай

идеалдары көркөм сөз өнөрүнүн түрдүү булактарында катталып, күндөлүк турмуш агымы, үрп-адат каада-салттар аркылуу трансформацияланып келген.

**Адабияттар:**


1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт – Бишкек: Баласагын, 1993. – 224 б.
2. Акматалиев, А. Каада-салт, үрп-адат, адамдык оң-терс сапат – Бишкек: Бийиктик, 2002. – 400 б.
3. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. – Бишкек: КББИ, 1996. – 80 б.
4. Алимбеков, А. Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар: жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы– Бишкек: 2017. – 272 б.
5. Бекмухамедова, Н. Х. Эволюция женских образов эпоса «Манас»– Бишкек: Эркин Тоо, 1997. – 118 с.
6. Волков Г.Н. Идея совершенного человека в народном воспитании // Советская педагогика.– 1971. –№10. – С. 107-113.
7. Жеңижок / түз. А.Жусупбеков.-Фрунзе:Кыргызстан, 1982.-19-254-б
8. Жирмунский, В.М. Тюркский героический эпос/ Избранные труды. Л.: 1974. 728 с
9. Жусуев С. Мен билген Чыңгыз.Ырлар жана эскерүү.-Б.: “Бийиктик”, 2008.- 52 б.
10. Иптаров С. Кыргыздын жан дүйнөсү. (этнолингвопе- дагогикалык илик) Б.: 2012. 234 б.
11. Исаков Б., Чоюнбаев О. Айкөл Манастын калыптанышы – Бишкек, 2009. – 238 б.
12. Калыгул Бай уулу. Акылман Калыгул. – Бишкек, 2000.
13. Карасаев Х. Накыл сөздөр: Тил казынасынан баян – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 368 б.
14. Култаева Ү.Б. Турмуш чындыгы жана көркөм образ: Макалалар, документалдык материалдар. – Бишкек, 2008. – 88 б.
15. Кыргыз макал – ылакаптары. Түз. Ж.Төлөев – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
16. Манас: кыскартылып бириктирилген вариант. – Фрунзе, 1958. – 1бөлүк, 1-китеп.

17. Манас: С. Орозбаковдун вариантында. – Фрунзе: Кыргызстан, 1979. – Т.4.
18. Семетей. Каралаевдин варианты боюнча. 1-2-китеп. -Ф.: Кыргызстан, 1986. - 238-б.
19. Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. Фрунзе: Кыргызстан, 1982- 345 б.
20. Тоголок Молдо. Чыгармалар: 2-т. – Ф.: Кыргызмамбас, 1955. – 204 б.
21. Ушинский К.Д. Избранные педагогические сочинения. – Таллин: Эстгосиздат, 1987. – Т. 1: Вопросы воспитания. – 459 с.
22. Юнусалиев Б. Кириш сөз. Китепте: Манас: Кыскартылып бириктирилген вариант – Фрнунзе, 1958. – 1 – бөлүк.

# КОРУТУНДУ

Салттык педагогикалык маданияттын тарыхына байланыштуу материалдар биринчи кезекте кыргыз коомундагы төгөрөгү төп инсан тибин, моделин талдоо үчүн кеңири жана бай мейкиндикти ачат.

Кыргыз фольклорунун чыгармаларында салттык педагогикалык маданияттын көп кырдуу баалуулуктары орун алып, күнүмдүк турмуш агымын коштогон каада-салттар аркылуу бекемделип олтурган.

Салттык педагогиканын булактарын талдоо элдин эмпирикалык тажрыйбасында азыркы тарбиялоонун мазмунун жана методдорун өркүндөтүүгө негиз болгон нукура педагогикалык билимдер бар экендигин көрсөттү. Алар азыркы кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктарын нукура улуттук нарктар менен өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Бурулча!
Монография бүттү.
Авторлор альфавит боюнча жайгаштырылды.
Кийинки кадамдар:

1. 
2. Рецензияларды алуу, топтоо. С.Рысбаевдин рецензиясын өзүм алып жөнөтөм. Инабаттан алгыла.
3. Бир кафедрадан, менимче ОшМПУнун Инабаттын кафедрасынан өткөрүү керек.
4. Окумуштуулар кеңешине сунуш кылуу, чечимин алуу.
5. Типография тандоо, тапшыруу, чыгаруу.

Эскертүү: каталар кетип калбасын, типографиядан баштапкы нускасын (сигнальный экземпляр) алып кайра текшерип чыгуу керек.

Басууга берилди: 26.11.2024-ж..

Тираж: 200 д.

“Билим” РБС, ОшМУ, Ош ш., Ленин көч. 331

## КОРУТУНДУ

Салттык педагогикалык маданияттын тарыхына байланыштуу материалдар биринчи кезекте кыргыз коомундагы төгөрөгү төп инсан тибин, моделин талдоо үчүн кеңири жана бай мейкиндикти ачат.

Кыргыз фольклорунун чыгармаларында салттык педагогикалык маданияттын көп кырдуу баалуулуктары орун алып, күнүмдүк турмуш агымын коштогон каада-салттар аркылуу бекемделип олтурган.

Салттык педагогиканын булактарын талдоо элдин эмпирикалык тажрыйбасында азыркы тарбиялоонун мазмунун жана методдорун өркүндөтүүгө негиз болгон нукура педагогикалык билимдер бар экендигин көрсөттү. Алар азыркы кыргыз коомунун улуттук тарбия идеалынын базалык баалуулуктарын нукура улуттук нарктар менен өнүктүрүүгө өбөлгө болот.

Басууга берилди: 26.11.2024-ж..
Өлчөмү 60×84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу.
Көлөмү 7,25 б.т. Нускасы 100.

«Улуу Тоолор» басмасы
Бишкек шаары, Үсөнбаев көчөсү, 149.